**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.23.673 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*

*УДК .............*

**МАМАТУМАРОВ АБУБАКИР ТАШТЕМИРОВИЧ**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи: педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов А.Ж.**

**Бишкек – 2024**

**ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**...............................4

**БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ**

1.1.Азыркы учурда башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окуунун максаты, милдеттери жана негизги багыттары...........................................................................................12

1.2. «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окуу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор...................................................21

1.3. Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун методологиясындагы педагогикалык-дидактикалык жана психологиялык негиздери..........................................................................................32

*Биринчи бап боюнча корутунду..............................................................52*

**ЭКИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары ....................................................56

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору .........................................................70

2.2.2 Изилдөөнүн эксперменталдык методдору

2.2.2.1. Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана жайынтыктары...........................................................................................84

*Экинчи бап боюнча корутунду...............................................................98*

**ҮЧҮНЧҮ БАП. «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕ КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ**

3.1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде көркөм окууну өткөрүүнүн баскычтары..........................................................................102

3.2. Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун каражаттары жана анын компоненттери.......................................................................108

3.3. «Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класс окуучуларынын көркөм окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу..........................................117

3.4. Табышмактарды жана жаңылмачтарды окутуу аркылуу башталгыч класс окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун ыкмалары.........125

3.5. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармалардын негизинде жазылган уламыштарды окутууда көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун технологиялары...............................................................................................134

*Үчүнчү бап боюнча корутунду...................................................................142*

**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР.............................146**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР....................................................149**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуу доорунда ар бир улут өздөрүнүн улуттук инденттүүлүгүн сактап, эл катары цивилизациядагы агымдан сүрүлүп калбаш үчүн күрөшүп келет. Бул үчүн коомдун маданияттуулугу, билимдүүлүгү, руханий жана адептик оң сапаттарга ээ болушу негизги талаптардын бири. Улутту, элди, кылымдар бою колдонулуп келген этикалык эреже-нормаларды сактоо жана аларды өркүндөтүү процессинде адабий чыгарманы окуу, алардын тарбиялык нуска-насааттарын туура алуу өзгөчө мааниге ээ. Билим берүү тармагында, анын ичинде көркөм адабияттын баалуулуктарын үйрөнүүдө коомдук-социалдык деградацияга алып келген кризистер болуп жаткандыгы соңку кездеги бир катары изилдөөлөрдө айтылып келет.

Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борборунун (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасы он беш жаштагы мектеп окуучуларынын окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгүн текшерүүгө биздин өлкө эки жолу катышып, 2006-жылы 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 өлкөдөн 65-орунду ээлеген. Алардын эксперименти боюнча биздин балдардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт, калгандары же окуй албайт, же окуганын түшүндүрүп бере албайт. Бул – окуу ишмердүүлүгүнүн бүт дүйнөгө айкын болгон кризиси, чоң трагедия. КР Президенти С.Н.Жапаров «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү (2021-ж.) жана «Улуттук нарк жөнүндө» (2022-ж) жарлыктарында азыркы жаштарды, алардын ичинде окуучуларыбызды адабий-маданий, руханий мурастар аркылуу билим жана тарбия берүүнүн зарылдыгын жана перспективаларын аныктап берди.

Кыргыз жерине туш тараптан келип жаткан массалык маданиятын туундулары: IT технологиялары, мультимедиялык компьютерлештирүү, виртуалдык дүйнө балдардын, жалпы эле адамдардын китеп окуу, көркөм

адабият менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн азайтып, алардын көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн чектеп коюуда. Ушундай коомдук-социалдык өткөөл шарттарда жалпы билим берүүнүн, анын ичинде адабий билим берүүнүн моделин китепти көркөм окуй ала турган окурманды өнүктүрүү багытына бурушубуз зарыл.

Башталгыч класстан тартып окуучуларды көркөм адабият менен тааныштыруу, аларга китепти көркөм окуу маданиятын үйрөтүү – мугалимдин башкы милдеттеринин бири.

Көркөм окууга жана сүйлөөгө байыркы грек ойчулдары жана ораторлору Демосфен, Платон, Аристотель, Перикл, Цицерон, Софокл өзгөчө маани берген, бул багытта М.В.Ломоносовдун (1711-1765) «Краткое руководство к риторике» (1743), «Риторика» (1748), Ф.И.Буслаевдин «О преподавании отечественного языка» (1844), «Опыт исторической грамматики русского языка» (1858), «Исторические очерки русской народной словесности и искусства» (1861) деген эки томдук эмгектеринде, Л.И.Поливановдун (1868), В.Я.Стоюниндин (1892), В.И.Водовозовдун (1871), В.П.Острогорскийдин (1885), Ц.П.Балталондун (1891) илимий-методикалык эмгектеринде окууга, анын ичинде көркөм окууга, окуганын айтып берүүгө өзгөчө басым жасалган.

Көркөм окуу ишмердүүлүгү В.В.Голубков (1962), О.В.Джежелей (1994; 1997), Л.Ф.Климанова (2000), М.Г.Качурин (1988), Н.Н.Светловская (1977; 1980; 1991), Е.В.Карсалова (1991), С.И.Колодезникова (2007), С.М.Костомина (2006), Л.Я.Кузьмина (2000), М.Пиримова (1981) ж.б. методист окумуштуулар тарабынан методологиялык деңгээлде иштелип чыккан. Бул ишмердүүлүктүн мааниси көркөм адабий чыгармаларга байланыштуу Г.У.Соронкулов (1989), К.Г.Нурахметова (1986), Т.М.Кунекова (2017), М.П.Бабаханова (1987) ж.б. кыргыз, казак, өзбек окумушууларынын кандидаттык диссертацияларында каралган. Кыргыз адабиятын окутуу илиминде Б.Алымов (1981), Б.Акматов (2016), К.Акматов (2018), С.Байгазиев (2004; 2005; 2006), С.Т.Батаканова (2010), К.Иманалиев (1973; 1976), Н.Ишекеев (1994), С.Момуналиев (2014),

А.Ж.Муратов (2009; 2013), С.К.Рысбаев (2006; 2015;) адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө көркөм окуунун маанисин белгилешкен.

Кыргыз башталгыч мектептеринде адабий окууга үйрөтүү боюнча, анын ичинде көркөм окуу багытында бир катар изилдөөлөр жүргүзүлдү. Башталгыч класста түшүндүрүп окутуу аркылуу баланын кебин (речин) өстүрүү (С.Турусбеков, 1962), эне тилин окутуунун өркүндөтүүдө сөздүк жумуштарды системалуу жүргүзүү (Х.Дөталиев, 1967), адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери (А.Токтомаметов, 1995), кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өнүктүрүү (С.Рысбаев, 2006), башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери (С.С.Сакиева, 2013), балдар ырларын окутуунун технологиялары (А.Т.Саттарова, 2019), азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүүнүн жолдору (К.Б.Миңбаева, 2016), балдар жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы (Г.Э.Маатазимова, 2021), башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы (Ч.А.Акматова, 2022), башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду үйрөтүү (Ж.Р.Шербаева, 2022), адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы (А.Ю.Мамырова, 2024) деген темаларда кандидаттык диссертациялар корголду.

Жалпы эле кыргыз мектептериндеги көркөм окуунун методикасы боюнча Ж.Дүйшеевдин «Мектепте көркөм окуунун методикасы» (2005) деген китеби жарык көргөн.

Башталгыч класстарда «Адабий окуу» курсун окутуу багытында жогорудагыдай бир катар эмгектер жазылгандыгына карабастан ошол процессте көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, аны өткөрүүнү өнүктүрүү боюнча атайын системалуу изилдөөлөр кандидаттык диссертация формасында жазылган жок жана бул проблема али да актуалдуу бойдон турат.

Бул актуалдуулуктун башкы *себептери жана карама-каршылыктары* төмөнкүлөр: башталгыч класстар адабий чыгармаларды көркөм окууга үйрөтүүнүн эң башкы платформасы болсо да, бул ишмердүүлүктүн табиятын, педагогикадагы тарыхын, методикасын илимий багытта изилдөөгө алган эмгектердин системалуу колго алынбай жаткандыгы; башталгыч класстарда адабий чыгармалар кеңири сунуш кылынып жатса да, аларды көркөм окуу технологияларынын улуттук педагогикада кеңири колдонулбай жаткандыгы; башталгыч мектеп мугалимдери тарабынан окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгү боюнча бир катар оптималдуу ыкмалар, каражаттар практикада пайдаланылып жатса да, алардын алдыңкы тажрыйбалары, сунуштары ар тараптуу үйрөнүлбөгөндүгү жана илимий жыйынтыктан өткөрүлбөгөндүгү ж.б.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын 2018-2023-жылдардагы илимий-изилдөө иштеринин планына кирет жана байланышып турат.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн илимий-методикалык негиздерин теориялык жактан негиздөө жана илимий жоболорду жана сунуштарды иштеп чыгуу, иштелип чыккан жыйынтыктардын оптималдуулугун тажрыйба аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Башталгыч класстарда окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн максат-милдеттерин, проблеманы изилдөөнүн тарыхын, азыркы абалын, «көркөм окуу» түшүнүгүнүн табиятын, функцияларын аныктоо.

2. Тема боюнча философиялык, лингвистикалык, адабияттаануучулук, культурологиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектерди методологиялык таяныч катары үйрөнүү, окуу программаларын, окуу китептерин талдоо.

3. Теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн концепциясына ылайык «Адабий окуу» предметинде окуучулардын көркөм окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун жалпы талаптарын, педагогикалык шарттарын, дидактикалык принциптерин, методдорун аныктоо жана мектеп мугалимдерине сунуштоо.

4. Иштелип чыгып, сунушталган методикалык ыкмалардын, жолдордун, каражаттардын оптималдуулугун педагогикалык тажрыйба аркылуу текшерүүдөн өткөрүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен аныкталат: башталгыч класстарда көркөм окууну уюштурууну, өткөрүүнүн максаты, милдеттери, азыркы абалы алгачкы жолу илимий багытта иликтенип, талдоого алынды; окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгү проблемасынын табияты изилденди, бул теманын изилдениш тарыхына обзор берилди; башталгыч класстардын окуу программаларында, окуу китептеринде, методикалык адабияттарды окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгү боюнча материалдардын сунушталышы анализденди; чыгармаларды көркөм окуу ыкмасы аркылуу окуп-үйрөнүдө окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун ыкмалары жана методикалык, дидактикалык принциптери иштелип чыкты; окуучулардын көркөм окуусун уюштуруу жана өткөрүү багытындагы изденгич мугалимдердин тажрыйбалары анализденди; көркөм окууга үйрөтүү аркылуу окуучулардын чыгармачыл компетенттүүлүгүн калыптандырууда текст менен иштөөнүн салттуу жана жаңычыл усулдары сунушталды; алар теориялык-методикалык жактан такталып, эксперименттен өткөрүлдү.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** адабий окууда окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы боюнча биздин изилдөөлөр жана андагы сунуштар мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүктөрүн жогорулатууга, окуу программаларын, окуулуктарды, методикалык колдонмолорду жакшыртууга,

унивестиеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иштерди жаздырууда көмөктөшөт ж.б.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- башталгыч класс окуучуларынын көркөм окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары туура аткарылса бул процесстин эффективдүү болушу;
- «көркөм окуу», «көркөм окуу ишмердүүлүгү» түшүнүктөрү дүйнөлүк педагогика аныктаган илимий негиздерге таянылып окуучу менен мугалимдин чыгармачылык байланышы менен биримдикте ишке ашылуусу;
- окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө заманбап талаптарга ылайык оптималдуу жана комплекстүү мамиле кылуунун зарылдыгы;
- тексти көркөм окуу менен окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн ишке ашыруунун педагогикалык-дидактикалык базасы түптөлөрү ж.б.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун методикалык, дидактикалык негиздери боюнча илимий-методикалык эмгектерди, практикалык иштелмелерди окуп-үйрөнүү, жалпылаштыруу, көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттыруунун методикалык негиздери изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылды. Сунуш кылынган теориялык жол-жоболордун майнаптуулугу педагогикалык эксперименттин иш-аракеттери аркылуу изденүүчү тарабынан же анын жетекчилиги менен ишке ашырылды. Жалпы корутундулар жана практикалык сунуштар изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан чыгарылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы апробацияланышы.** Диссертациялык тема боюнча илимий-практикалык конференцияларда (конференция, жылы менен ................) докладдар жасалган, тема боюнча илимий макалалар (......), окуу-усулдук колдонмолор (............) жарык көрүп изилдөөнүн жыйынтыктары апробацияланды. Иш аткарылган

жерде  – ЖАМУда, Диссертациялык кеңештин алдын ала коргоо жыйынында талкууланган.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** Жалал-Абад областынын Ала-Бука районундагы М.Сарыбаев, Н.Жайлообаев атындагы эки, Сузак районундагы №34 Ырыс, №54 Ысмайыл атындагы эки жалпы орто билим берүүчү мектептери, Жалал-Абад шаарындагы №17 орто мектеби жана №4 мектеп-гимназиясы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Илимий изилдөөнүн материалдары жана анын сунуштары, жоболору илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулган. Scopus даражасындагы ...... РИНЦ статусундагы ....  КР Президентине караштуу УАК талап кылган басылмаларда жарык көргөн. Диссертациянын негизги мазмуну ............... китепте, ............ макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 160, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 121, таблицалар – 20, сүрөттөр – 3.

# БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

## 1.1. Азыркы учурда башталгыч класстарда «Адабий окуу» предметинде көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн өткөрүүнүн максаты, милдеттери жана негизги багыттары

Башталгыч мектеп инсандын ар кандай компетенттүүлүктөрүн жана адамдык сапаттарын калыптандырууда чоң мааниге ээ болгондой эле адабий билим берүү ишмердүүлүгүндө өзгөчө ролду ойнойт, ал предмет гана болбостон, баланы тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн каражаты катары да эсептелет. Адабият – баланын өнүгүү жолунда башкы руханий баалуулуктардын булагы, анын окуу жана жазуу иштеринин фундаменти. Көркөм чыгарманын тили, көркөм образы, көркөм сөз каражаттары окуучулардын жалпы маданиятынын жогорулашы үчүн өмүр бою кызмат кылат.

Азыркы учурда балдардын китеп окуу кызыкчылыктары төмөндөп, бул процесс алардын маданий эстетикалык калыптануусуна терс таасирин тийгизүүдө. Окуу китеби баланын инсандык өнүгүүсүн алга жылдырууда жеткиликтүү деңгээлде натыйжа бербей жаткандыгы коомчулукта айтылып келет. Соңку жылдардын балдары биздин көз алдыбызды көркөм адабий чыгармалардын баалуулуктары менен таанышуудан оолактап, алардын табити ар кандай ужас, детектив, фантастика жанрындагы чыгармаларга жакындап кетти. Алар боевик, ужас, фантастика фильмдеринин каармандары менен жашап, ошолорду идеал тутуп, алардын артынан ээрчип бара жаткандай сезилет. IT технологиялары, алардын арасынан чөнтөк телефону, вотсап, телевидение, киновидеофильмдер, Internet ж.б. маалымат каражаттары балдарды китеп окуудан алыстатты.

Мындай жеңил-желпи китептердин, фильмдердин, ар кандай компьютердик оюндардын, тик-ток, ютуб сыяктуу пайдасыз көрмө каражаттардын таасирин азайтуу максатында адабий окуу сабагынын негизги концепциясын көркөм окуу аркылуу окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү проблемасына багыттоо күн тартибине курч коюлду.

Себеби, ал баланын текстин көркөмдүүлүгүн, көркөм образдуулугун, көркөм сүрөттөлүштөрүн тереңдеп түшүнүүсүн, аны менен жан дүйнөсүнүн калыптанышы үчүн китеп окурмандыгы калыптанат. Анткени текстин көркөмдүүлүгүн түшүнгөн бала гана ошол китепти окуууга аракеттенет. Көркөм окуу тексттин мазмунун көркөм сүрөттөлүшүн, образдарды көркөм чагылдырышын арттырууну камсыздайт. Качан гана бала ошол текстин көркөм сүрөттөлүшүн, текстин мазмунун өзүнө сиңиргенде гана андан нравалык азык ала алат. Эгерде, адабий окуу сабагында бала ушул нерселерге жетише алса анда азыркы коом ортого салган көйгөйлөрдөн арылуунун элементтери ачылат. Көркөм окуунун бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу ушунда. Кыргыз класстарында көркөм окууну уюштуруу боюнча илимий-методикалык колдонмолордун жоктугу, анын азыркы учурда педагогикалык процессте зарылчылыгын менен карама-каршы келүүдө. Көркөм окуу боюнча орус окумуштуу-методисттери, тажрыйбалуу мугалимдери тарабынан ондогон эмгектер жазылып, практикага сунушталган. Ал эми биздин кыргыз педагогдорунун арасында бул проблема коомдо анчалык актуалдуу эместей кайдыгер каралып келет. Мектепте класстан тышкаркы иштерде гана атайын тексттер менен иштөөдө көркөм окууну мугалимдер өз чыгармачылыгы менен илимий негизге таянбай эле, өз алдынча уюштуруп келишет. Аларга ылайыкталган атайын илимий-методикалык колдонмо жок болгондуктан бул ишмердүүлүк стихиялуу түрдө жүрөт. Ушул кемчилидиктер мектеп мугалимдерине көптөгөн кыйынчылыктарды жаратууда. Көркөм окуу тил жана адабият сабагында мугалимдин компетенттүүлүктөрүнө, мүмкүнчүлүктөрүнө. Мугалим өзүнүн дареметине жараша окуу програмасына ылайык окуу китебинде берилген чыгарманын үзүндүлөрү менен

тааныштырып, тексттин мазмунун ачып берүүгө аракеттенип, өзү текстти көркөм окуйт. Окуучуларга окуу сунушталса чыгарманын укулуктуулугу, көркөмдүүлүгү, автордун көркөм боёктору көмүскөдө калып, жеткиликтүү болбойт. Окуучу көп учурда тексти көркөм окуй албай калышы мүмкүн. Анткени анда көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандыруу иш жүзүндө уюштурулган эмес. Ушунун негизинде көркөм окууну уюштуруу башталгыч класстардан, асырысе, 1-класстан, алипеден тарта эле уюштурулса анда ал окуучуда андай көйгөй жаралмак эмес.

Көркөм окуу узакта калыптануучу процесс. Билим берүү мазмунунда адабий окууга үйрөтүү адабият сабагына даярдоо баскычы катары каралгандыктан көркөм окууну уюштуруу адабий окуу сабагынан башталып, жогорку класстардагы адабият сабагы менен толукталышы керек. Адабият сабагында гана эмес, эне тили, орус тили, чтения, русская литература сабактарында да уюштуруу зарыл. Алиппе жана тил сабагында тыбыштык кубулуштардын жазылышы жана айтылышынын айырмачылыктарын өздөштүрүү менен тыбышты туура, уккулуктуу айтуу ишке ашырылуусу менен баланын көркөм окуу көндүмдөрү башталгыч класстан калыптанып баруусу максатка ылайык. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрү муундап, туура, шар, сезимдүү окуу менен уюштурулуп көркөм окуу менен коштолуп барылышы биринчи милдет болуп саналат.

Ар бир мугалим окуучуларынын туура, шар, сезимдүү, көркөм окуусун жан дили менен каалашат. Аны уюштуруп жана жеткиликтүү алып баруу бир гана темада, бир саат сабакта ишке ашпайт. Ал үчүн интенсивдүү жана системдүү жумуштарды аткарып, бул процесске чыгармачылык изденүүлөрүн жумшайт. Узакка созулган бул ишмердүүлүк акыры натыйжасын берүүгө тийиш. Мына ушундай бүтүрүүчүнү даярдоону социалдык чөйрө, жалпы коом талап кылышат. Коом окурмансыз прогресске жетишпейт, окуган, билимдүү инсандар гана илим-техника жактан өзгөрүүлөрдү жаратып, адептик жактан тазаланып, коомду алдыга карай өнүктүрүп турат. Ошол өнүгүүнүн

жеткиликтүүлүгү, динамикасы эң биринчи кезекте мектептеги педагогикалык процессте ишке ашырылат. Ал эми окуу көндүмдөрүн калыптандырууга келсек, сабакта мугалим бир эле окуу көндүмдөрү менен эмес, ошол текстин мазмунун ачып берүүчү каражаттар менен иштөөсү зарыл болот.

Көркөм окуу баладагы чыгармага болгон эстетикалык табитин, сулуулук тууралуу, адамдагы оң-терс сапаттар тууралуу түшүнүктөрүн өстүрөт. Бала канчалык чыгарманын мазмунуна сүңгүп кирген сайын, анын ошончолук түшүнүү жана аны талдоо жөндөмдүүлүгү артып, чыгармага болгон көркөм-эстетикалык табити жогорулайт. Бала ошол чыгармадан эстетикалык баалуулук гана эмес, кандайча жүрүм-турумга ээ болуш керектигин үйрөнөт, ошол эле кезде эне тилинин байлыктарын өздөштүрүп, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптайт. Көркөм адабият аркылуу окуучунун интеллектуалдык жана маданий деңгээли жогорулайт. Окуу аркылуу баланын инсандык сапаттары калыптанып, анын гумандуу жүрүш-турушу, каармандарды өрнөк тутуу сезимдери жогорулайт. Көркөм окуу – артистикке үйрөтпөйт, анын милдети башкача, адабиятты тереңирээк үйрөнүүгө жол ачат.

Адабият аркылуу, анын ичинде башталгыч класстарда окутулган чыгармалар аркылуу окуучулар төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө жетишет:

- көркөм адабият эмне экендигин, анын табиятын, илимий, публицистикалык чыгармалардан өзгөчөлүктөрүн өздөштүрөт;
- адабияттын тектери (эпика, лирика, драма), түрлөрү (проза, поэзия, драма), жанрлары (ыр, поэма, аңгеме, тамсил, повесть ж.б.) жөнүндө түшүнүктөргө ээ болот, алардын бири-биринен айрымачылыктарын аңдап билет;
- адамды жана дүйнөнү, жаратылышты адабият аркылуу образдуу кабыл алуу ишмердүүлүгү калыптанат;
- адамды жана анын татаал дүйнөсүн искусство аркылуу таанып билишет;

- чыгарманын идеясын, темасын, образдарын үйрөнүп, аларга карата өз ой-пикирлерин билдирүү компетенттүүлүгүнө ээ болот;
- көркөм сөз менен таанышуу, көркөм окуу аркылуу эмоционалдык сезимдерин жогорулатат;
- адабияттан «өзүн көрө алат», жакын адамдарга салыштырып, айрымдарын окшоштурат;
- көркөм окуу аркылуу окуучулардын эстетикалык табити жогорулайт;
- текстти окуп-үйрөнүү процессинде башталгыч класс окуучуларынын кеп маданияты өркүндөп, эне тилинин лексикалык, грамматикалык, стилистикалык байлыктарына ээ болот ж.б.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» мындай деп айтылган: «...таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий-адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол-жобосун жүзөгө ашырып турган улуу феномен – тарбия механизми аркылуу гана коом – коом катары сакталып турат жана келечекке карай илгерилеп өнүгөт. Тарбия системасы дегенди көздөп отурган максаттын, андан улам алдыга коюлган милдеттердин, ал максат-милдеттерди жүзөгө ашырууга омок, база болуп бере турган тиешелүү мазмундун, ошол мазмунду инсандын жан-дүйнөсүнө терең сиңирүүгө жөндөмдүү таалим-тарбия методдорунун жана формаларынын өз ара ич жактан логикалуу байланышкан бирдиктүү тутумун түшүнүү зарыл. Демек, тарбия процесси деген бул – негизинде коом тарабынан, эл тарабынан ойлонулган, алдын-ала пландалган, атайын максат көздөп ырааттуу уюштурулган, башкарылып жөнгө салынып турган, өтүшү, жүрүшү жана берип жаткан натыйжалары көзөмөлгө алынып турууга тийиш болгон, өзүнө комплекстүү мамилени талап кылган олуттуу көрүнүш. Тагыраак айтканда, тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына

жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш» [49].

Мына ушул концепциянын парадигмаларын ишке ашырууда башталгыч класстарда окутулуп жаткан көркөм чыгармалардын мааниси өзгөчө чоң, анткени бала ошол куракта адабий чыгарма аркылуу өзүнө үлгү болуучу инсандарды, окуяларды, көрүнүштөрдү табат, адамды жана жалпы дүйнөнү аң-сезимдүү таанып биле баштайт.

Көркөм окуунун азыркы коомдогу педагогикалык зарылчылыгы жогорудагыдай коом бизге сунуштаган көйгөйлөрдүн чечилишине таасирин тийгизүү үчүн зарыл.

Окуу жана окуп түшүнүү компетенттүүлүктөрү башталгыч класстардагы сабат ачуу максатын гана көздөбөйт, ал кыргыз тили (эне тили) жана адабий окуу курстарын бириктирген, мектептеги башка окуу предметтерин өздөштүрүүнүн, кабыл алуунун негизин түзгөн педагогикалык аянтча. Бул курактагы балдардын окуу процессинде тыбыштарды фонетикалык кабыл алуу, үнүн чыгарып окуу, көркөм окуу, окуганын түшүнүү, окуу ылдамдыгы сыяктуу өтө зарыл ишмердүүлүктөр мамлекеттик стандарттар талап кылган деңгээлде аткарылбай жаткандыгы эл аралык эксперттер тарабынан да, өзүбүздүн окумуштуулар тарабынан де белгиленип келет. Окуганын кабыл алып, текстин негизинде ойлонууну талап кылган проблемалык суроолорго гана эмес жөнөкөй суроолорго да жооп берүүдө окуучулардын кыйналып жаткандыгы аныкталган. Бул жыйынтыктардан соң башталгыч класстарда окуу жана түшүнүүнү жакшыртуу, билим берүү стандарттарын дүйнөлүк билим берүү стандарттарына шайкеш келтирүү максатында бир катар билим берүү стандарттары, окуу программалары, предметтик стандарттар, базалык талаптар иштелип чыгып, башталгыч классстардын мугалимдерине сунушталып, алар ар кандай тренингдердер, окуулардан өттү.

Башталгыч билим берүүдө сабат ачуу, окуу жана жазууга үйрөтүү кандай орчундуу орунду ээлеп келген болсо, дүйнөлүк билим алкагына кошулууу менен (анын ичинде Балон системасы) болуп жаткан өзгөрүүлөрдө бул ишмердүүлүктөр дагы жаңы баскычка көтөрүлдү. Бул өзгөрүүлөрдүн талаптарына ылайык жана эл аралык практиканын негизинде кыргыз башталгыч класстарында окуунун тыбыштарды фонетикалык кабыл алуу (1), тексти туура (2) жана шар (3), түшүнүп окуй алуу (4), тексттин лексикалык, стилистикалык каражаттарын өздөштүрө алуу (5) деген негизги беш ыкма сунушталды. Бул окуунун базалык компетенттүүлүгүнүн негизги беш ыкмасы мурдаттан советтик системада келе жаткан салттуу окуудагы: туура, шар, сезимдүү, көркөм окууну дагы тереңдетти, окуучулардын жеткиликтүү деңгээлде туура, шар, сезимдүү көркөм окууга ээ болуусу аларда адабий билимдерге, окууга жана түшүнүүгө негиз болуучу сабаттуулук ишин уюштурууга жаңы көз карашты, окутуунун жаңы парадигмаларына шайкеш келтирүү көйгөйлөрүн пайда кылды. Бул маселелердин айрымдары мурдатан эле практикаланып келген жана азыр да практикаланып жаткан билим берүү стандарттарында, предметтик стандарттарда, окуу программаларында, окуу китептеринде, методикалык адабияттарды чечилгени менен адабий чыгарманы көркөм окууну жана окугандарын толук түшүнүүнү уюштуруу заманбап талаптарга ылайык жаңыча мамиленин зарылдыгын шарттады. Булардын ичинен көркөм окуу – тексттин ичине катылган жана подтекстеги нюанстарын ачып чыгуу өнөрү (искусствосу). Мына ушул өнөр аркылуу окуучулар ар бир чыгармадагы каармандарды, образдарды «кармап көрөт», автор гүлдү сүрөттөп жаткан болсо, анын жытын «жыттап көрөт», сүйүктүү каармандар күлсө – күлүп, ыйласа – ыйлайт. Мына ушунун өзү коркөм тексттен окуучу алган руханий жана эстетикалык байлык болуп, анын эң алгачкы фундаментин ушул башталгыч класстары гана берет. Тексти көркөм окууну уюштуруу калган окуу ыкмаларын ишке ашырууда башат болуп берет. Ошондой эле окуунун базалык компетенттүүлүгү илимий-методикалык адабияттарда «окуу көндүмү», «окуу ыгы» сыяктуу аталыштарда берилет. Алар баланын туура, шар, эмоционалдуу,

көркөм окууга жатыктыруучу адабий окуу курсундагы негизги ишмердүүлүктөрдүн бири. Мындай окуу алардын личносттук жана психикалык өнүгүүсүн да шарттайт. Окуучулардын окуу көндүмдөрү ушул предметте калыптанат жана өнүктүрүлөт.

С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аттуу доктордук диссертациясында [92, 82-83] окуунун төмөнкү түрлөрүн белгилейт:

- окуучунун текстти өз алдынча окуп чыгуусу;
- мугалимдин алгачкы жолу текстти окуп берүүсү жана текстти окуучулардын кайрадан окуп чыгуусу;
- берилген тапшырмалардын негизинде тексттин бөлүктөрү боюнча өз алдынча окуп чыгуусу;
- купуя окуу;
- жарыя окуу;
- көркөм окуу.

Бул көндүмдөрдүн схемасы мындай түзөт.

**Таблица 1.1. – Башталгыч класстардагы жарыя окуунун курамы**

| к/№ | **Китеп окушу** | ылдамдыгы (1 минутада канча сөз окуйт) | Окуганын түшүнүүсү | Кетирген каталар |
|---|---|---|---|---|

| | Окуучунун аты- | муундап | Муундап-сөздөп | Муундап-туура | муундап - | 30-40 (1-класс) | 60-90 (2-4-класс) | окуганын түшүнөт | окуганын | катасыз | сөздөрдү | сөздөрдөн | кетирген катпар окуйт | сөздөрдү таштап |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | | |

**Таблица 1.2. – Башталгыч класстардагы купуя окуунун курамы**

| к\н | Түшүнөт | | Текстти окуу ыкмасы | | | Окуунун ылдамдыгы | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Мааниси** | **Көз жүгүртүп окуйт** | **Шыбырап окуйт** | **Үнүн чыгарбай окуйт** | **70-80 сөз** | **81-100 сөз** | **101-120 сөз** | **121-140 сөз** | **141-160 сөз** | **161-180 сөз** | **181-200 сөз** |
| | | | | | | | | | | | | |

Окуу көндүмдөрү жана көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана балдарды окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылууда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүү системага салынып, кенже курактагы балдарга адабий окууну үйрөтүү атайын изилдөөнүн объектисине айланып, өз алдынча илим катары түптөлүп, калыптанып калганы баарыбызга белгилүү. Е.А.Адамович, Т.В.Завадская, Н.С.Рождественкий, Н.Н.Шепетова, Н.А.Шербакова, В.И.Яковлева, М.И.Оморокова, Е.А.Никитина, М.Р.Львов, Т.Г.Рамзаева, Н.Н.Светловская, В.А.Лазарева, О.В.Джежелей, Л.А.Ефросинина жана башка советтик окмуштуулардын эмгектеринде башталгыч мектепте

адабий окууга үйрөтүүнүн теориясы жана практикасы жана окууга, жазууга үйрөтүүнүн жолдору жалпылаштырылып изилденген. Окуучунун чыгарманы активдүү окуусу жана түшүнүүсү, үнүн чыгарып окуусу, тыбыштарды туура айтып, тамгаларды таануусу, окуганын башкаларга жеткирүүсү (класста, үйдө, социалдык чөйрөдө ж.б.) бул биринчи кезекте көркөм окууга байланыштуу. Мындай ишмердүүлүктө мектеп мугалимдеринин милдети – кенже мектеп жашындагы балдардын адабий билимдери окуу техникасы (минуталык өлчөм жана баалоонун теңдештирилген картасы) менен гана ченелип, курулай жаттоо, кургак баяндоо жана окуу көндүмдөрүнүн так көрсөтүлбөгөн өлчөмү менен алардын компетенттүлүгү ченелип келе жаткандыгынан чыгуу, чыгармачылык аракет менен бул ишмердүүлүктү жакшыртуунун жолдорун табуу. Башталгыч классты (4-класс) бүтүрүп жаткан окуучунун талапка ылайык окуу көндүмдөрүн ээ эместиги – бүгүнкү кыргыз педагогикасында эң бир орчундуу проблемалардын бири.

### 1.2. «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окуу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор

Окуу ишмердүүлүгүн, көркөм окуу проблемасын жана окуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселесин изилдөөнүн тарыхы чыгармалар, китептер менен таанышуу башталган, байыркы Кытай, Индия, Греция маданияттары менен байланышат. Орусияда К.Д.Ушинский «Детский мир» (1860), «Родное слово» (1884) деген окуу китептерин балдардын көркөм окуусуна, окуганын түшүнүүсүнө жана тексттин соңунда ар бир окурман мораль чыгарууга ылайыктап жазган. «Азбука», «Первая после азбуки», «Вторая после азбуки» деп аталган үч бөлүктөн турган «Родное слово» аттуу китепти жүз кырк жылдан бери ушундай мазмундагы башка китептерге методологиялык жол көрсөтүп келет.

Л.Н.Толстой (1828-1910) 1857-жылы Ясная Поляна айылында өзү ачкан мектеби үчүн «Азбука» (1872), «Новая азбука» (1872) деген китептерин, «Книга для чтения» деген төрт китептен турган окуулугун (1875) жазып, өзү сынактан өткөрүп, өзү мугалим катары колдонот. Орус коомчулугунда В.И.Водовозов (1825-1886), Ф.И.Буслаев (1818-1897), В.П.Острогорский (1840-1902), В.Я.Стоюнин (1826-1888) ж.б. методисттер орус адабиятын окуп, окурманды тарбиялоо, окууга көнүктүрүү теорияларын сунуш кылган. Кийин бул багытта Ц.П.Балталон (1855-1913), Х.Д.Алчевская (1841-1920), Н.А.Рубакин (1862-1946), А.П.Нечаев (1870-1948), М.А.Рыбникова (1885-1942) активдүү иш жүргүзгөн. Алар адабий билим берүүнүн башаты катары окуу ишмердүүлүгүн атап өтүшкөн жана методикалык эмгектеринде ошол ойлорун далилдешкен.

Көркөм окуунун тарыхындагы көрүнүктүү эмгек Ф.И.Буслаевдин «О преподавании отечественного языка» (1843) деген китеби. Анда адабий чыгарманы кабыл алуунун бир ыкмасы башкаларга үн чыгара окуп берүү деп эсептеген. Ф.И.Буслаевди көркөм окуу программасын негиз салган (аны «генетикалык» деп атаган) методист катары атап келишет. К.Д.Ушинский болсо мугалимди туурап, аны ээрчип көркөм окуу керектигин айтып, индивидуалдуу окуу менен бирге эле хор менен окууну сунуштаган.

XIX кылымда орус методисттеринде «выразительное чтение» деген термин менен бирге эле «декламация» жана «художественное чтение» деген термин-түшүнүктөр колдонулган.

Советтик мезгилде Л.В.Благонадежин, Н.А.Бодрова, Л.И.Беляева, Л.Г.Жабиц, О.И.Никифоров, Н.Д.Молдавский, М.Д.Пушкарев, Л.Н.Рожин, ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде көркөм окуу жана окуу көндүмдөрү ар түрдүү аспектиден каралган. В.А.Бородинанын «Читательская деятельность: теоретический аспект» [29, 6-28] аттуу эмгеги, С.А.Аничкиндин «Эстетическое воспитание детей младшего школьного возраста на уроках чтения и во внеклассной работе» [17], О.Н.Сороцкаянын «Формирование нравственных представлений у младших школьников на уроках чтения» [100],

В.И.Иynovанын «Внеклассное чтение как одно из средств руководства самовоспитанием младших школьников» [41] деген темаларда кандидаттык изилдөөлөрү дал ушул биз изилдеп жаткан проблемага арналган. Н.Н.Светловская «Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения» [98], Н.Б.Берхин «Эмоциональное развитие школьников на уроках литературы» [25] деген темаларда докторлук диссертациясын коргогон. О.В.Джежелейдин эмгектерин [32; 33] өзгөчө белгилеп көрсөтүүгө болот, ал көркөм окуу, жалпы эле окуу ишмердүүлүгү процессинде окуучулардын кеп маданиятын өнүктүрүү проблемасын изилдеген.

Кыргыз педагогикасында 1924-жылы Ташкент шаарында басылган Ишеналы Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси» деген окуу китебинен тартып эле текстти көркөм окууга өзгөчө көңүл бурулган. Ошол китепке «Калб (калп) ырлар», «Чын ырлар», «Тору тай», «Табышмактар», «Сокур кыз менен жетим кыздын табышмагы», «Санат ырлар» ж.б. чыгармаларды киргизип, аларды окууга жана түшүнүүгө ылайыктаган. 1926-жылы К.Тыныстановдун «Чоңдор үчүн алиппе» (К.Тыныстанов), 1927-жылы «Жаңырык» (И.Арабаев менен К.Карасаев), 1930-жылы «Кызыл жылдыз» (М.Бактыбаев) жана «Биздин мектеп» (Эшенаалы, Султан, Сатыбалды), 1931-жылы «Кичинекей колхозчу» (С.Наматов), 1932-жылы «Сабаттуу колхозчу» (С.Нааматов), 1933-жылы «Алиппе» (С.Наматов), 1936-жылы «Алиппе» (Б.Жунушалиев) 1937-жылы «Алиппе» (Т.Саманчин), 1938-жылы «Алиппе» (К.Каримов, Т.Актанов, А.Кошоев) деген китептер жарык көргөн. Бул китептер негизинен окуунун биринчи жылындагы балдарга жана чоңдордун кат сабатын ачуу курстарына (ликбез) арналып, тамга таанууга, сөздөрдү кураштырып окууга, текстти шар, уккулуктуу жана көркөм окууга багытталган. Бул ишмердүүлүктө Касым Тыныстановдун өзгөчө салымы зор болгон, анын 1924-жылы «Окуу китеби» [114], «Окуу-жазуу бил» [115], 1927-жылы «Биздин тил» [112], 1929-жылы «Жаңы айыл» [113], 1931-жылы «Эне тилибиз» [116] деген китептери алгачкы

жылдардагы балдарга окуу ишмердүүлүктөрүн үйрөткөн окуулуктар катары маданиятыбыздын тарыхында өзгөчө орду бар эмгектер болгон. Тексттерди көркөм окуунун кийинки этабы адабият хрестоматияларындагы материалдар менен байланыштуу болду: М.Абдыкеримов «Адабият хрестоматиясы» (1938) [12], 4-окуу жылына арналган «Адабият хрестоматиясы» (1933) [13] деген китептерин чыгарса, А.Осмонов жана М.Кырбашев XIX кылымдын адабият хрестоматиясын (1939) [76], У.Абдукаимовдун 3-окуу жылына арналган хрестоматиясын (1933) [2] чыгарган.

Жогорудагы XX кылымдын 20-30-жылдарындагы башталгыч класстар үчүн окуу китептеринде жана хрестоматияларда көркөм окуу үчүн көптөгөн тексттер киргизилген. Аларды мындай классифакациялоого болот.

**Таблица 1.3. – XX кылымдын 20-30-жылдарындагы башталгыч класстар үчүн окуу китептеринде жана хрестоматияларда көркөм окуу үчүн сунушталган чыгармалар**

| | **Адабияттын тарыхый этабы** | **Автор жана чыгарма** |
|---|---|---|
| | Улуттук фольклор | «Манас», «Курманбек», «Эр Төштүк»<br>Санат-насыяттар<br>Макал-ылакаптар<br>Табышмактар<br>Калптар (апыртмалар) |

| | | |
|---|---|---|
| | Төкмө жана жазгыч акындардын чыгармалары | Б.Алыкулов, Т.Сатылганов, А.Үсөнбаев, Ы.Шайбеков, О.Бөлөбалаев, Молдо Кылыч ж.б. |
| | Элдик акындардын фольклордук мурастарды кайра иштеп чыгышы | Тоголок Молдонун «Каак-каак, каргалар», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Жер жана анын балдары», «Жүгүрүп, жүгүрүп мен таптым», «Телибай тентек», «Кемчонтой», «Турумтай», «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Чынчыл бала», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Торпогум» ж.б.<br><br>А.Үсөнбаев «Жолборс минген киши», К.Акиев «Ач карышкыр», «Акылман ата» ж.б. |
| | Профессионал адабият өкүлдөрүнүн элдик чыгармаларды иштеп чыгышы | А.Токомбаев «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаев «Торгой менен жагалмай», «Чептен эрдик күчү бек», Т.Үмөталиев «Күч бирдикте», «Алп кара куш», К.Маликов «Сан-Таш», А.Осмонов «Толубай сынчы», Р.Шүкүрбеков «Эки бөжөк» |
| | Профессионал адабият өкүлдөрүнүн жаңы заман | К.Тыныстанов «Биздин темп», М.Элебаев «Күз», «Кең талаа», «Ырым – бештик», «Жаңы заман», |

| | | |
|---|---|---|
| | темасындагы чыгармалары | «Совхоз маалы», «Фабрика», «Пахта бышты», «Маданият жаңырды», «Жаз», «Биздин аскер», А.Токомбаев «Лениндин орду – ленинчил», «Сен даярдан, «Чанхайши», «Даяр бол», «Көрүк ыры», «Москва – жүрөк», «Пионер ыры», «От араба», «Жумушчу», «Кызыл аскер», Т.Байжиев «Күрөш», К.Маликов «Айлуу түндө», Ж.Турусбеков «Пахта сыры», «Ак алтын өлкөсү», С.Сасыкбаев «Коммунисттер партиясы», «Үнү угулуп турду», К.Маликов «Айлуу түндө» ж.б. |
| | Котормо адабияты | А.С.Пушкин, М.Ю.Лермонтов, Л.Н.Толстой, А.П.Чехов, К.Д.Ушинский, М.Горький, Д.Бедный, В.В.Маяковский ж.б. |

Мына ушул чыгармалар Кыргызстанда мектептик билим берүү башталган алгачкы жыйырма-отуз жыл ичинде окуучулардын көркөм окуусу, окуу ишмердүүлүгү үчүн негизги материал катары кызмат кылды.

XX кылымдын 30-жылдарында кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы илими окуу китептери менен параллель эле пайда болуп, бул же тигил теманы окутуунун ыкмаларын мугалимдерге көрсөтүп берген. Алардын ичинде көркөм окуу, окуу көндүмдөрү боюнча да эмгектер болгон. Башталгыч класстар боюнча алгачкы методист катары С.Наматовдун аты аталат. Анын 30-

жылдарда окуу китептери [68; 69] менен кошо эле методикалык китепчелери [66; 67] жарыяланган.

XX кылымдын 30-40-жылдарында М.Жаңыбаевдин «Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө» [38], К.Акылбековдун «Адабият сабагын окутуу методикасы» [16] жана «Адабият методикасынан» [15], Н.Макешовдун «Башталгыч мектептердин окуучуларын окууга жана сөз өстүрүүгө жатыктыруу маселелери» деген макаласы [51] «Мугалимдерге жардам» журналын басылып чыгып, адабий чыгармаларды көркөм окуу ишмердүүлүгү боюнча мугалимдерге методикалык кеңештер берилет. Согуштан кийинки жылдарда Ж.Мукамбаев «Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөтүү жолдору» [62], А.Маткеримов «Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө» [59], А.Мамбеталиев «Жаңы доордун жаралышы сабакта» [54] деген макалаларын жазган. Андан кийинки жылдарда К.Сартбаев «Адабият сабагын окутууну  жогорку деңгээлде өткөрөлү», «Класстан тышкаркы окууну кандай өткөрүүгө болот?» деген усулдук макалаларын [94, 96] жарыялаган. 80-жылдарда Б.Рысбекова менен К.Сартбаевдин авторлугунда «Алиппе» жана «Алиппени» окутуу жана класстан тышкаркы окуу» китеби [86], К.Сартбаев жана З.Маразыкованын 1-4-класстар үчүн класстан тышкаркы окуу үчүн окуу комплекстери басылып чыкты [95; 56; 57; 58]. Б.Рысбекованын жана К.Сартбаевдин методикалык колдонмолорунда [86; 87], С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» деген макаласында [44], А.Жолдошованын 1-класстарда окуучулардын кебин өстүрүүгө багытталган кандидаттык диссертациясында [39] башталгыч класстарда көркөм окуунун, окуу көндүмдөрүнүн жалпы баланын өнүгүүсүндөгү орду, бул ишмердүүлүктү өркүндөтүүнүн ыкмалары жана каражаттары көрсөтүлгөн.

Кыргыз мектептеринде көркөм окуунун теориясы лингвистикалык аспектиден Ж.Дүйшеевдин «Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском литературном языке» деген темадагы

диссертациясында [34], «Мектепте көркөм окуунун методикасы» аттуу усулдук колдонмосунда [35], эки китептен турган «Сүйлөө маданияты жана стилистикасы» деген монографиясынан биринчи [36] жана экинчи бөлүмдөрүндө [37] бир кыйла терең ачылып берилген.

Соңку чейрек кылым аралыгында башталгыч класстарда адабий чыгармаларды окутуу процессинде көркөм окуунун мааниси, анын техникасы, өткөрүү жолдору тууралуу С.К.Рысбаев «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер» (1998) жана «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» (2007) деген китептеринде [80; 84; 85] ар тараптуу изилдөөгө алды. Анын эмгектеринин башкы багыты азыркы окуучуларда көркөм сөз менен тарбиялоо багыты болуп, «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо» (1998) [85], «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» (2014) [83], «Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары» (2017) [81] деген китептерин чыгарды. «Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары» аттуу эмгегинде ээрчишип окуу, укканын окуу, таржымалап окуу, даярданып окуу, кубалашып окуу, бөлүктөргө бөлүп окуу, улантып окуу, үзүп алып окуу, «кабарлашып окуу» деген окуу ыкмаларын сунуш кылып, аларга педагогикалык-методикалык комментарий берет [81, 18-22].

Методист-окумуштуу баланы китеп окууга тартуунун жолдору катары он жолду көрсөтөт: **Биринчиси,** үй китепканасынын болушу; **экинчиси,** ата-эне менен балдардын окуган китептери тууралуу аңгемелешип турушу; **үчүнчүсү,** ата-энелердин кез-кезде балдарын эрчитип китеп дүкөндөрдү кыдырышы; **төртүнчүсү,** баланын өзү каалап саттырып алган кызыктуу китептерине үй китепканасынын бир бурчунан атайын орун берүү; **бешинчиси,** бала менен анын окуган китептери тууrasында мезгил-мезгили менен аңгемелешүүнү уюштуруу; **алтынчысы,** ата-эне баласынын кандай китеп окуп жатканына көз салуусу; **жетинчиси,** ата-энелердин чыгармалар менен гана чектелбей, алардын экрандашкан варианттарын, мультфильмдерди, чакан

көркөм фильмдерди, аудио китептерин да сатып бериши; **сегизинчиси,** балага кызыктуу, сезимдүү түрдө көркөм образдуу мүнөздө, каармандардын үнүн, кебетесин, кыймыл-аракетин туурап окуп берүү же уккулуктуу сүйлөп берүү; **тогузунчусу,** китеп окуу менен бирге, баланын көркөм элестүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, окуган китептеринин каармандарынын кебетесин же кыймыл-аракетин сөз менен «тартып», элестүү айтып берүүгө үйрөтүү, китептин негизинде сүрөт тартуу; **онунчусу,** баланын туулган күнүндө жана майрамдарда сөзсүз түрдө сүрөттүү жана кызыктуу китептерди белекке берүү [81, 23-24].

Башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачылык окуу ишмердүүлүгүн уюштурууга, калыптандырууга, өнүктүрүүгө багытталган маселерди камтыган теориялык жана методикалык материалдарды С.С.Сакиеванын эмгектеринен ырааттуу кезиктиребиз. Мисалы, «Башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аталышындагы эмгегинде [92] (таблица 2.2.2 жана таблица 2.2.3.) окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү «Конгантив», «Мотивация», «Ишмердүүлүк» критерийлери менен өлчөнүп, анын көрсөткүчтөрү, өлчөө каражаттары жана окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүк деңгээлдери (төмөнкү, ортоңку, жогорку) ажыратылып, окуучулардан күтүлүүчү ишмердүүлүктөр так көрсөтүлгөн. Ушул критерийди негиз кылып текстти көркөм окутуудагы окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштуруу максатка дал келет.

С.С.Сакиева «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» аттуу доктордук диссертациясында [92] адабий окуунун компоненттерин (методикалык колдонмо; маалымат берүүчү; репродуктивдүү, б.а., окуучунун ойлоосун өнүктүрүүчү суроолор; чыгармачылык, б.а., проблемалуу суроолор жана тапшырмалар; эмоционалдуулук-баалуулук, б.а., таанып-билүүсүн жана адеп-ахлагын калыптандыруу; чыгармачылык ишмердүүлүк, б.а., чыгармага чыгарма

жаратуу; окурмандык маданиятты калыптандыруу) жана окуучунун окурмандык маданиятын калыптандыруунун компоненттерин (окуу ишмердүүлүк; китеп окуунун техникасы; индивидуалдаштырып окутуу; диффренцирленген окутуу; инсанга багыттап окутуу; окуу китебинин тарбиялык мүнөзү) бөлүштүрүп чыгат.

Көркөм текстти окуп-үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштурууга жетишүү жогорудагы сунушталаган өзгөчөлүктөрдү ишке ашыруу менен ишке ашат, алар:

1. Көркөм окууга басым жасоо.
2. Мазмундук, тематикалык жана маанилик жактан өзүнөн мурунку жана кийинки чыгармалар менен байланыштарын салыштыруу менен окуп-үйрөнүүнү уюштуруу.
3. Чыгармада катышкан каармандарды талдоо, мүнөздөө.

Бул 3 өзгөчөлүктөрдү толук ишке ашыруу менен 4-өзгөчөлүк катары сунушталган *Чыгармачылык ишмердүүлүктү уюштуруу* максатына жетет. Мында окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгү катары төмөнкүлөрдү сунуштадык.

*Мугалимдин ишмердүүлүгү:*

- талапка ылайык көркөм окууга, каармандарга, ырдын мазмуна карата сын көз карашын жаратууга, чыгармага чыгарма жазууга, сүрөт тартууга, ролдоштуруп аткарууга, мазмунун өз сөзү менен баяндоого окуучуда мотив жаратуу.

*Окуучунун ишмердүүлүгү:*

- чыгарманы талапка ылайык көркөм окуу;
- каармандарды бири-бирине салыштырып-талдоодо каармандарга, чыгарманын мазмуна сын көз карашын жаратуу, баяндоо;

- каармандарга берген мүнөздөмөсүн, автордун жаратылыштын сүрөттөлүшүнө болгон мамилесин билдирген сөздөргө байкоо жүргүзүп, жасаган баяндамасына таянып чыгармага чыгарма жаратуу;
- чыгармадагы сүрөттөлүшкө карата жекече билдирген оюн, баяндамасын, жаратылышты баяндаган текстке карата сүрөттөгөн сөз, сөз айкаш, ыр саптарын колдонуп сүрөт тартуу;
- чыгармадан аңдаган акындын жаратылышка карата толкундануусун, маанайын, сезимин пайдаланып интонация, тыным, психологиялык жана логикалык тынымдарды жасоо менен көркөм окууга жетишүү.

С.С.Сакиева «Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү» [90], «Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары» [89] ж.б. макалаларын жазып, «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада докторлук диссертациясын [92] жактайт, ошол эмгегинин негизинде ушунда эле атылышта монографиясын чыгарат [93].

Б.А.Абдухамидованын 2-класстардын [7] жана 3-класстардын [4] адабий окуу предмети боюнча методикалык колдонмолору, «Башталгыч класстардын окуучуларынын адабий окуу сабагында окуу ылдамдыгын байкоо» [9], «Көркөм чыгармаларды окутуп-үйрөтүү аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнүн жолдору» [10], «Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу дидактикалык талаптар» [11], «Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун теманын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн ачкычы» [8] ж.б. макалалары окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө, окурмандык компетенттүүлүктү калыптандырууга, анын ичинде көркөм окуу проблемасына арналган, анын «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык негиздери» деген темадагы докторлук диссертациясында [6] да биздин темага байланышкан изилдөөлөр жүргүзүлгөн жана алар диссертациябыз үчүн методологиялык таянычтардын бири болот. А.Д.Токтомаметовдун 2-класстар үчүн [106], 3-класстар үчүн [107], 4-класстар

үчүн [105] окуу китептери, аларга карата методикалык колдонмосу [109], адабий окуунун дидактикалык негиздери тууралуу кандидаттык диссертациясы [104] адабий тексттерди көркөм окууга үйрөткөн методикалык сунуштар менен жабдылган.

А.Т.Саттарова «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деген темадагы докторлук [97], К.Б.Миңбаеванын «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» аттуу темадагы [60], Ч.А.Акматованын «Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы» [14], Ж.Р.Шербаеванын «Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы» [118], А.Ю.Мамырованын «Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы» [55] деген темадагы кандадаттык диссертацияларда бул же тигил деңгээлде көркөм окуу, окуу көндүмдөрү, окурмандык компетенттүүлүк тууралуу изилдөөлөр жүргөн.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы педагогикада, анын ичинде кыргыз педагогикасында адабий чыгармаларды башталгыч класста көркөм окуу проблемасы бир топ изилденген, бирок ырааттуу жана кеңири багытта эмес, бул жолу аталган проблема диссертациялык планда алгачкы жолу каралып жатат.

### 1.3. Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун методологиясындагы педагогикалык-дидактикалык жана психологиялык негиздери

***Окуу-нормативдик материалдар дидактикалык методологиялык таянычтары катары.*** Педагогиканын тарыхындагы далилденген гипотеза,

дидактика – бул окутуунун педагогикалык теориясы, анын максатына, мазмунуна, усулуна, уюштуруу формасына аныктама берүүчү илимий билимдер. Анын негизги терминдери жана түшүнүктөрү төмөнкүлөрдөн турат: «окуу; окутуу; окуучу; окутуучу; окутуу процесси; окутуунун максаты; билим берүүнүн (окутуунун) мазмуну; окутуу принциптери; окутуунун законченемдүүлүгү; окутуу методу; окутуу каражаттары; окутууну уюштуруу формалары; билим; билгичтик; көндүм; билимдерди текшерип баалоо; өнүгүү; таалим-тарбия» [48, 79-80]. Анткен менен, акыркы он жыл ичинде көрсөтүлгөн дидактиканын кээ бир таяныч терминдери мазмундук өзгөрүүгө дуушар болууда, т.а., билим берүүнүн мазмунунда сапаттык өзгөрүлөр пайда болуп, ал өзгөрүүлөр окутуунун уюштуруу формаларына, билим, билгичтик, көндүмдөргө карата жаңы талаптарды шарттады. Анын негизинде сабакка жасалып келген негизги басым эми окуучунун компетенттүүлүгүнө жетишүүгө көтөрүлүп, билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмага өтүүгө негиз салды.

Бирок, билим берүүдөгү пайда болгон бүгүнкү күндүн парадигмалары арбын. Алсак, конгантивдик-информациялык, инсандык, культурологиялык компетенттүүлүк тууралуу айтып өтүү керек. Э.Мамбетакунов «билим берүү системасынын башкы натыйжасы – парадигмасы компетенттүүлүккө негизделген парадигма, билим алуудагы ишмердүүлүк» [52; 26-32] деп келип, ал парадигмалардын ар кандай учурларын талдаган. Бул парадигмалар өз ара карама-каршылыкты же бири-бирин шарттап, бири-бирин толуктап турууну жаратары окумуштуулар тарабынан белгиленген. Бул прадигмалардын биримдиги жана өтмө катыштыгы дидактикалык проблема катары эсептелет. Себеби, алардын ар биринин педагогикада изилдөө объектиси, предмети бар. «Билим берүүнүн компетенттүүлүк парадигмага өтүүсү окуучунун фактыларды жана идеяларды бириктирүүсү, аларды синтездөөсүн, жалпылоосун, анда кандайдыр бир жыйынтык чыгаруусун, маалыматты интерпретациялоосун карайт. Маалыматтар жана идеялар менен иштөө окуучунун проблемаларды чечүү мүмкүнчүлүгүн берет» [42, 93]. Ошондой эле «компетенттүүлүктүн маңызын изилдөөлөрдү жалпылап, россиялык окумуштуулар компетенттүүлүк

деп инсандын реалдуу турмуштук кырдаалдарда пайда болуучу көйгөйлөрдү жана типтүү маселелерди билимдерди, окуулук жана турмуштук тажрыйбаны, баалуулуктар менен ынтаалуулуктарды колдонуу менен чечүү жөндөмдүүлүгүн мүнөздөөчү интегралдуу сапатын түшүнүүнү сунушташат» [42, 45].

Компетенттүүлүк парадигмасы окуу процессиндеги башка предметтер сыяктуу эле адабий билим берүүдө да өз орду бар. Себеби, башталгыч класстарда окуу жана жазуу сабактары негизги предметтерден болуп саналат да анын алкагында адабий билим берүү компетенттүүлүк мамилеге өтүүдөгү баланын адабий билим, билгичтиктерине карата коюлган салтка айланган адабий билим, билгичтик көндүмдөрдүн ичинен «окууга» (чтения) карата жаңычы мамилени жасоону жаратты. Башкача айтканда мурунтан окуучулардын адабий окуу сабагындагы окуучулардын даярдык деңгээлдерине (адабий билим, билгичтик, көндүмүнө) коюлуп келген «окуучуларды туура, так түшүнүп, үн кубултуп окууга көнүктүрүү» [111, 25] талаптары өзгөртүлүп, мамлекет тарабынан сунушталган негизги компетенттүүлүктөрү менен бирге окуу боюнча окуучулардын предметтик компенеттүүлүктөрү практикаланууда.

Буга чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандартында эне тили предметин бүтүрүүгө карата даярдоо деңгээлдеринин жыйындысында адабий окуу, класстан тышкаркы окуу жана сөз өстүрүү боюнча окуучулардын даярдык деңгээлдерине коюлуучу минималдуу талаптарды карасак: 2006-жылдан колдонууга сунушталган КРнын билим берүүнүн мамлекеттик стандартында адабий окуу боюнча окуучулардын даярдык деңгээлдерине коюлуучу минималдуу талаптар көбүн эсе балдардын даярдык деңгээлдерин минуталык өлчөм менен өлчөөгө багытталып, окуу ишмердүүлүгү окуучулардын китеп окууга машыгууларына негизделген. Себеби, окуучулардын китеп окууга машыгууларын текшерүү таблицасы төмөнкүдөй сунушталаган.

**Таблица 1.4. – Окуучулардын китеп окуу боюнча машыгууларын текшерүүнүн таблицасы** [47, 13]

| Катар № | Окуучулардын фамилиясы жана аты | минутада канча сөз окуду | Китеп окуулары | | | Окуганын түшүнөт, түшүнбөйт (-,+) | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Тамагалап, муундап | Муундап | үтүн сөздөп | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| Жыйынтыгы | | | | | | | |

Бул таблицада көрүнүп тургандай, окуучулардын катары номери, аты-жөнү берилип, алардын текстти окуусу минуталык өлчөм менен 1 минутада канча сөз окугандыгын текшерүү көрсөтүлгөн. Андан кийин окуучунун текстти окуусу (китеп окуулары деп берилген): - тамгалап, муундап; - муундап, бүтүн сөздөп окугандыгын белгилөө менен окуганын түшүнүүсү «бар» же «жок» (-,+) белгиси менен белгиленип, анын жыйынтыктарын баалоо көрсөтүлгөн. Мында окуучунун окуганын түшүнүүсү конкреттештирилип, кандай өлчөмдө, эмнени түшүнгөндүгүн (теманын аталышын, окуяларды, сюжетин, мазмунун ж.б.) өлчөө көрсөтүлгөн эмес. Бул текшерүү 2-4-класстарда жыл ичинде эки жолу: окуу жылынын биринчи жарым жылдыгынын башында, окуу жылынын экинчи жарым жылдыгынын аягында бир жолу текшерилери же мугалим кааласа чейрек сайын байкоо үчүн текшерип турса болору сунушталаган.

Бул текшерүүнү жүргүзүү үчүн «окуучулардын окуу техникасын текшерүүдө тааныш эмес, кара сөз түрүндөгү ар бир класстын программалык талаптарына ылайык келген чыгарма тандалып алынат, ал жекече окутуу менен жүргүзүлөт. Тексттин мазмунуна карата суроолор берилип, жооп бере албагандарга жетектөөчү суроолор берилет» [47, 13] деп көрсөтмө берген.

Андыктан ушул көрсөтүлгөн көрсөтмө окуучулардын окуу көндүмдөрүнө коюлуучу талаптарды минуталык өлчөм менен өлчөп, окуучунун чыгарманы туура, шар, сезимдүү, көркөм окугандыгын, окуганын түшүнүп баяндоосу сыяктуу артыкчылыктарын өлчөөгө мүмкүнчүлүк калтырган эмес. Себеби, окуучунун чыгарманы туура, шар, сезимдүү, көркөм окуганыдыгына, окуганын түшүнүп баяндоосуна жана окуучунун байланыштуу кебин өстүрүү сыяктуу иш аракеттерине атайын критерийлер көрсөтүлбөгөн. Демек, окуучунун иш аракети, жетишкендиктерин текшерип баалоо мугалимге калтырылган.

Ошондой эле, 1-класстагы окуучулары төмөнкүдөй минималдык талаптарга жооп бериши талап кылынган. Алар: «туура окуу: сөз жана сүйлөмдөрдү, калтырылган тыбышты таап окуу, муунду, сөздү коюп окуу, алмаштырып, кошуп, кайталап, оңдоп окуу; түшүнүп окуу: окуганын түшүнүү, суроолорго жооп берүү, тексттерди бөлүктөргө бөлүп окуу; көркөм окуу: үн чыгарып, интонация менен тыныш белгилерге карата окуу» [47, 12]. Ушул көрсөтүлгөн минималдык талаптарды аткарууда окуучунун текст окуу жолдору да: « - «Алиппе» мезгилинде муундап окуу; - «Алипеден кийинки» мезгилде муундап окуу, бүтүн сөз менен окуу; - бүтүн сөз менен окуу; - пауза, интонация менен көркөм окуу;» [47, 12] сунушталган. Бул учурда окуучулардын окуу ылдамдыгы: I жарым жылдыкта минутасына 15-20 сөз, II жарым жылдыкта 25-30 сөз окууга жетишүүсү талап кылынган көрсөткүчтөр кошумчаланаган. Бирок, көркөм, интонация менен окуу талаптары 1-класстан эле баштап окуучуга коюлганы менен аны уюштуруу жолдору, окуучулардын канчалык деңгээлде көркөм окугандыгын өлчөөгө карата так нускамалар, мугалимдер үчүн кошумча методикалык колдонмолордо практикалаган эмес.

2006-жылдагы окуучулардын даярдык деңгээлдерине (эне тили: сабат ачуу, адабий окуу, класстан тышкаркы окуу жана сөз өстүрүү) коюлуучу талаптардын стандартынын кемчилдиги жогоруда баяндалгандай окуучуну адабий окууга үйрөтүүдө окуучунун даярдык деңгээлинин басымдуу бөлүгүн окуу техникасы менен өлчөө каралган. Ал эми артыкчылыгы: туура, шар,

сезимдүү, көркөм окууга кошумча тамгалап-муундап, муундап, бүтүн сөздөп окуу ишмердүүлүгүн түрлөрү да көрсөтүлгөн.

2014-жылдан колдонуюга сунушталган башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар (USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунун негизинде түзүлгөн) 2006-жылдагы билим берүү стандарттын негизинде түзүлгөн. Ал мурунку стандарттан айрмаланып балдардын даярдык деңгээлдерине жана компетенттүүлүгүнө багытталган. Анда окуу көндүмдөрүн ошол компетенттүүлүктүн алкагында калыптанарууга багытталган. Анын түзүмүндө окуучулардын даярдык деңгээлине жана компетенттүүлүктөрүнө коюлуучу базалык талаптардын түзүмү дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулуп келген окуу көндүмдөрүнө коюлуучу талаптардын түзүмүнө негизделгендиги жана адабий окуу предметин эске алуу менен, ага «адабий аспект» түшүнүгү кошумча киргизилгендигине карата түшүндүрмө берилген.

Андагы окуучулардын даярдык деңгээлине жана компетенттүүлүктөрүнө коюлуучу базалык талаптардын түзүмү: «1. Тыбыштык (фонемалык) кабыл алуу. 2. Окуй алуу (декодирование). 3. Сөз байлык. 4. Окуу ылдамдыгы. 4. Аң сезимдүү окуу жана адабий аспект. 5. Угуп түшүнүү. 6. Жазуу» [21, 7] - деп бөлүштүрүлгөн жана ал окуу көндүмдөрүнө коюлуучу талаптар баштапкы кеп ишмердүүлүктөрү; угууга, окууга, айтууга, жазууга негизделген.

Бул талапардын артыкчылыгы ошол балдардын даярдык деңгээли жана компетенттүүлүктөрүнүн талаптарын конкреттештирип бала кайсы бөлүмдө эмнени өздөштүрүү керектиги көрсөтүлгөндүгүндө.

Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруу жолдору жогоруда көрсөтүлгөн педагогикалык, дидактиалык маселердин алкагында каралат, б.а., башталгыч билим берүүнүн окуу стандарттары жана окуу программалары да компетенттүүлүк парадигмасынын алкыганда өзгөрүүгө дуушар болуп, мектеп практикасында окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана көркөм окууну уюштуруу жолдорун практикалоонун себептерине негиз салат. Себеби, биринчиден, окуу көндүмү адабий окуу сабагында калыптангандыктан мектепте окуучулардын адабий билим, билгичтиктери, көндүмдөрү минуталык

окуу техникасы менен текшерилип, бааланып келгендиги. Экинчиден, «адабий окуу өзүнчө спецификалык өзгөчөлүгү бар көп аспектилүү предмет» [91, 48] болгондуктан, анын негизи баланын китеп окуу көндүмдөрүн эрте жаштан калыптандыруу жана тынымсыз өнүктүрүү, ошол эле кезде аларды окуганын түшүнүп, аң-сезимдүү жана көркөм окуу, эмоционалдык жана эстетикалык табитин окуу процессинде жогорулатуу болуп саналат. Ошондуктан адабий окуунун мазмунун камтыган көркөм тексттер менен иштөөдө көркөм окууну уюштуруу жана окуу жана түшүнүүнүн жолдорун кароо мазмундуу болмокчу. Үчүнчүдөн, Кыргызстандагы окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо боюнча өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй мектеп практикасында окуучулардын окуу процессинин жыйынтыктары, окуу жана түшүнүүсү окуу стандарттарынан төмөн көрсөтүлгөндүгүндө. Төртүнчүдөн, 2014-жылга чейинки билим берүү стандарттарында жана учурдагы окуу программаларында 2-класстан баштап тааныш эмес текстти туура, сезимдүү түрдө тездеп окуу, бир минутада 45–50 сөздөн кем эмес окуу талабы көрсөтүлүп ушул күнгө чейин окуучулар окуп түшүнүү жана көркөм окуууга багыт албай, шар окуу менен чектелип келгендигинде. Ал, биздин эксперименттин жыйынттыктары көрсөткөндөй мектеп практикасында минуталык талапка жетишүүгө аракеттенүү менен окуучуларда тааныш эмес текстти сезимдүү түрдө тездеп, туура окуй албастыгы аныкталган.

Анткени компетенттүүлүк баланын билимдерден, билгичтиктерден пайда болгон көндүмдөрдүн жыйындысын тигил же бул кырдаалдарда колдоно билүү же болбосо «адамдын билимдердин, билгичтиктердин жана ишмердүүлүктүн ыктарынын ар кыл элементтерин белгилүү бир кырдаалда (окуулук, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонуучу интеграцияланган жөндөмү» [42, 45] катары практикада пайдалана билүүгө мүмкүн.

Окуу жана көркөм окуу ишмердүүлүктөрүнүн методологиялык базасы соңку жылдардагы бир катар окуу-нормативдик материалдарда аныкталып берилди. Алар: 2022-жылы басылып чыккан Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-

класстары үчүн «Кыргыз тили жана адабий окуу» боюнча предметтик стандарты [19], А.Токтомаметов, Б.Абдухамидова, Н.Баимбетова авторлор болгон, 2017-жылы басылып чыккан «Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт» [20], «Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар» [21], «Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнө коюлган базалык талаптар» [22], «Башталгыч класстардын программалары» [23], «Башталгыч класстардын программасы. Класстан тышкаркы окуу [24], «Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Адабий окуу, 1-4-кл.» [72], «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [73] ж.б.

Буларда биринчи багыт окуу жана түшүнүүгө, экинчи багыт көркөм окуу аркылуу окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга жана үчүнчү багыт жалпысы маданияттуу жана интеллигенттүү окурманды башталгыч класстан тартып тарбиялоого багытталды.

***Психологиялар эмгектер методологиялык базалар катары.***

«Азыркы коомдо мектеп окуучулары окуу ылдамдыгына ээ болуу менен окуу билгичтигине жетише албайт. Чынында, окуу билим, билгичтик, көндүмдөрдүн жыйындысын ар дайым өнүктүрүп туруучу катары каралат, б.а. окуу адам баласынын бүт өмүрүндөгү баардык кездешүүчү тигил же бул кырдаалдардагы ишмердүүлүк жана баарлашуу сапаты» [28, 1-3]. Себеби, бала тамга таанып окууга ээ болгондон тарта билим, билгичтикке ээ боло баштайт. Бул калыптануу белгилүү курактык өзгөчөлүгүнө, окуу процессиндеги окутуунун жана окуучунун өздүк чөйрөсүнө жараша жүрөт. Башталгыч класстарда окуучунун билим, билгичтиктеринин жыйындысын өнүктүрүп туруучу нерсе – окуу болуп эсептелинет. Ал эми окуу – татаал психофизологиялык процесс экендиги, ал көрүү, кептик кыймыл, кептик угуу аркылуу ишке ашары бир катар психологиялар эмгектерде чагылдырылган. Бул психологиялык процесстин жыйндысында бала угуу, көрүү аркылуу кабыл алат, кабыл алынган маалыматтарды эстеп калат, ой жүгүртөт (анализ жана синтез), салыштырат (ассоцациялайт), практикалайт, кептик ишмердүүлүк

жаралат. Ал, «качан биз маалыматтарды кабыл алууда, угабыз же окуйбуз; качан маалыматтарды берүүдө айтабыз же жазабыз. Бул көрүнүштө кептик ишмердүүлүктүн төрт түрү: угуу жана окуу, айтуу жана жазуу бири-бири менен тыгыз байланышта болот» [74, 8-9]. Демек, баланын окуу ишмердүүлүгү ушул төрт кептик ишмердүүлүктөрдүн бирдей аракети менен байланыштуу. Анткени, «айтуу жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн өндүрүштүк түрү катары кептик угуу кыймылдаткыч анализаторуна таянат, маалымат берүүчү окууда жана угууда анын угуу жана көрүү анализаторлору таасир этет» [74, 8-9]. Айтуу жана жазуу, окуу жана угуу маалымат алуу жана берүүдө негизги орунда турат да баланын таанып билүүсүндө анын «оюн так кылып айтууну же жазууну жаратат. Бирөө сырткы кепти (айтуу, угуу) колдонот жана ойдуу оозеки түрдө чагылдырат, дагы бирөө ички кепти (жазуу, окуу) колдонот. Мында айтуу жана жазуу ойду угуучулар үчүн чагылдырат (башка адамдар үчүн). Ал эми угуу жана окуу процесси ойду өзү үчүн жаратат» [74, 8-9]. Бул окуунун татаал психофизологиялык процесси практикада окуучулардын жазуу, окуу ишмердүүлүгүндө негизги кыймылдаткыч күчү болот. Бала кандайдыр бир билим, билгичтикти өздөштүрүүдө маалыматты угат, окуйт, жазат, айтып берет. Бул процесстин өзү кеп ишмердүүлүгүнүн түрү менен тыгыз байланышта болот да төмөнкүдөй үч деңгээлде окууну ишке ашырат.

«Биринчи – мотивациялык деңгээл иш-аракеттин мотив жана максатын жаратат. Башталгыч класстын окуучуларындагы мындай мотив балдарда окууну үйрөнүүнү, ал окуган китебинен кандайдыр бир нерсени толук билүүнү, билгенин тууралуу айтып берүүнү шарттайт. Экинчи багытоочу-изилдөөчү деңгээл. Кептик ишмердүүлүктү уюштуруу деңгээли. Окуу бул деңгээлде балада тексттен көргөндөрүн чындыкка окшоштурат (анын аталышы, болжолдуу темасы, байланышы, мазмунун анализдөө ишке ашат). Окуучулар текстин түзүлүшүнөн окуяларды табууга аркетенишет. Үчүнчү – аткаруучу деңгээл. Бул деңгээлде окууда окуучу тексттин мазмундук өндүрүшүн иштеп чыгат, ар түрдүү иш-аракеттерди аткарат: текстти белгилейт, негизги ойду

бөлүп көрсөтөт, окуяга, каарманга карата жеке пикирин билдирет. Бул ишмердүүлүктөрдүн жыйынтыгы текстти түшүүнүнү ишке ашырат. Ал эми кептик ишмердүүлүктүн предмети – ой, анын жыйынтыгы – аны түшүнүү» [77, 4-5] болуп саналат.

Ошондой эле, «окуу процесси өзүнө эки түрдүү багытты камтыйт: техникалык жана мазмундук. Техникалык багыты: окуу жөндөмү, темп, динамика, окуу ылдамдыгы, туура окуу. Мазмундук багыт: сезимдүүлүк жана көркөмдүүлүктү. Ал эми окууда түшүнүү үчүн негизги ролду көркөмдүүлүк ойнойт. Көркөм окуу үчүн окуу техникасын автоматташтыруу зарыл» [77, 5]. Демек, окуучу алгач окуунун техникалык багытын өздөштүрүп, андан соң мазмундук багытын өздөштүрөт. Көркөм окууну уюштуурда көркөм окуунун өзү окуунун мазмундук багытын камтыйт да окуунун техникалык багыты автоматташып көндүм катары калыптанмайын мазмундук багытына толук кандуу жетишүүгө болбойт деген корутунду чыгарууга болот.

Окуу жана окурманды психологиялык жактан изилдөө боюнча Н.А.Рубакиндин 1914-жылы чыккан «О сбережении сил и времени в деле самообразования», 1919-жылы жарыяланган «Этюды по психологии читательства», 1929-жылкы «Психология читателя и книги: Краткое введение в библиографическую психологию» деген эмгектери мындан жүз жыл мурдагыдай эле маанисин жоготпой, азыркы изилдөөлөргө да методологиялык таяныч болуп келет. 1931-жылы С.Л.Вальтгард «Очерки психологии чтения» деген эмгегинде окурмандык кызыгуунун үч этабын (окуганга чейин, окуп жатканда, окуп бүткөндөн кийин) белгилейт.

Советтик психолог Л.И.Божовичтин «Отношение школьников к учению как психологическая проблема» (1951) [27], «Личность и ее формирование в детском возрасте» (1968) [26] деген эмгектери балдардын психикасынын калыптанышына, инсан катары өнүгүшүнө окуу ишмердүүлүктөрүнүн таасирин көрсөтүүгө арналат. М.М.Рубинштейндин (1878-1953) 1950-жылы жазган «Воспитание читательских интересов у школьников» деген эмгегинде [78]

китеп окуучуларды жалпы жана жеке, туруктуу жана туруксуз, тар жана кенен, активдүү жана пассивдүү деп классификацияланган. Л.С.Выготский «Воображение и творчество в детском возрасте» (1967) деген эмгегинде [31] балдардын курак өзгөчөлүгү жана алардын ошол өзгөчөлүккө байланыштуу ой жүргүртүүсүнүн, кабылдоосунун, психологиялык кырдаалдары көрсөтүлөт. Д.Б.Эльконин эмгектеринде [119; 120; 121] кенже мектеп жашындагы окуучулардын кызыгууларынын өзгөрүп турушу, аларга чөйрөнүн таасири изилденген.

Адабиятты окутуудагы психологиялык моменттерди эске алуу, көркөм адабияттагы психологизм, адабий кубулуштарды, көркөм образдарды кабыл алуу В.А.Кан-Калик жана В.И.Хазан тарабынан жазылган «Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе» деген китебинде [43], О.И.Никифорованын «Психология восприятия художественной литературы» деген эмгегинде [71] биздин изилдөөгө методологиялык база катары терең иштелип чыккан. Окуу ишмердүүлүгүнүн психологиялык процесстери боюнча В.Ф.Асмус [18], Т.В.Волкова [30] кызыктуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Т.В.Салашник жана Т.Г.Фирсова өнөктөштүктө түзгөн «Теоретические и методические аспекты выразительного чтения художественных произведений в начальной школе» деген китепте [103] белгилегендей башталгыч класста көркөм окуу сабакта чыгармаларды талкуулоо менен эле чектелбей, «Эми бул текстти көркөм окуйбуз!» деген дымак менен дагы текст боюнча бир катар маанилүү иштер жүргүзүлөт. Көркөм окуунун биринчи милдети – баарына түшүнүктүү жана туура кылып автордун оюн жеткирүү экендиги айкындалат [104, 4].

Ал эми баланын окуу жана жазуу ишмердүүлүгүнүн алгачкы калыптануусу *аналитикалык, синтездик, автоматташтыруу* этаптарында ишке ашары илимий методикада сунушталган жана практикаланган. Алар төмөнкүлөр:


1. *Аналитикалык этабы* окуу жана жазуу ишмердүүлүгүнүн майда компоненти катары каралып, конкреттүү операцияларды жүргүзүүнү талап кылат: үндөн тыбышты ажыратууну, аны муун менен байланыштырууну, тамганы бириктирүүнү, графикалык белгилер боюнча окуу, муунга ажыратуу, муундардан сөз куроо, анын лекцикалык маанисин түшүнүү.

2. *Синтездик этабында бүтүндөй сөздү толук окуйт.* Окулган сөздү синтездеп ой жүгүртөт, маанисин түшүнөт. Окуу компоненттеринин үч этабын синтездейт, т.а., кабыл алуусу, ойлоосу жана айтып берүүсү бир мезгилде калыптанат.

3. *Автомташтыруу этабында* окуучуда окуу автоматташкан деңгээлге жетет. Бул этап баланын текстти өз алдынча окууга аракеттенгендигин мүнөздөйт. Автоматташтырылган окуунун негизги белгилери баланын чыгармаларды өз алдынча окуусу, окурмандын ойлорун бөлө билүүсү, чыгарманы талкуулоого өз алдынча аракети болуп саналат [40].

Жазуу жана окуу ишмердүүлүгүнүн аналитикалык жана синтездик этаптарын практикада колдонсок анда ал 1-2-класста эле ишке ашат. Бул түшүнүк, учурда сабатка үйрөтүүнүн методикасы «анализ-синтез методу» менен окутуу аркылуу мүнөздөлөт. Ал эми автоматтык деңгээлге жетишүү практикада окуучунун тамгаларды таанып, муундарды кошуп, сөздү толук окуган деңгээлинен көтөрүлгөн учурдан башталат. Ошентип окуучунун окуу процессинин техникалык багыты ишке ашат.

Демек, бүгүнкү күндө мектеп практикасына аз да болсо мурунтан калыптанып калган окуу техникасы нугун өзгөртүп, окуу ылдамдыгы жана башка түшүнүктөр менен айкалышууда. Практика жана теория көрсөткөндөй адабий окуу сабактарында салтка айланган окуу ишмердүүлүктөрү жемиштүү болбой калды. Ошондуктан биз окуу көндүмдөрүн төмөнкүдөй группалык компенеттерин техникалык жана мазмундук багытта сунуштадык.




**Сүрөт. 1.1. Окуу көндүмдөрүнүн группалык компенеттеринин көркөм окууну уюштурууга карата техникалык жана мазмундук багытта ажыратылышы**

Ушул окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунда окуучунун окууга болгон табигый жөндөмдүүлүгүнөн да көз каранды. Анткени, илимий-методикалык адабияттарда «табигый жөндөмдүүлүк – бул, психологиялык процесстин тездиги менен байлынаштуу (эс, көңүл буруу, түшүнүү, элестетүү, ой жүгүртүү)» [77, 7]. Анткени, окуучунун табыгый жөндөмдүүлүгү класс ичинде түрдүүчө болот, б.а., ар бир окуучу өз алдынча инсан, алар өзүнчө уникалдуулукка ээ. Бир эле класс ичинде бирдей курактагы балдар бир эле предметтен бир тапшырманы алсак эң жакшы, жакшы, канааттандыраарлык деңгээлде өздөштүрүшөт.

Окуу көндүмдөрүн уюштурууда психология илими белгилегендей, окуучунун табигый жөндөмдүүлүгүн окуу көндүмдөрү менен айкалышта алып баруу максатка дал келет. Анын алкагында окуучуда окуу көндүмдөрүнүн калыптануусу класс ичинде ар түрдүүчө болору белгилүү. Окуучу тигил же бул ишмердүүлүктү, анын ичинде окуу ишмердүүлүгүн аткарууда, билим,

билгичтиктерди өнүктүрүүдө өзүнүн табигый жөндөмдүлүгүнүн тездигине жана турмуштук тажрыйбасына, өзүндө бар билимдерине таянып өздөштүрүүсү керектиги айгине болот.

Окуу көндүмдөрүн уюштурууда класс ичиндеги ар бир баланын табигый жөндөмдүүлүктөрүнө, тажрыйбасына, өзүндө бар билимдерине таянуу менен ишке ашыруу керек. Бала текстти угуп гана өздөштүрбөйт, ал мугалимдин сабактагы аракеттеринен улам өздөштүрөт, бышыктайт, эстеп калат, түшүнөт ж.б. Демек, окуучунун материалды өздөштүрүүсүн анын керектөөлөрүнө негиздеп, анын ички себептердин натыйжасында кызыгуусун жараткан таанып-билүү процессине жетелөө өзгөчө маанилүү факторлордун бири.

Жогорудагы окумуштуулардын пикирине жана азыркы окутуунун максатына негиздеп баланын таанып-билүүсүн өнүктүрүүнү ишке ашыруу окуу көндүмдөрүн калыптандырууда негизги маселелрдин бири катары каралат. Ал эми окуу көндүмүн уюштурууда адабий окуу предмети негизги предметтердин бири болуп саналат. Себеби, «башталгыч билим берүүдө адабий билим берүү негизги ролду ойнойт, ал окуу предмети гана болбостон, баланы тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн каражаты» [1, 210] Анткени, «адабий окуу предметинин негизги идеясы баланын китеп окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрү, ошону менен бирге сезимдүү жана көркөм окуунун сапаттуу мүнөздөмөлөрү болуп эсептелинет» [1, 211]. Аны менен катар балдардын адабий чыгармачылыгы да калыптанат. Анткени, «мектеп жашындагы кенже балдардын (7-10) окуу ишмердүүлүгүн оюн коштойт. Күндөн-күнгө оюн ишмердүүлүгү өз ордун окуу ишмердүүлүгүнө бошото баштайт. Ал эми 10 жашынан баштап кыймылга келген сөз чыгармачылыгы өспүрүм кезде балдардын жан дүйнөсүн ээлеген аларга таандык эң типтүү көрүнүш болуп эсептелет. Мектеп жашындагы балдарга типтүү болгон чыгармачылыктын бул түрүн адабий чыгармачылык деп аташат. Анын өнүгүшү адамдын калыптануу процессиндеги табигый булактарга таянат» [46, 21]. Тактап айтканда, окуучулардын окуу көндүмдөрүн, анын ичинде көркөм окууга

калыптанышында адабий чыгармачылыктагы: ойлоо, эске тутуу, кызыгуу, кеп ишмердүүлүгү да маанилүү орунга ээ болуп, баланын инсандык калыптануусуна таасир этет.

Окуучу чыгарманы окуп жатканда анын идеясын түшүнүп, ага карата өзүнүн жеке мамилесин, сезимдерин, ой корутундуларын ишке ашырат. Буга жетишүү үчүн окуучуда окуу процессинин техникалык багытын көндүм катары калыптандырып, эрктик күчтү талап кылбаган учурга жетишүүсү маанилүү. Ал качан гана окуу процессинин техникалык багытын көндүм катары калыптандырганда гана анын мазмундук багытын көндүм катары калыптандыра баштайт. Мазмундук багыт көндүм катары калыптанганда окуучу окуган текстин окуу максатка жараша мазмунун түшүнүп, эсте сактап калат. Ал эми кенже мектептин окуучуларынын эске тутуусу негизинен механикалык түрдө болуп анда окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун аткаруу формалары эсте кармалып, ал эми ойлонуусу конкреттүү, предметтик байланышта орун алгандыктан окуучуларга чыгармаларды окууда конкреттүү окуу көндүмдөрүнө жетишүүнүн жолдорун ишке ашыруу, аны калыптандыруу процессин күзөтүү мугалимге милдеттендирилет. Балада болсо «окууга болгон мотив окуу процессине болгон кызыгуу менен мүнөздөлөт, ал эми жалпы кызыгуу ар тараптуу болот. Мындан тышкары алардын моралдык аң-сезиминде императивдүү (багыттуулук) элементтери көп орун алат» [53, 74], анын алкагында окуучулардын моралдык аң-сезиминдеги императивдүүлүктүн элементтери окуучуларда чыгарманын мазмунун түшүнүүдө каармандарды образдарын кабылдап, оң каармандардын кулк-мүнөзү, образдарына багыт алып, идеал тутуп, ошол образда жашоого багытталат. Ал образдуулук, ага карата багыт алуу балдарда белгилүү деңгээлде инсандык калыптанууну шарттайт.

Демек, психологияда баланын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун өзүнчө орду бар. Баланын окуп-үйрөнүүсүндө окуу көндүмдөрүнүн калыптанышы ошол баланын табигый жөндөмдүүлүгүнө, өзүндөгү билимге

болгон керектөөлөрүнө, моралдык аң-сезиминде императивдүү элементтердин маанилүүлүгүнө, өзүндө бар билимдерге жана окуу процессин уюштуруудагы айтуу, жазуу, окуу, угуу кеп ишмердүүлүктөрдүн өнүгүшүнө негизделип жүрүшү керек. Анткени ушул айтылган ойлор белгилүү бир өлчөмдө окуучунун психологиялык, инсандык өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшүнө негиз болот. Демек көркөм окуу аркылуу окуу көндүмдөрүн уюштуруу, калыптандыруу жумушу да баланын психологиялык, инсандык өзгөчөлүгүнө негизделиши керек. Ал айрым бир кемчилдиктерди толуктайт. Ал эми окуу (чтение) түшүнүгүн психологиялык жана психолингивистикалык багытта карасак белгилүү психолингивистер жана психологдор (А.А.Леонтьев, И.А.Зимняя, А.Н.Соколов, Н.И.Жинкин ж.б.) окууну кептик ишмердүүлүктүн түрү катары карашкан. Баланын өнүгүүсүндөгү негизги ишмердүүлүктөрдүн бири болгон окуу ишмердүүлүгүн уюштурууда жогорудагы келтирилген мисалдардын, ойлордун негизинде окуучунун окуу жана жазуу ишмердүүлүгүндөгү окууну жөн гана «окуу» эмес «окуу көндүмдөрү» катары кароо керек.

Демек, башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун негизин окуу процесси (процесс чтения) түзөт. Окуучу тамга таанып окуу процессине аралашкандан баштап талапка ылайык окуганга чейин жана окуганын түшүнүү, аны анализдеп-синтездөө, окуяга, каарманга карата өз пикирин билдиргенге жетишүүгө чейин окуу көндүмдөрүнүн техникалык багыты калыптанат.

**Көркөм окууга үйрөтүүдө окуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселелери педагогикалык адабияттарда методология катары.** Адабий окууга үйрөтүүдө окуучулардын адабий эс тутуму тууралуу С.Турусбеков, С.С.Сакиева, А.Д.Токтомамбетов, С.К.Рысбаев тарабынан бир нече эмгектерде теориялык жана практикалык багыттар берилген. Бирок, бүгүнкү күндө мектеп практикасында окуу көндүмдөрү тууралуу так калыптанган түшүнүктөр жокко эсе. Себеби, адабий окуу сабагында окуучулардын адабий билимин текшерүүдө

көбүнчө «окуу техникасы» менен текшерип, ал текшерүү окуучулардын минуталык окуу техникасы менен чектелет. Окуучулардын адабий билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн минуталык окуу техникасы менен өлчөп, баалоо бир аз тактыкты талап кылат. Ал балдардын адабий билим деңгээлин, окуу көндүмдөрүнүн абалын толук аныктай албайт. Жогорудагы маселелерге багытталган методологиялык илимий-методикалык эмгектерди карасак окуу көндүмдөрүн калыптандыруу анчалык көп аныкталган эмес. Мисалы, авторлор коллективи тарбынан иштелген, 1965-жылы басылган «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» деген китептин [110] «Окутуу методикасы» аттуу главасында окуу көндүмдөрү окуунун түрлөрү деп аталып, алардын ар бирине аныктама берилет. Аларды уюштуруунун айрым усулдары берилген. Ал эми С.С.Сакиеванын эмгегинде көбүн эсе балдардын адабий көркөм эстетикалык дареметин көтөрүүгө багытталып, текст менен иштөөнүн ыктары, китеп окуу техникасы аныкталган [93].

Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн калыптандыруу адабий окуу сабагында каралгандыктан, ал предметтин билим берүүдөгү маанисине карата келтирилген аныктамалар менен таанышсак: Адабий окуу – эне тилиндеги көркөм адабияттарды үйрөтүүнүн, аларды көркөм окуунун окуунун, окугандарын өз практикасында пайдалануунун өзгөчөлүгүн, максатын, мазмунун жана ыкмаларын үйрөтөт. Бул түшүнүк педагогика илиминде эки мааниде колдонулат. 1. Окутуу методу. 2. Адабият предметин үйрөтүүнүн алгачкы баскычы. Ошону менен бирге адабий окууга үйрөтүү концептуалдык эрежелерден турат. Баланын инсандык сапатын, жалпы маданиятын, интеллектуалдуулугун, китеп окурмандыгын, окуу ишмердүүлүгүн калыптандырат.

Башталгыч билим берүү 2 этап боюнча жүргүзүлөт. Алгачкы этапта (1-2-класс) тематикалык жана жанрдык принциптер колдонулат (балдар фольклору, жомок, ырлар), негизги этапта (2-4-класс) көркөмдүк-эстетикалык принцип башкы ролду ойнойт» [93].

«Адабий окуу окуучулардын тексти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окугандагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат» [93].

Жогорудагы адабий окуу предметинин билим берүүдөгү маанисин жана анын аткарган кызматына таянып, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу максатка ылайык.

С.С.Сакиеванын аныктамасына таянып, окуу көндүмдөрүн 2 этапка ылайык сунуштадык.

**Биринчиси.** 1-2-класстагы алгачкы деп аталып, тематикалык жана жанрдык принципти камтыган бул этапта окуучулар тыбыштардын грамматикалык жактан туура артикуляцияланышын колго алып, *«муундап окуу», «муундап шар окуу», «туура шар окуу»* окуу көндүмдөрүнө ээ болушу зарыл.

**«Муундап окуу» – окуу көндүмү**

«Муундап окуу» төмөнкү тартипте жүрөт:

1. Бир гана үндүү тыбыштан турган ачык муундарды окуу; а, о, у, ы

2. Үндүү жана үнсүз тыбыштардын кошулушунан куралган жабык муундарды окуу; өт, ат, ак

3. Үнсүз жана үндүү тыбыштардын кошулушунан куралган муундарды окуу; са, та, то, ти

4. Үнсүз, үндүү жана кайра эле үнсүз тыбыштардын кошулушунан куралган муундарды окуу: тыт, быт, кат

Жогорудагыдай муундап окуу башталгыч класстарда оң натыйжа берет, ал окууну автоматташтыруу менен окуучуларда окуу көндүмү катары калыптануусу аркылуу ишке ашат.

**«Муундап шар окуу» – окуу көндүмү**

Муундап окуу «муундап шар окуу» окуу көндүмүнө жетүүчү ыкма. «Муундап шар окуу» окуу көндүмүнө жетишүү жана өткөрүү төмөндөгүдөй курамдан турат:

1. Эки муундан турган сөздөрдү муундап бири-бирине кошуп окуу: ал+ма=алма, бе+лек=белек

2. Тил жатыктыруучу муундарды бири-бирине кошуп окуу

3. Үч, төрт же андан көп муундарды кошуп, андан ары аларды шар окууга машыгуу.

**«Шар окуу» – окуу көндүмү**

С.Турусбеков окуунун түрлөрү деп атап, аныктама берген окуу түрүн бир окуу көндүмү катары кароого бурат. «Туура окуу – сөздү окуганда ката жибербей, так, сөздү бузбай, интонацияны туура сактап окуу. Шар окуу – болжолдуу темп менен туура окуу иши» [110, 107-110]. Бул окуунун түрлөрүн адабий текстти көркөм окууну уюштурууда бир көндүм катары кабыл алып, калыптандырууну сунуштайбыз.

**«Туура шар окуу»** – окуу көндүмү окуучуда акырындык менен окуу темпин жогорулатып, сүйлөмдү жана тыбыштык кубулуштарды туура колдонуп, ката жибербей шар окуу иштеринин негизинде калыптанат.

**Экинчиси.** 2-4-класстарда негизги этапта ***«сезимдүү окуу», «көркөм окуу»*** окуу көндүмдөрүнө ээ кылуу иштерин практикалоо максатка ылайык.

**«Сезимдүү окуу» – окуу көндүмү**

«Сезимдүү окуу. Окуганын туура түшүнүү, аны айтып берүү» [110, 108]. Бул окуу көндүмү мектеп практикасында толук талап кылынган деңгээлде уюштурулбай келүүдө. Окуучунун текстти же чыгарманы окууда шар окуп, туура түшүнүү, аны айтып берүү ишмердүүлүгүн «сезимдүү окуу» окуу көндүмү катары кабыл алып, аны 3-класстан баштап уюштуруп, көбүрөөк практикалоо максатка дал келет. «Сезимдүү окуу» – окуу көндүмүнө жетишүүгө жол ачкан көнүгүүлөрдүн жыйындысы төмөндөгүдөй:

- купуя жана жарыя окуу;
- чынжыр формасында окуу;
- ар бир ойду, текстти талдоо;
- текстте камтылган окуяларга карата сүрөт тартуу;
- китепте берилген суроолордун негизинде окуу, окуганын талдоо ж.б.

**«Көркөм окуу» – окуу көндүмү**

Көркөм окуу – бул окуу көндүмү окуучуларда окуу көндүмдөрүнүн эң жогорку чеги катары кароо учурдагы актуалдуу проблема. Буга чейинки илимий эмгектерде бул көндүмгө анчалык көңүл бурулбай, аны уюштуруу, калыптандыруунун жолдору аныкталган эмес. Башталгыч класстардын 2011-2012-окуу жылына карата түзүлгөн окуу программасы берилген жыл акырында окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдө интонацияны туура колдонуу 2-класста эле калыптануусу керектиги камтылган. Бирок практикада ал талап ишке ашпай келет. Бул окуу көндүмүн уюштуруу жана калыптандыруунун жолдору боюнча илимий изилдөөбүздүн жыйынтыгына караганда окуу көндүмдөрүнүн жеткен чеги көркөм окуу болуусу керек.

Ал эми биз сунуштаган окуу көндүмдөрү калыптанганда окуучулар бир катар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө жетишет. Бул мектепте

окуучулардын адабий билимин текшерүүдө окуу көндүмдөрүнүн нормативи боюнча текшерүүгө жетишүүнү камсыздамакчы. Анткени, жогорудагы айтылгандай бүгүнкү күндө окуучулардын адабий билимин текшерүү окуу техникасы деп аталып, минуталык окуу менен гана чектелип калууда.

Демек, жыйынтыктагында, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:

1-класста жыл акырында:

- муундап шар окуу;
- шар окуу;
- тыныш белгилерине таянып окуу;
- минутасына 15 – 20дан тартып 35 – 40 сөз окуу.

2-класста жыл акырында:

- туура шар окуу;
- минутасына 35 – 40тан тартып 50 – 55 сөздөн ашык окуу.

3-класста жыл акырында:

- сезимдүү окуу;
- текстте зарыл болгон тынымдарды туура пайдаланып окуу;
- минутасына 55 – 60тан тартып 70 – 75 сөздөн ашык окуу.

4-класста жыл акырында:

- тексттеги зарыл болгон ттынымдырды туура колдонуп окуу
- белгилүү деңгээлде көркөм окуу
- минутасына 80 – 85ден тартып 95 – 100дөн ашыкча сөз окуу.

Жогорудагы көрсөткөн башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүдөгү окуу көндүмдөрү окутуу процессинде дайыма активдүү жана ушул процесстин эң негизги жыйынтыгы окуучунун текстти көркөм окуусуна байланыштуу аныкталат.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

**Бул бап «Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхы»** деп аталат. Анын *«Азыркы учурда башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окуунун максаты, милдеттери жана негизги багыттары»* деп аталган биринчи бөлүмүндө ааламдашуу доорунун жалпы өзгөчөлүктөрү, анын адамдын тарбиясына, аң-сезимине, жүрүш-турушуна тийгизген таасирин көрсөтүү менен жалпы коомдун руханий деградацияга учураган жана бул процесстин глобализациялашкан кырдаал-шартында көркөм адабияттын, жалпы маданияттын ордун көрсөтүүгө аракеттер жасалды. Жалпы коомдун руханий-адептик кризисинде мектептин башталгыч класстарында окутулган адабий чыгармалардын ролу өзгөчө, андай көркөм дөөлөттөр аркылуу бүгүнкү кенже мектеп жашындагы балдар ата-бабаларынын жашоосу, тарбиялык таалими менен таанышып, кеп маданиятын жана эстетикалык табитин калыптандырат. Программада сунуш кылынган чыгармалардын асылнарктарын туура түшүнүп, алардын улуттук баалуулуктарын кабыл алуу үчүн ошол тексттерди көркөм окуунун мааниси өзгөчө. Көркөм окуу – окуучулардын жан-дүйнөсүнө, ички сезимдерине, эмоционалдык аракетине өзгөчө таасир этип, адабиятка болгон кызыгуусун арттырат.

Ааламдашуу доорунда ар кандай сырткы жана ички социалдык, психологиялык факторлордон улам баалуулуктардын өзгөрүшү, коомдо адамдардын көбүнүн руханий-моралдык кызыкчылыктарды артка сүрүп,

материалдык кызыкчылыктарды биринчи орунга койгондугу балдардын китеп окууга болгон кызыгуусун, ошол китептерден айрым каармандарды үлгү тутуусун солгундатты. Башталгыч класс окуучуларына адабий тексттерди көркөм окуу аркылуу алардын окуу көндүмдөрүн активдештирүү процессинде адабий-теориялык, этномаданий, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга жардам беребиз жана бул ишмердүүлүктүн маани, максаты ушул функцияларды аткаргандыгы менен баалуу.

*«Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окуу проблемасынын изилдениш тарыхына обзор»* деп аталган экинчи бөлүм тарыхый-педагогикалык процесстин эволюциясына анализ жүргүзүү максатында жана теманын буга чейинки изилдениш абалына талдоо берүү максатында жызылган. Башталгыч класстарда адабий окуу предметин окутуу XX кылымдын 20-30-жылдарында – советтик мектептердин ачылышы менен башталган. 1924-жылы Ишеналы Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси», андан кийин К.Тыныстановдун, С.Нааматовдун, К.Карасай уулунун хрестоматияларында адабий чыгармалар сунушталып, окуучуларга аларды көркөм окуу милдеттери жүктөлгөн. Балдар (кат билбеген чоң кишилер дале) бул китептерден тамга таанууну, муундап жана сөзгө сөздү кошуп окууну үйрөнүү менен бирге эле окуган тексттерин көркөм болушуна аракет кылган. I-IV класстарда адабий окууда көркөм окуу ишмердүүлүгү XX кылымдын 60-90-жылдарында С.Турусбеков, К.Сартбаев, А.Мураталиева, Б.Рысбекова, С.Сакиева, С.Рысбаев, А.Саттарова, А.Токтомаметов, Б.Абдухамидова ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде каралган. Диссертацида көркөм окуу боюнча алардын эмгектеринин негизги багыттарына, бул ишмердүүлүк тууралуу теориялык ойлорунун жана практикалык иш-аракеттеринин маанисине токтолдук.

*«Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун методологиясындагы педагогикалык жана психологиялык негиздери»* деп аталган үчүнчү бөлүм проблемага теориялык-методологиялык аспектиден

каралгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Диссертациялык изилдөөбүздүн методологиялык таянычтарын философия, эстетика, педагогика, психология, адабият таануу боюнча жазылган эмгектер түздү. Бул багытта изилдөөбүзгө байланыштуу орус жана кыргыз окумуштууларынын эмгектери талдоого алынды. Окуу, анын ичинде көркөм окуу – татаал психофизологиялык процесс болуп, ал көрүү, кептик кыймыл, кептик угуу анализаторлорунун жардамы менен ишке ашат жана окуп жаткан бала угуу, көрүү аркылуу кабыл алат, кабыл алынган маалыматтарды эстеп калат, ой жүгүртөт (анализ-синтез), практикалайт, кептик ишмердүүлүк жаралат. Мындай комплекстүү аракеттерди изилдөө үчүн психология, логика илимдеринин теорияларына таянылат, текст адабий чыгарма болгондуктан адабияттаануу илими жардамга келет, ал эми ошол текст тамгалардан, сөздөрдөн, сүйлөмдөрдөн тургандыктан булардын тилин, стилин лингвистика илими аркылуу изилдейбиз. Ушундай иш-аракеттер мугалим менен окуучунун сабак процессинде уюштурулгандыктан педагогиканын дидактика бөлүмү сөзсүз жардам берет.

# ЭКИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

**Изилдөөнүн объекти** – орто мектептердин башталгыч класстарындагы «Адабий окуу» предметин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – «Адабий окуу» предметинде чыгармаларды көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү ишмердүүлүктөрү.

Изилдөө ишибиздин **негизги материалдары:**

«Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;

Кыргыз Республикасында башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предмети боюнча мамлекеттик стандарты;

«Адабий окуу» курсу боюнча окуу программалары;

Адабий окуу боюнча негизги жана альтернативдүү окуу китептери;

Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча методикалык эмгектер;

«Адабий окуу» курсунда көркөм окууга сунуш кылынган тексттер;

Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбалары;

Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча мугалимдердин сабактарынын анализи;

Көркөм окуу багытында окуучулардын иш-аракеттеринин жыйынтыктары;

Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүнүн жана көркөм окуу деңгээлинин мониторинги ж.б.

КР билим берүү жана илим министрлиги соңку кездерде эл аралык талаптарга жана стандарттарга ылайык биздин изилдөөгө материал болуп бере алуучу бир катар нормативдик документтерди иштеп берди. Алар:

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн «Кыргыз тили жана адабий окуу» боюнча предметтик стандарты [19];

«Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт» (түзгөндөр: А.Токтомаметов, Б.Абдухамидова, Н.Баимбетова) [20];

«Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар» [21];

«Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнө коюлган базалык талаптар» [22];

«Башталгыч класстардын программалары: кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, мекен таануу» [23];

«Башталгыч класстардын программасы. Класстан тышкаркы окуу [24];

«Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Адабий окуу, 1-4-кл.» [72];

«Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [73] ж.б.

Бул нормативдик материалдар окуу программасын жана окуу китептерин түзүүчүлөргө, мектеп мугалимдерине, методисттерге жана билим берүү уюмдарынын жетекчилерине арналат. Ал эми биздин диссертациялык изилдөө мугалимдерге арналгандыктан жогорудагы материалдардын көркөм окуу аркылуу окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган талаптарын эске алат.

«Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [73] аттуу нормативдик документте «Адабий окуу» предметинин *негизги максаты* – «кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. - деп айтат. – Окурмандык компетенттүүлүк материалды туура, так, көркөм окуй алууну, окуганын жана укканын түшүнүп, ал материалдарды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш кылуу мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабаттуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн билдирет», - деп көрсөтөт.

«Адабий окуу предметинин *милдеттери:*

1. Базалык окуу көндүмү катары окуучулардын текстти так, туура, тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү.
2. Ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуучу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруу.
3. Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруу».

Демек, көркөм окуу – адабий чыгарма менен таанышуу, аны жөн гана таанышып окуу эмес кеп ишмердүүлүгүн активдештирүү, чыгармачылык потенциялын арттыруу, текстти түшүнүү жана аны башкаларга түшүндүрө алуу деңгээлине жетишүү, ошол көркөм окулуп жаткан чыгарманын таасиринде эмоционалдык, эстетикалык табитин жогорулатуу. Ушуга караганда көркөм окуу – бул схоластикалык бир кубулуш, инерциялуу механизм, жөн гана көнүмүш процесс эмес, ал адабиятты окутуунун бүт татаал чыгармачылык максаты менен байланышат. Анын башкы максаты – башталгыч класс окуучуларынын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу. Жогорудагы

нормативдик документте ал «предметтик компетенттүүлүктөр катары негизги беш компетенттүүлүк берилет. Алар:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)
2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)
4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)
5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)» [73].

Көркөм адабият балдарга эне тилин сүйүүгө, аларды коомго социалдаштырууга, руханий-адептик тарбия берүүгө үйрөтөт. Башталгыч класстын окуучулары 6-10 жаштагы балдар болуп, алардын көркөм текстиге көңүл буруусу, текст окуусу олку-солку болот да, мугалимден ошол балдарды көркөм адабиятка тартуунун көп ыкмаларын жана жолдорун талап кылат. Бул куракта балдардын адептик, эмоционалдык сезимдерин, эстетикалык табитин калыптоодо, таанып-билүүсүн өстүрүүдө адабий көркөм тексттер өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан көркөм окулуучу тексттер ар түрдүү тематикада, ар кыл жанрда, ар түрдүү стилдеги жазуучулардын чыгармалары болот.

Биздин изилдөөбүздүн негизги материалдары ошол II-IV класстын «Адабий окуу» китептеринде сунуш кылынган көркөм чыгармалар болуп саналат.

Соңку жылдарда КР билим берүү жана илим министрлигинин окуу планына ылайык «Адабий окуу» предметине сааттар төмөнкүдөй бөлүштүргөн.

**Таблица 2.1. – «Адабий окуу» предметине саattардын бөлүштүрүлүшү**

| класстар | жумалык саат | класстык саат | класстан тышкаркы окуу | жылдык саат |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **II** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **III** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **IV** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |

Бул программага ылайык төмөнкүдөй окуу китептери колдонууга уруксат этилген.

**Таблица 2.2. – Колдонууга сунуш кылынган негизги жана альтернативдик «Адабий окуу» китептери**

| **класстар** | **Авторлору** |
|---|---|
| **II** | 1. А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу»<br>2. Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» |
| **III** | 1. А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу»<br>2. Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» |
| **IV** | 1. А.Токтомаметов «Адабий окуу»<br>2. С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу». |

Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [73] деген нормативдик документте окуу китептеринин авторлору үчүн кандай тематикадагы чыгармаларды колдонуунун жана сунуштоонун базалык мазмуну бекитилген. Ошол базалык мазмундун негизинде материалдар окуу китептерине төмөнкүдөй критерийлер менен ылганып алынып, сунушталат:

- айрым тексттердин мазмуну ошол текст үйрөнүлүп жаткан учурдагы жыл мезгилдерине (жаз, жай, күз, кыш), майрамдарга, даталуу күндөргө) туура келиши;

- сунуш кылынган адабий чыгармалардын ошол класстагы окуучулардын курактын жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуулугу;
- тексттердин таанып-билүүчүлүк мазмунда жана мааниде болушу;
- тексттердин тарбиялык таасиринин жогорулугу;
- чыгармалардын авторлорунун адабиятта өзүнчө орду болушу;
- тематикалык жана стилдик көп түрдүүлүк;
- чыгарманынын тилинин адабий тилде, жогорку көркөмдүктө жазылгандыгы;
- чыгармалардын эстетикалык жактан бийик нарктуулугу;
- чыгармалардын башталгыч класс окуучуларынын эмоционалдык-психологиялык талабыны ылайыктуулугу;
- чыгармалардын көркөм окууга жарактуулугу;
- чыгармалардын окуучулардын сабакта кабыл алуусуна, талашып тартышуусуна, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө ылайыктуулугу;
- чыгармалардын айрым үзүндүлөрүн балдардын жаттап алуусуна туура келүүсү ж.б.

Мына ушундай критерийлер менен карап базалык мазмундун тематикасы төмөнкүлөр болушу керек:

1. Китеп – билим булагы
2. Менин жан досторум
3. Менин жан дүйнөм
4. Алтын балалык
5. Туулган жердин топурагы алтын
6. Жыл мезгилдери
7. Апалардын майрамы
8. Нооруз – жаңынын башталышы
9. Жеңиш күнү
10. Бабалардан калган сөз (элдик оозеки чыгармачылык)
11. Элибиздин улуу инсандары

12. Ата Журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу
13. Эр эмгегин жер жебейт
14. Тилим – менин жан дүйнөм
15. Менин чыгармам
16. Сөз үйрөнүп алалы
17. Ойлонолу, табалы
18. Өткөн турмуш элеси
19. Күлкү – ден соолуктун мүлкү
20. Кыргыз акын-жазуучуларынын балдар чыгармалары
21. Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары ж.б.

Мына ушулардын контексттинде адабий чыгармалар төмөнкүдөй алкакта тандалат:

1. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынан (улуттук фольклордон)
2. Төкмөлөрдүн ырларынан
3. Жазгыч акындардын чыгармаларынан
4. Кыргыз профессионал жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармаларынан
5. Дүйнөлүк адабияттан (котормолор)
6. Илимий популярдык адабияттардан
7. Окуу китептеринин авторлору өздөрү жазган тексттер.

Мамлекеттик стандарттын талабы боюнча башталгыч класстардын ар бир класстын өзгөчө спецификалык багыттары бар:

1-класста окуучулар алфавиттеги бардык 36 тамганы таанып, муундап жана кошуп окуганды жана ошол тамгаларды жазганды үйрөнөт;

2-класста тамгаларды муундап, ылдамыраак жана шар окууга, окуган чакан тексттердин маанисин автордун оюн ээрчип кайра айтып берүүгө үйрөнөт;

3-класста тексттеги сүйлөмдөрдү так, ылдам окуйт; көркөм окуунун талаптарына ылайык интонация, пауза колдонулат;

4-класстарда тексттин маанисин толук түшүнүп, түшүнүгүн айтып берип, ошол тексти байытып, алымча, кошумча кылып башка дагы ушундай тексттерди түзө алуу ишмердүүлүгүнө ээ болот да, көркөм окууда ар бир окуучу өз индивидуалдуулугун көрсөтөт.

3-4-класстарда бир окуучу текстти көркөм окуп жатса, башка окуучулар карабай (көрбөй) туруп ким окуп атканын доошунан, дикциясынан, үнүнүн тембринен билүүгө тийиш.

«Адабий окуу» китептеринен материалдары ар кыл тектерде, түрлөрдө жана жанрларда:

адабий тектерден: эпика, лирика, драма;

адабий түрлөрдөн: проза (кара сөз), поэзия (ыр);

адабий жанрлардан: элдик жомок, акын-жазуучулар иштеп чыккан жомоктор; ыр, тамсил, поэма, поэмадан үзүндү, аңгеме, аңгемеден үзүндү, повесттен үзүндү, фэнтезия, калптар ж.б.

Адабий чыгармаларды тектерине, түрлөрүнө, жанрларына карата окутуу спецификасы боюнча методологиялык база түзүлгөн. Ошол методологиялык негиздерге таянганда адабий чыгарманы өздөштүрүүнүн эң башкы жана чечүүчү этабы – текстти көркөм окуу. Ал бардык класстарда, бардык темаларды окутууда ишке ашырылат.

Окуу китептеринде көркөм окуу үчүн материалдар төмөнкүдөй берилет.

**II класстардын «Адабий окуу» китебинде** [3] окуучулар «Алиппеден» кийинки этапта көркөм окуу ишмердүүлүгүнө көбүрөөк тартылат. Бул класста көркөм окуу үчүн Ы.Кадыровдун «Тилегим», Т.Нурматовдун «Күз келди», Ж.Абдылдаевдин «Ай, чегиртке, чегиртке», «Жалбырак», Т.Ражабалиевдин «Көпөлөк», А.Осмонов «Көпкөк көпөлөк», Нурмолдо «Ай жаңыргандагы ыр», Б.Чотурова «Кулунтайым», Б.Сейитбекованын «Бачайы чамчык», Ж.Абдылдаевдин «Чымын-чиркей ырлары», Т.Үмөталиевдин «Торпогум»,

Т.Кожомбердиевдин «Чычкандар», А.Үсөнбаевдин «Комуз», Ж.Абдылдаевдин «Музыка» аттуу ырлары сунушталат.

Мында көркөм окууда ырлардын мазмуна карап окуу технологиялары эффективдүү каражат болуп саналат. Мисалы, бул класстагы окуучулар көпөлөк кууп ойношкон, көпөлөктүн кандай учуп жүрөрүн билет, андыктан Т.Ражабалиевдин «Көпөлөк», А.Осмонов «Көпкөк көпөлөк» деген ырларын окуп жатканда ошол көпөлөктүн жай гана конуп отурганын, дирилдеп канаттарын акырын каалгытып учуп жатканын элестетип текстти окушат. Ж.Абдылдаевдин «Музыка» деген ыры болсо музыка менен жаратылыштын гармониясын чагылдырган ыр, анда музыка аркылуу булбулдун сайраганы, торгойдун безеленип турганы, аарылардын гүлдөн гүлгө конуп бал жыйнап ызылдап жүргөнү, шамалдын аба жарып шуулдаган үнү, тал-теректин желге акырын башын ийип ыргалышы ж.б. көрүнүштөр берилет. Бул ырды көркөм окуу жаратылышты туюндурган музыканын коштоосунда жүргүзүлгөнүү мугалим үчүн оптималдуу технология болуп эсептелерин биздин практика көрсөттү.

II класстын материалдарында окуучулардын көркөм окуусунда алардын диалогдук тексттерди окуу, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдү окуу, риторикалык, интонациялык учурларга өзгөчө көңүл буруу ишмердүүлүктөрү Т.Самудиновдун «Керик», «Акыра», «Маймылча», «Муну бил», Ж.Абдылдаевдин «Жирафтын жалкоо балдары», Б.Асаналиевдин «Бөрсө» деген ырларында ишке ашырылат. Окуучулар мындай жаныбарлардын өзгөчөлүктөрүн, жашоо-тиричиликтерин ачып берген таанып билүүчүлүк ырларын көркөм окуу менен ошол жаныбарлардын үнүн (кыйкырганын, бири-бирине доош кылганын), баскан-турганын туурап берет.

Окуу китебинин авторлору окуучулар үчүн Т.Самудиновдун «Туурабы?», «Биз сөздөгү үч сөз», «Аралашкан ариптер», А.Кыдыровдун «Тамга кошсок...», «Бир тамгадан өзгөртсөк», деген оюн ырларын сунуш кылган. Оюн ырларын көркөм окууда өзгөчө көңүл бурулуучу жагдайлар: тексттин суроо жана

жоопторго ылайык берилиши, демек, суроолуу интонация менен окуп, башка окуучудан жооп күтүп пауза жасашы ж.б.

Жалпысынан 2-класстар үчүн «Адабий окуу» китебинде (авторлор Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова) [3] көркөм окуу үчүн материалдар он төрт бөлүмгө тематика боюнча жайгаштырылган, алардын ичинен 1 чыгарма кыргыз фольклорунан, 4 ыр акындар поэзиясынан, 48 ыр жазма акындардын чыгармаларынан, калган чыгармалар прозалык тектен турат.

**III класстар үчүн «Адабий окуу» китебинде** (авторлор Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова) [4] чыгармалар он сегиз бөлүмгө бөлүнүп сунушталат.

**Таблица 2.3. – 3-класстын «Адабий окуу» китебинде балдар ырларынын берилиши**

| **китептин бөлүмү (темасы)** | **ырдын автору** | **ырдын аты** |
|---|---|---|
| Менин кымбат досум – китеп | Б.Асаналиев | «Жакшы китеп» |
| | А.Осмонов | «Китептин душманы» |
| Мекеним – алтын турагым | Б.Асаналиев | «Ала-Тоо – Ата журтубуз» |
| | Т.Касымбеков | «Туулган жер» |
| | Элдик уламыш | «Эне жана бейиштин мөмөсү» |
| Жыл мезгилдери боюнча | М.Алыбаев | «Коңур күз» |

| | | |
|---|---|---|
| | К.Жуманазаров | «Нан» |
| | Ч.Иманалиев | «Кышкы чилде» |
| | Т.Самудинов | «Үч аяз» |
| | М.Жангазиев | «Сүрөтчү аяз» |
| | Т.Самудинов | «Көктөм ыры» «Май айы» |
| | А.Кыдыров | «Сулуу май» |
| Өсүмдүктөр тууралуу | Б.Жолдошбай кызы | «Жоогазын» |
| | Ж.Абдылдаев | «Данек» |
| Канаттуулар тууралуу | И.Исаков | «Бала жана ак куулар» |
| | Т.Сыдыкбеков | «Мээримдүү канаттуулар» |
| | Д.Сулайманов | «Балапан» |
| | Ж.Тынымсейитова | «Таранчы» |
| Элдик мурастар тууралуу | Б.Асаналиев | «Мурас» |
| | Б.Чотурова | «Жети ата» |
| Ыр түрүндөгү калптар (апыртмалар) | А.Кыдыров | «Кадыбайдын калптары» |

| | | |
|---|---|---|
| | Б.Асаналиев | «Калп айтканды билбеймин» |
| Оюн ырлары | Т.Самудинов | «Логогриф», «Амал менен окучу» |
| | Ы.Кадыров | «Анаграмма», «Логогриф», «Метаграмма», «Шарада», «Акро ыр», «Баш тамгасын өзүң тап» |
| | А.Кыдыров | «Бул эмне өөлөр?» |
| | Т.Самудинов | «Билесиңби, сен албетте, билесиң?» |
| Ыр түрүндөгү тамсилдер | Тоголок Молдо | «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» |
| Майрам (календарлык) ырлар | Т.Самудинов | «Апалардын майрамы», «Нооруз» |

| | | |
|---|---|---|
| | Нурмолдо | «Нооруз айтымы» |
| | К.Жунушов | «9-Май», |
| | С.Жусуев | «Жеңиш майрамы» |
| Эне тили тууралуу ырлар | Б.Сарногоев | «Эне тилин жакшы бил», |
| | Ж.Абдылдаев | «Тамга үйрөтөм досума» |

Бул окуу китебиндеги материалдарды мына ушундай кылып таблицага коюп чыкканда баары болуп 101 чыгарма киргизилгендигин көрөбүз, алардын ичинен котормо тексттери да бар.

2-3-класстарда кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынан «Манас» эпосунан «Алмамбет», «Чубак», «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши», «Кожожаш» эпосунан «Кожожаш мерген», «Эр Төштүк» эпосунан «Эр Төштүктүн ак жолборс менен достошкону», «Эр Төштүктүн кумурска менен достошкону» дегендей үзүндүлөр окутулат. Бул темаларды көркөм окуунун өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар.

Биринчи өзгөчөлүк – текстти окуунун өз стили (үнү, дикциясы, тембри ж.б.) менен кадимкидей текст окугандай эле окуу.

Экинчи өзгөчөлүк – элдик эпосторду айтуучулардын стили менен көркөм окуу, же айтып берүү, мисалы, «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн Саякбай Каралаевдин, Шаабай Азизовдун, Уркаш Мамбеталиевдин, Сапарбек Касмамбетовдун, Талантаалы Бакчиевдин, Рыспай Исаковдун ж.б. манасчылардын стилин туурап, ошолордон тон менен аткарып берүү. Муну үчүн мугалим ютуб каналынан же башка булактардан айтуучулардын аткаруусунда чыгармалар менен окуучуларды тааныштырып чыгат.

Окуу китеби мугалим менен окуучу ишмердүүлүктөрүнө төмөнкүдөй дидактикалык талаптарды коёт:

- «адабий тексттин жанрдык табиятын, негизги мазмунун, өзөгүндө жаткан идеялык мазмунун талдап билүүчү тапшырмалардын болушу;
- текст аркылуу окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүгө, нравалык-этикалык жана этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүгө багытталган суроолордун коюлушу;
- окутууну ишмердүүлүктүн негизинде уюштуруу;
- тексттин мазмунуна жараша окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
- «акыл чабуулу» стратегиясы аркылуу окуучуларга проблемалуу кырдаалдарды чечүүнү сунуштоо;
- тексттин каармандарын мүнөздөй алууга, аларды бири-бири менен салыштыра билүүгө, алар аркылуу адамдардагы түрдүү мүнөздөрдүн, адамдык сапаттардын болушун иликтей алууга, алардын тарбиялык таасирин талдап билүүгө багытталган суроолордун болушу;
- сынчыл ойломдун түрдүү стратегияларын колдонуп, өз алдынча ой жүгүртүүсүн уюштуруу ж.б.» [5, 4].

IV класстар үчүн окуу китебине (авторлору С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова [79]) «Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай мекеним!» деген бөлүмдө 19 чыгарма берилет, алардын көпчүлүгүн мекенчилдик идеясын чагылдыргандыктан көркөм окууда патетикалуулукка өзгөчө көңүл бөлүп, патриоттук ырлар, күүлөр менен коштотуп туруу максатка ылайык келет. «Ата Журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу» деген бөлүмдө 24 чыгарма, «Күлкү бар жерде – өмүр бар» деген бөлүмдө 9 чыгарма, «Менин дүйнөм» темаларында 10, «Элибиздин улуу инсандары» бөлүмүндө «Бабалардан калган сөз» бөлүмүндө 10 чыгарма сунушталат.

Бул китепте фантастикалык чыгармалар жана дүйнө адабиятынан котормолор да берилет.

Орус тамсилчиси И.А.Крыловдун «Күзгү менен маймыл», «Балык менен мышык» деген аллегориялык чыгармаларын окутуу процессинде тамсилдерди көркөм окуунун өзгөчөлүктөрү сакталышы керек, алар: биринчиден, жаныбарлардын же буюмдардын үндөрүн окшотуп, туурап окуу; экинчиден, диалог формасына салып эки каармандын, автор-тамсилчинин сөзүн өз-өзүнчө үн жана дикция менен маанисине карап окуу; үчүнчүдөн, тамсилдин аягындагы жыйынтык моралды башкача бир таасирдүү тон менен окуп берүү; төртүнчүдөн, бул чыгармаларды окууда орус чтецтеринин жана артисттеринин окуган материалдарын пайдалануу ж.б.

Ошентип, биздин изилдөөгө материал болуучу көркөм окууга ылайыктуу чыгармалар «Адабий окуу» китептеринде көп берилген, ал тексттердин теги, түрү, жанры, авторлорунун стили ар тараптуу, чыгармалардын тематикасы көп багыттуу, тарбиялык таасири күчтүү, тексттер тилдик, эстетикалык жактан талаптарга ылайык келет.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

Илимий изилдөөнүн объект, предмет, максат жана чыккан милдеттерге ылайык методдорду тандап алдык.

*Биринчи методдор тобу:* адабий чыгарманы көркөм окуу ишин уюштуруу жана өткөрүү процессинин абалын жана жүрүшүн туура аныктоо үчүн жалпы *логиканын методдору:* анализ (жекече талдоо), синтез (жалпылоо), салыштыруу, типтештирүү, моделдөө, долбоорлоо ж.б.

*Экинчи методдор тобу:* адабий чыгарманы көркөм окуу үчүн аларды тандап алуунун, жүргүзүүнүн жыйынтактарын көрсөтүп берүүчү илимий-теориялык адабияттарга анализ жана контент-анализ; педагогикалык эмгектерди үйрөнүп, алардын сунуштарын синтездөө; педагогикалык

процесси байкоо; мугалидердин көркөм окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү боюнча алдыңкы тажрыйбаларын үйрөнүү жана аларды илимий иште пайдалануу; илимий ойлордун оптималдуулугун педагогикалык тажрыйбада сынактан өтөрүү ж.б. *жалпы илимий методдор.*

*Үчүнчү методдор тобу:* адабий чыгарманы көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын аныктөө үчүн анкета алуу, аңгемелешүү, маектешүү жана интервью алуу ж.б. *социологиялык методдор.*

Булардын ичинен төмөнкүдөй иштер аткарылды.

*I. Теориялык методдор боюнча:*

- көркөм окуунун мектеп практикасындагы мааниси, азыркы учурдагы өзгөчөлүктөрү тууралуу философиялык, эстетикалык, педагогикалык эмгектерди үйрөнүү, аларды талдап, синтездөө;

- көркөм окуу боюнча театр, кино ишмерлеринин теориялык ойлоруна жана практикалык иштерине анализ жүргүзүү;

- тема орус, казак, өзбек методисттеринин жана мугалимдеринин иштери менен таанышуу, аларды колдонуу үчүн жыйынтыктап, жалпылоо.

*II. Эмпирикалык методдор боюнча:*

- билим берүү багытындагы КР президентинин, КР Өкмөтүнүн, Жогорку Кеңештин мыйзамдарын үйрөнүү, Билим берүү жана илим минстрлигинин, мектептердин окуу-нормативдик материалдарын талдоо;

- окуу планын, мамлекеттик стандарттарды, окуу программасын, мугалимдердин күндөлүк пландарын анализдөө жана аларды синтездөө;

- «Адабий окуу» боюнча мугалимдердин сабактарын талдоо жана жалпылоо;

- мугалимдердин көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн үйрөнүү;

- окуучулардан көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн үйрөнүү;

- көркөм окуу ишмердүүлүктөрү боюнча методисттер, ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар менен аңгемелешүү;

- көркөм окуу ийримдеринин сабактарына катышуу жана аларды анализдөө;

- башталгыч класстын окуучуларынын көркөм окуу жана текстти талдоо компетенттүүлүктөрүн анализдеп, кайра синтездөө ж.б.

*III. Эксперименталдык методдор боюнча:*

Бул методдорго ылайык эксперименталдык мектептер, класстар, экперимент жүргүзүүчү мугалимдер тандоо, аларга тажрыйба жүргүзүү үчүн материалдар сунуштоо, алардын жыйынтыктарын математикалык-статистикалык жолдор менен анализдөө ж.б.

### 2.2.1. Изилдөөнүн теориялык методдору

Диссертациялык эмгекте коюлган максаттарга, негизги милдеттерге байланыштуу теориялык методдор тандалды.

Изилдөөнүн ***методологиялык негиздерин үйрөнүү (теориялык илимий эмгектерди изилдөө методу).***

Бул метод изилдөө үчүн жалпы теориялык багыттарды аныктоого, проблеманы ар тараптан түшүнүүгө жардам берет. Совет учурунда орус методисттери адабий чыгармаларды окууну, анын ичинде көркөм окууну

башталгыч класстардагы окуучу менен мугалимдин бирдиктүү иш-аракеттеринин негизгилеринин бири экендигин көрсөткөн. Бул багытта биз Е.А.Адамович, О.В.Джежелей, Л.А.Ефросинина, Т.В.Завадская, М.И.Оморокова, Е.А.Никитина, М.Р.Львов, Т.Г.Рамзаева, Н.Н.Светловская, В.А.Лазарева, Н.С.Рождественкий, Н.Н.Шепетова, Н.А.Шербакова, В.И.Яковлева, ж.б. окумуштуу теоретиктердин илимий эмгектерин үйрөндүк. Алар текстти бирдиктүү (системдүү) кабыл алууга көркөм окуунун маанисин жогору баалашкан. Театр теоретиги К.С.Станиславский маалыматты туура, так угуу аркылуу кабыл алуу өзгөчө маанилүү экендигин режиссёрлорго жана артисттерге насааттаган [101, 130].

Теориялык адабияттарда көркөм окуунун беш милдети белгиленип жүрөт:

**Биринчи милдет:** автор сүрөттөгөн, чагылдырган көрүнүштү жандандыруу, ага «жан киргизүү».

**Экинчи милдет:** бүт беш сезим менен кабылдоону сезүү.

**Үчүнчү милдет:** эмоция чакыруу.

**Төртүнчү милдет:** угуп аткандардын кабыл алуусуна көмөктөшүү.

**Бешинчи милдет:** болуп аткан окуяларга жана каармандарга автордук мамилени ачыктоо.

О.В.Кубасовдун «Выразительное чтение» (1997) [45], К.В.Маерованын «Выразительное чтение» (2013) [50], Б.Найденов менен Л.Коренюктун «Методика выразительного чтения» (2017) [65], М.И.Оморокованын «Учимся читать выразительно» (2011) [75], Н.М.Соловьева менен Р.Р.Маймандын «Выразительное чтение на уроках литературы» (2020) [99], Т.В.Салашник жана Т.Г.Фирсова бирге түзгөн «Теоретические и методические аспекты выразительного чтения художественных произведений в начальной школе»

[103] деген китептеринде орус адабиятын окутуунун мисалында көркөм окуунун методологиялык жана практикалык негиздери иштелип чыккан, алардын идеяларын колдонуу да биздин изилдөөнүн методдорунун бири болду.

Көркөм окуу психологиялык процесс болгондуктун В.А.Кан-Калик жана В.И.Хазан тарабынан жазылган «Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе» деген китеби [43], О.И.Никифорованын «Психология восприятия художественной литературы» деген эмгеги [71], көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн психологиялык процесстер тууралуу В.Ф.Асмус [18], Т.В.Волкова [30] ж.б. психологдордун изилдөөлөрү пайдаланылды. кызыктуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде текстти көркөм окуу процессинин мааниси, жүрүшү жана жыйынтыктары С.К.Рысбаевдин «Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо» (1998) [85], «Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги» (2014) [83], «Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары» (2017) [81] деген китептеринде чагылдырылган. С.С.Сакиеванын «Башталгыч мектептерде адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген диссертациясында [92] проблема бир топ аспектиден каралган. Б.А.Абдухамидованын «Башталгыч класстардын окуучуларынын адабий окуу сабагында окуу ылдамдыгын байкоо» [9], «Көркөм чыгармаларды окутуп-үйрөтүү аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнүн жолдору» [10], «Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу дидактикалык талаптар» [11], «Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун теманын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн ачкычы» [8] ж.б. макалаларында да көркөм окуунун талаптары, аны жүргүзүүнүн технологиялары сунушталат.

Бул изилдөөлөрдү үйрөнүү жана алардын идеяларын, сунуштарын колдонуу да биздин эмгекте метод катары колдонулду.

***Аңгемелешүү методу.*** Аталган метод кеңири колдонууга ылайыктуу. Аңгемелешүү төмөнкүдөй максаттарда жана ар түрдүү катмардагы адамдар менен жүргүзүлдү.

**Таблица 2.4. – Аңгемелешүүнүн темалары жана объекттери**

| **Аңгемелешкен кишилерлерди башталгыч класстарда окуган жылдары** | **Азыр да унутпай жатка көркөм айтып бере алган чыгармалары** | **Көркөм тексттердин унутулбай эсте сакталып жүрүшүнүн себептери** |
|---|---|---|
| XX кылымдын 50-60-жылдарында окугандар (азыркы 80-70 жаштын тегерегиндегилер) | Т.Сатылганов «Санат ырлары», «Манас» эпосунан үзүндүлөр,<br>«Курманбек» эпосунан үзүндүлөр,<br>Макал-ылакаптар<br>Табышмактар<br>Жаңылмачтар | Ошол жылдардын окуучулары улуттук фольклорго, элдик оозеки адабияттын салттарына өзгөчө кызыгып турган |
| XX кылымдын 70-80-жылдарында окугандар (азыркы 60-50 жаштын тегерегиндегилер) | Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени», К.Акиевдин «Ач карышкыр», «Акылман ата», А.Үсөнбаевдин «Жолборс минген | Бул мезгилдин окуучуларды жомокторго жана тамсилдерге өзгөчө кызыккан, өздөрүн жомоктук каармандарга окшоткон |

| | | |
|---|---|---|
| | киши», А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдик күчү бек», Т.Үмөталиевдин «Күч бирдикте», «Алп кара куш», А.Осмоновдун «Толубай сынчы» деген чыгармалары | |
| XX кылымдын 90-жылдарында окугандар (азыркы 40-34 жаштын тегерегиндегилер) | Ч.Айтматовдун чыгармалары | Бул жылдарда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын дүйнөгө тарап, окуучулар анын чыгармаларын («Атадан калган туяк», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу») кызыгуу менен көркөм окуп, жаттап жүрүшкөн |
| XXI кылымдын башында (2000-2010-жылдарында окугандар (азыркы 30-20 жаштын тегерегиндегилер) | Оюн ырлары<br>Фантастикалык чыгармалар<br>Жаратылыш | |

| | | |
|---|---|---|
| | тууралуу ырлар | |
| XXI кылымдын (2015-2020-жылдарында башталгыч класстарда окугандар (азыркы орто мектептин жогорку класстарынын окуучулар) | Фэнтезия<br>«Манас» эпосунан үзүндүлөр<br>Оюн ырлары | Бул жылдарда илим-техника өнүгүп окуучулардын ошол жакка кызыгуусу пайда болгон. Ошондой эле «Манас» эпосун жайылтуу боюнча ар кандай иш-чаралар окуучулардын бул чыгармага кызыгуусун арттырган |

Аңгемелешүү аркылуу көркөм окуу ишмердүүлүгү кайсыл мезгилде кандай жүргүзүлгөн тарыхын, көркөм окуу жана жаттоо үчүн кандай чыгармалар ылайыктуу болгондугун аныктадык. Жогорудагы чыгармалар биз аңгемелешкен кишилердин ичинен эң көп жолуккандары болду. Ошондой эле аңгемелешүүдө көркөм окуу үчүн кандай чыгармаларды сунуш кылуу керектиги түшүнүктүү болду.

***Театрларга баруу методу.*** Театр – бул адабий чыгармаларды көркөм айтуунун эң жогорку деңгээлдеги аянтчасы. Ал жерде профессионал көркөм окуучулар жана текстти жатка айтып берүүчүлөр иштейт. Мисалы, биз Ж.Садыковдун «Эр Төштүк» драмасы боюнча коюлган спектаклди көрүүнү сунуш кылдык. Т.Абдумомунов атындагы академиялык драма театры бул оюн менен бүт республиканы кыдырып чыгышты. Окуучуларга ушул спектаклдеги каармандардын речин артисттер кандайча айтып жатканына, алардын көркөм айтуу чеберчилигине баа бердик, ошонун негизинде талдоо жүргүздүк.

***Интернет материалдарын пайдалануу.*** Интернетте көркөм окуу боюнча өтө көп материалдар кездешет. Ошолордун ичинен, биринчиден,

М.Рыскулов, Б.Кыдыкеева, Д.Күйүкова, А.Жангорова, С.Жумадылов, Ж.Сейдахматова, Д.Байтоботов, М.Токтобаев ж.б. артисттердин көркөм окуусундагы адабий чыгармалар жазылып алынып, алар ютуб каналына киргизилген, экинчиден, бир топ чыгармаларды авторлор өздөрү окуп беришет, интернетте мугалимдердин башталгыч класстарда өткөн сабактары жайгаштырылган, ал жерде да айрым мугалимдер, кээ бир окуучулар жогорку деңгээлде көркөм окушат, буларды да илимий ишибизди жазууда пайдаландык.

***Башталгыч класс окуучуларынын көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн талдоо.*** Бул метод эң негизги метод болуп, жыйырмадан ашык мектептерде болуп, окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүктөрүнө баа бердик: биринчи кезекте окуучулар көркөм окууда кандай кыйынчылыктарга дуушар болот, экинчи кезекте, көркөм окуунун деңгээлин жогорулатуу үчүн кандай уюштуруу жана методикалык иштер зарыл экендиги аныкталды, үчүнчү кезекте, оптималдуу методдор көркөм окуу ишине кандай таасир этери табылды.

***Анкеттөө методу.*** Бул методдун шарттарына ылайык башталгыч класстарда окуучулардын көркөм окуу иштеринин уюштурулушу, жүрүшү жана проблемалары боюнча 8 мектептен 48 мугалимге жана 116 окуучуга төмөнкүдөй суроолор жазылган анкеталарды тараттык.

**Таблица 2.5. – Башталгыч класс мугалимдерине көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, жүргүзүү боюнча таратылган анкеталар**

| **Анкеталардын катары** | **Анкеталардын суроолору** |
|---|---|
| 1-анкета | Башталгыч класстарда адабий чыгармаларды көркөм окуу ишмердүүлүгү эмне үчүн зарыл деп ойлойсуз? |
| 2-анкета | Сиз иштеген мектепте адабий чыгармаларды көркөм окуу ишмердүүлүгү өз деңгээлинде деп ойлойсузбу? Начар |

| | |
|---|---|
| | болсо, анын себептери эмнеде? |
| 3-анкета | «Адабий окуу» китептеринде көркөм окуу үчүн берилген тапшырмалар жетиштүүбү? |
| 4-анкета | Окуу жайларында силер адабий чыгармаларды көркөм окуу ишинин теориясы жана практикасы боюнча жетиштүү маалымат алгансыңарбы? |
| 5-анкета | Азыркы мектептердин «Адабий окуу» предметинде көркөм окуу ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча кандай сунуштарыңыз бар? |

**Таблица 2.6. – 4-класстардын окуучуларына көркөм окуу боюнча таратылган анкеталар**

| **Анкеталардын катары** | **Анкеталардын суроолору** |
|---|---|
| 1-анкета | Башталгыч класстарда «Адабий окуу» китептеринен окуган канча чыгарманы жатка, көркөм айтып бере аласың? |
| 2-анкета | «Адабий окуу» китептериндеги кайсыл чыгармалар көркөм окууга ылайыктуу экендигин байкадың? |
| 3-анкета | Кайсыл чыгарма сен үчүн көркөм окууда кыйынчылык жаратты жана анын себеби эмнеде деп ойлойсуң? |
| 4-анкета | Сага мугалимиңдин кайсыл чыгарманы көркөм окуганы жакты жана эмне үчүн? |

| | |
|---|---|
| 5-анкета | Сенин классында эң мыкты көркөм окуган окуучу ким деп ойлойсуң? Биринчи... экинчи... үчүнчү.... |

Биз бул жерде мисал үчүн гана айрым анкеталык суроолорду келтирдик. Ушундай суроолорго жооп алуу биз үчүн жалпы абалды билүүдө жана ошолордон жыйынтык чыгарып, изилдөөбүздө эске алууда жардам берди.

**Байкоо методунда** окуучуну жана мугалимди көркөм окууга кандайча мамиле кылары байкалып, ошондон жыйынтык чыгарылды.

**Алдыңкы тажрыйбаларды талдоо жана алардын методикасын диссертацияда колдонуу методу.** Биз жашаган регионубузга карата Жалал-Абад шаарынын, Сузак, Базар-Коргон районунун мектептеринде болуп, мугалимдердин тажрыйбаларын үйрөндүк жана ишибизде пайдаландык.

**Моделдештирүү методунун** негизинде биз башталгыч класстарды адабий чыгармаларды көркөм окуунун моделин жана компоненттерин төмөнкүдөй аныктадык.


**Таблица 2.7. – Башталгыч класстарда адабий чыгармаларды көркөм окууну уюштуруп, өткөрүүнүн негизги компоненттери**

| | |
|---|---|
| **максат** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметинде адабий чыгармаларды көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүрүүнүн мазмунун, максатын аныктоо, анын педагогикалык негиздерин илимий-теориялык багытта иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун педагогикалык тажрыйбалар аркылуу текшерүү. |
| **милдет** | «Адабий окуу» предметиндеги чыгармаларды көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүү технологияларынын жалпы тарыхын, жана азыркы учурдагы өзгөчөлүктөрүн аныктоо.<br>Чыгармаларды көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү багытындагы педагогикалык, психологиялык эмгектерди талдоо, |

| | |
|---|---|
| | бул теманын жалпы изилденишин тарыхына, эволюциясына обзор берүү.<br><br>II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги чыгармаларды көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмаларын жана жолдорун аныктоо, аларды жалпылап практикага сунуштоо. Иштелип чыккан теориялык сунуштарды, ойлорду педагогикалык эксперимент жолу менен сынактан өткөрүү. |
| **каражаты** | II-IV класстардын «Адабий окуу» китептериндеги көркөм окууга сунушталган адабий тексттер |
| **формалар** | «Адабий окуу» сабагы |
| **методдор** | көркөм окуу, окуу боюнча талкуу, тексттен үзүндүлөрдү жаттоо, ролдоштуруу, оюн технологиялары, дискуссия, сөздүк жумуштары, анкеттөө ж.б. |
| **натыйжа** | 1. Окуучулардын чыгармаларды көркөм окуу деңгээлинин жогорулашы<br><br>2. Окуучулардын тексти көркөм окуу аркылуу оозеки кебин өнүктүрүшү<br><br>3. Окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгү аркылуу окурмандык маданиятынын калыптанышы<br><br>4. Көркөм окуу аркылуу текстти түшүнүү жана башкаларга түшүндүрүү компетенттүүлүктөрүнүн жогорулашы<br><br>5. Ар кандай текстти көркөм окууга көнүгүүлөрү |
| **жыйынтыгын** | 1. Окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн жогорулатуу компетенттүүлүгү |

| | |
|---|---|
| **текшер үү нүн чен-өлчөмү** | 2. Окуучулардын өз алдынча көркөм окуу маданиятын байкоо.<br>3. Окуучулардын бейтааныш тексттерди туура, так көркөм окуй алуу компетенттүүлүгүнө жетишүүсүн анализдөө<br>4. Көркөм окуунун шарттары, талаптары жөнүндө маалыматтарга жетишүүсүн билүүсүн байкоо ж.б. |

Жогорудагы компоненттердин негизинде башталгыч класстарда окуучулардын адабий чыгармаларды көркөм окуй билүүгө үйрөтүүнүн педагогикалык модели түзүлдү.




**Сүрөт 2.1. – Башталгыч класстарда окуучулардын адабий чыгармаларды көркөм окуй билүүгө үйрөтүүнүн модели**

Жогорудагы белгиленген теориялык методдор менен бирге эле изилдөөбүздө айтылган илимий ойлордун аныктыгына жетишүүдө эксперименталдык (тажрыйбалык) методду колдодук.

### 2.2.2. Изилдөөнүн эксперменталдык методдору

#### 2.2.2.1. Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана жайынтыктары

Эксперимент жүргүзүүнүн базасы катары Жалал-Абад областынын Ала-Бука районундагы М.Сарыбаев, Н.Жайлообаев атындагы эки, Сузак районундагы №34 Ырыс, №54 Ысмайыл атындагы эки жалпы орто билим берүүчү мектептери, Жалал-Абад шаарындагы №17 орто мектеби жана №4 мектеп-гимназиясы тандалып алынды.

Эксперименттик иштерге жогорудагы 6 мектептин башталгыч класстарынын 46 мугалими жана башталгыч класстардын 516 окуучусу тандалды.

Педагогикалык эксперименттик иштер жалпы төмөнкү үч этапта жүргүзүлдү.

Биринчи этап – аныктоочу этап (2018-2019-жылдар).

Экинчи этап – калыптандыруучу этап (2020-2021-жылдар).

Үчүнчү этап – текшерүүчү этап (2022-2024-жылдар).

Ар бир этаптын максаты, милдеттери, пайдаланылган негизги методдору жана алардан алынган натыйжалары төмөнкү таблицаларда берилди.

**Биринчи этап – аныктоочу этап (2017-2018-жылдар).**

**Таблица 2.8. – Эксперименттин биринчи – аныктоочу этабынын максаты, милдеттери, пайдаланылган негизги методдору жана алардан алынган натыйжалары**

| Изилдөөнүн эмпирикалык этабы: байкоо, аңгемелешүү, анкеталык сурамжылоо, адабияттарды изилдөө | |
|---|---|
| **Пайдаланылган педагогикалык методдор** | Теманын изилденишин үйрөнүү, байкоо, талдоо жана изилдөөлөрдү жыйынтыгын жалпылоо; мектептердин, окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин көркөм окуу боюнча пикирлерин үйрөнүү жана аларды талдоо, жыйынтыктоо; көркөм окуу ишмердүүлүгүнө тиешелүү инсандар менен индивидуалдуу иш жүргүзүү: баарлашуу, интервью, мугалимдердин иш-тажрыйбаларын үйрөнүү, керектүү эмгектер менен таанышуу, анкеталык сурамжылоо, теориялык жана методикалык маалыматтар менен камсыз болуп, аларды анализдөө, жалпылоо; чыгарманы көркөм окуу процессинине таасир берүүчү бардык факторлорду комплекстүү изилдөөгө арналган педагогикалык, психологиялык, социалдык ж.б. методдор, таанып билүүнүн логикалык методдору ж.б. |
| **Бул этаптын максаты** | Илимий изилдөөнүн божомолун аныктоо; адабий окуу сабактарында көркөм окууга даярдоо; көркөм окуу процессин талдоо; көркөм окууну баалоо процессинин теориялык жана практикалык абалын үйрөнүү, талдоо иштери. |
| **Бул этаптын** | Педагогикалык эксперимент жүргүзүүнүн мазмунун, максат-милдеттерин аныктоо; |

| | |
|---|---|
| **милдети** | шарттарын аны максаттуу жүргүзүүнүн жолдорун тактоо; Эксперимент жүргүзүүчү объектерди (мектеп, класс) жана мугалимдерди аныктоо |
| **Бул этаптын алынуучу натыйжалары** | Башталгыч класстардын окуучуларынын көркөм окуу боюнча компетенттүлүктөрүнүн жалпы абалы, бул ишмердүүлүктү уюштуруунун жана өткөрүүнүн тажрыйбалары үйрөнүлөт.<br><br>Башталгыч класстардын мугалимдеринин көркөм окууну өткөрүү боюнча иш тажрыйбалары үйрөнүлөт, талданат, жалпылаштырылат.<br><br>Башталгыч класстардын мугалимдеринин сунуштары, методдору, тажрыйбалары үйрөнүлөт, анализденет жана синтезделет. |

**Экинчи этап – калыптандыруучу этап (2019-2020-жылдар).**

**Таблица 2.9. – Эксперименттин экинчи – калыптандыруучу этабынын максаты, милдеттери, пайдаланылган негизги методдору жана алардан алынган натыйжалары**

| **Изилдөөнү аныктоо, абалды констатациялоо этабы** | |
|---|---|
| **Пайдаланылган педагогикалык методдор** | Көркөм окуу боюнча сабактарга катышуу; сабактарды талдоо; мугалимдер, окуучулар менен аңгемелешүү; анкета жүргүзүү; көркөм окуу боюнча сабактардын план-конспектисин |

| | |
|---|---|
| | жазуу; окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу үйрөнүү жана кемчилдиктерди аныктоо; көркөм окуу конкурстарын жүргүзүү. мектептердин, окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин көркөм окуу боюнча пикирлерин үйрөнүүнү улантуу жана аларды талдоо, жыйынтыктоо; теориялык жана методикалык маалыматтарды анализдөөнү улантуу ж.б. |
| **Бул этаптын максаты** | Илимий изилдөөнүн божомолун дагы тактоо; көркөм окууга үйрөтүүнүн методикалык жана дидактикалык негиздерин дагы тереңдетип аныктоо; изилдөөнүн жумушчу планын түзүү. |
| **Бул этаптын милдети** | Педагогикалык эксперимент жүргүзүүнүн мазмунун, максат-милдеттерин аныктоо, шарттарын аны максаттуу жүргүзүүнүн жолдорун тактоо. Эксперимент жүргүзүүчү объектерди (мектеп, класс) жана мугалимдерди аныктоо |
| **Бул этаптын алынуучу натыйжалары** | Башталгыч класстардын окуучуларын көркөм окууга даярдатуу, окутуу жана талдоо процессинде психолого-педагогикалык, материалдык-техникалык жагдайлар аныкталат. Мугалимдердин көркөм окуу ишмердүүлүктөрү боюнча теориялык, практикалык билимдери, тажрыйбасы үйрөнүлөт. Окуучулардын бул проблема боюнча талаптары, кызыкчылыгы, муктаждыктары такталат. Көркөм окуу |

| | |
|---|---|
| | ишмердүүлүктөрүнүн методикасы өркүндөтүлөт жана өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттары, формалары, методдору сунушталат. |

**Үчүнчү этап – текшерүүчү этап (2021-2023-жылдар).**

**Таблица 2.10. – Эксперименттин үчүнчү – текшерүүчү этабынын максаты, милдеттери, пайдаланылган негизги методдору жана алардан алынган натыйжалары**

| **Изилдөөнүн практикалык этабы: текшерүү, жыйынтыктоо, абалды констатациялоо** | |
|---|---|
| **Пайдаланылган педагогикалык методдор** | Көркөм окууга чыгармачылык менен даярдануу, өткөрүү, талдоо, кемчиликтерди, жетишкендиктерди белгилөө, жалпы анализдөө. Окуучулардын компетенттүүлүктөрүн эске алып, тексттерди, тапшырмаларды кайра сунуштоо.<br>Сабактардын көркөм окуу учурларын даярдоо, талдоо, анын моделин өркүндөтүү, мыкты көркөм окуучулардын конкурсун уюштуруу ж.б. |
| **Бул этаптын максаты** | Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү менен окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү жана ал боюнча текстти талдоо сабактарынын сапатын жакшыртуу, өркүндөтүү максатында түзүлгөн жумушчу божомолдун тууралыгын текшерүү, жыйынтыктарды чыгаруу. Илимий изилдөөнүн божомолун дагы |

| | |
|---|---|
| | бир жолу тактоо. |
| **Бул этаптын милдети** | Көркөм окуу боюнча сабактардын моделин өркүндөтүү. Мугалимдер менен көркөм окуунун теориясы жана практикасы боюнча тренинг, семинар өткөрүү, баяндама жасоо, тема боюнча методикалык макалаларды жарыялоону улантуу. Көркөм окуу боюнча мугалимдердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү. Көркөм окуу боюнча окуу процессинин абалын жакшыртуу, ал аркылуу окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын сунуштоо |
| **Бул этаптын алынуучу натыйжалары** | Көркөм окуу боюнча иштерди талдоо аркылуу окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүүнүн жалпы дидактикалык жана методикалык принциптери түзүлдү<br><br>Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздери аныкталды<br><br>Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн натыйжалуу деп эсептелген методдору, активдүү формалары иштелип чыкты<br><br>Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн өркүндөтүлгөн методикалык |

| | |
|---|---|
| | сунуштар түзүлдү. Эксперимент жүргүзүлгөн мектептердин адабий окуу сабактарынын мугалимдеринин көркөм окуу багытындагы ишмердүүлүктөрү, окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүүнүн технологиялары табылды Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында көркөм окуу боюнча текшерилген иштер жыйынтыкталды жана диссертациялык формага келтирилди |

Педагогикалык тажрыйбанынын аныктоочу (байкоочу, изилдөөчү) этабында, б.а., 2017-2018-жылдарда жалпы билим берүүчү орто мектептердин «Адабий окуу» сабагында көркөм окуунун абалы, бул багыттагы мугалимдердин адис катары компетенттүүлүктөрү, окуучулардын көркөм окуу тууралуу түшүнүктөрү жана көркөм окуй алуу деңгээлдери аныкталды. Бул аныктоо сурамжылоо жана сабактарды анализдөө методдунда өттү.

Сурамжылоого 51 мугалим жана 516 окуучу катышты. Натыйжа төмөнкүдөй болду.

**Таблица 2.11. – Окуучулардын (2-4-класстар) көркөм окуй билүү деңгээлдери**

| **Мектептер** | **Деңгээлдер (пайыз менен)** | |
|---|---|---|
| М.Сарыбаев атындагы мектеби (Ала-Бука району) | Жогорку | 15% |
| | Орто | 34% |
| | Төмөнкү | 51% |
| Н.Жайлообаев атындагы мектеби (Ала-Бука району) | Жогорку | 17% |
| | Орто | 36% |
| | Төмөнкү | 47% |
| №34 Ырыс атындагы | Жогорку | 18% |

| | | |
|---|---|---|
| мектеби (Сузак району) | Орто | 36% |
| | Төмөнкү | 46% |
| №54 Ысмайыл атындагы мектеби (Сузак району) | Жогорку | 16% |
| | Орто | 34% |
| | Төмөнкү | 50% |
| №17 орто мектеби (Жалал-Абад шаары) | Жогорку | 21% |
| | Орто | 44% |
| | Төмөнкү | 35% |
| №4 мектеп-гимназиясы (Жалал-Абад шаары) | Жогорку | 25% |
| | Орто | 44% |
| | Төмөнкү | 31% |

Бул цифралардан көрүнүп тургандай, биз эксперимент жүргүзгөнгө чейин алты мектепте жогорку деңгээл – 15-25%, орто деңгээл – 34-44%, төмөнкү деңгээл – 46%-35% көрсөткүчтөрдү түздү.

Мындай көрсөткүчтөрдү алуунун *чен-өлчөмдөрү (критерийлери):*

- окуучулар шар окушу;
- окуучулардын туура окушу;
- окуучулардын үнүнүн тембри, дикциясы тексттин тематикасына, автордун стилине ылайык келиши;
- окуучунун тексттин тегине (эпика, лирика, драма), түрүнө (проза, поэзия, драма), жанрына карап окуй билиши;
- көркөм окууда интонациянын, паузанын сакталышы
- көркөм окуп жаткан окуучуга башка окуучулардын баа бериши ж.б.

*Деңгээлдерги бөлүштүрүүнүн чен-өлчөмдөрү (критерийлери) он баллдык система менен:*

1. **Жогорку деңгээл:** Окуучулар көркөм окууда тексттин тегин, түрүн, жанрын, тематикасын, автордун стилин ажырата алат; адабий чыгармадагы диалог, монолог, автордук кеп, каармандын кеби түшүнүктөрүн көркөм окуу учурунда эске алат; интонацияны, паузаны жакшы ажыратат; көтөрүңкү

риторикалык пафосту, суроолуу, жай, илептүү сүйлөмдү өз эрежеси менен окуйт; үнүн кырдаалга карай өзгөртө алат ж.б. (7-10 балл).

2. **Ортоңку деңгээл:** Окуучулар көркөм окууда тексттин тегин, түрүн, жанрын, тематикасын, автордун стилин ажырата алат, бирок анча-мынча кемчилдиктер кетирилет; адабий чыгармадагы диалог, монолог, автордук кеп, каармандын кеби түшүнүктөрүн көркөм окуу учурунда эске алганы менен жетишпестиктер кездешет; интонацияны, паузаны жакшы ажыратканы менен алар толук ишке ашырылбайт; көтөрүңкү риторикалык пафосту, суроолуу, жай, илептүү сүйлөмдү өз эрежеси менен окууга аракет кылат, бирок ал аракети толук ишке ашпай калат; үнүн кырдаалга карай өзгөртө алганы менен алары толук болбойт ж.б. (4-7 балл).

3. **Төмөнкү деңгээл:** Окуучулар көркөм окууда тексттин тегин, түрүн, жанрын, тематикасын, автордун стилин ажырата билбейт; адабий чыгармадагы диалог, монолог, автордук кеп, каармандын кеби түшүнүктөрүн көркөм окуу учурунда эске албайт; интонацияны, паузаны жакшы ажыратпай окуйт; көтөрүңкү риторикалык пафосту, суроолуу, жай, илептүү сүйлөмдү өз эрежеси менен окууга аракет кылбайт; үнүн кырдаалга карай өзгөртө албайт ж.б. (4 баллдан төмөн).

Кийинки проблеманы аныктоого 46 мугалим катышты, алар менен аңгемелешүү, сурамжылоо аркылуу башталгыч класстарда көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн жогорку деңгээлде уюштурулбай жана методикалык жактан мугалимдерге жардам болбой жатышынын себептерин аныктоо милдети коюлду жана жыйынтыгы төмөнкү таблицада чагылдырылды.

**Таблица 2.12. – Мугалимдердин пикири боюнча башталгыч класстарда көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн талапка ылайык болбой жатышынын себептери (мугалимдердин саны)**

| | Себептери | с<br>аны |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| | Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча атайын методикалык адабияттардын жоктугу | 12 |
| | Көркөм окуу үчүн хрестоматиялардын, тексттер жыйнактарынын, интернет материалдарынын жетишсиздиги | 10 |
| | Көркөм окуу ийримдерине мектептерде көңүл бурулбагандык | 9 |
| | Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын жайылтылбагандагы | 8 |
| | Көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү ишмердүүлүгүндө азыркы заман технологияларын (телевидение, интернет, электрондук китеп, планшет ж.б.) колдоно албоочулук | 6 |
| | Жогорку окуу жайларында болочок мугалимдер үчүн көркөм окууга маани берилбегендик | 3 |
| | Дагы башка себептер | 3 |

Жогоруда белгиленгендей, башталгыч класстарда көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн өз деңгээлине көтөрүлө албай жатышынын себептери мугалимдердин көрсөтүүсү боюнча төмөнкүлөр: көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча атайын методикалык адабияттардын жоктугу (12 мугалим белгилеген); көркөм окуу үчүн хрестоматиялардын, тексттер жыйнактарынын, интернет материалдарынын жетишсиздиги (10 мугалим белгилеген); көркөм окуу ийримдерине мектептерде көңүл бурулбагандык (9 мугалим белгилеген); көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбаларынын жайылтылбагандагы (8 мугалим белгилеген); көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү ишмердүүлүгүндө азыркы заман технологияларын (телевидение, интернет, электрондук китеп, планшет ж.б.) колдоно албоочулук (6 мугалим белгилеген); жогорку окуу жайларында

болочок мугалимдер үчүн көркөм окууга маани берилбегендик (3 мугалим белгилеген).

Бул көрсөткүч биздин методикалык сунуштарды кайсыл жакка багыттоонун талаптарын жана зарылдыгын көрсөттү.

Эксперимент жүргүзүү үчүн окуучуларды (алардын жалпы саны 516) эки топко бөлүп алдык: 1-топ – байкоо тобу, ага 258 окуучу катышты, экинчи топ – эксперименттик топ, ага да 258 окуучу тандалды.

Байкоо тобунун окуучуларына көркөм окуу ишмердүүлүгүн кадимки окутуп жүргөн өз мугалимдери жүргүздү.

Ал эми эксперименттик топторго эксперментатор мугалимдер тандалып, алар биз сунуш кылган төмөнкүдөй методикалык ишмердүүлүктөр менен иштешти:

1. Көркөм окуу үчүн программага өркүндөтүлгөн талаптар коюлуп, кайсыл чыгарманын кайсыл үзүндүсүн окуу керектиги так аныкталып, алар эксперментатор мугалимдерге чейрек башында эле сунушталды.
2. Көркөм окуу үчүн тексттер жыйнагы түзүлүп, ал мектептердин типографиясынан көбөйтүлүп, эксперименталдык класстын окуучулары үчүн окутуу практикасына берилди.
3. Орус методисттеринин көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча эмгектеринен үзүндүлөр жыйналып, алар китепче түрүндө чыгарылып мугалимдерге сунушталды.
4. Эксперимент жүргүзүп жаткан мугалимдердин электрондук почталарына мугалимдердин көркөм окуу боюнча өткөн үлгүлүү сабактарынын видеожазуулары жөнөтүлүп, алар кайтарым байланыш менен вотсап группасында талдоого алынып турду.
5. Экспериментатор мугалимдерге көркөм окуу багытында атайын семинар, тренинг, конференция, ачык сабактар, ийримдер, конкурстар ж.б. иш чаралар системалуу түрдө өткөзүлдү жана алар талданды.

6. Экспериментатор мугалимдерге көркөм окууда заманбап технологияларды (интернет, слайд, анимация, интерактивдүү оюндар, мультимедия, ролиг, ж.б.) кеңири колдонуу талап кылынды.

7. Белгилүү театр жана кино артисттеринин текстти көркөм окуган аудио жана видео тасмалары пайдаланылды ж.б.

Эксперименталдык класстарда көркөм окуунун үч формасын өзгөчө колдондук.

Биринчи формасы – өз чыгармасын автордун өзү окуганы (Мисалы, Турар Кожомбердиевдин ырлары автор өзү окуйт (https://www.youtube.com/watch?v=5v7k8Gv4pgY).

Экинчи формасы – көркөм окуучу (чтец) чыгармаларды сүрөт коштолгон слайд менен окуйт (Мисалы, «Менин күчүгүм Акжолтой» (https://www.youtube.com/watch?v=FS_SY49fUFo).

Үчүнчү формасы – автордун чыгармаларын аристтер окуйт (Мисалы, КР эмгек сиңирген артисти Р.Курбанов окуду (https://www.youtube.com/watch?v=EExSVODbGTc) ж.б. мисалдар көп.

Мына ушундай иш-аракеттердин соңунда эксперименттин калыптандыруучу деп аталган экинчи этабында – 2019-2020-жылдарда окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн динамикасы боюнча жыйынтык чыгардык.

**Таблица 2.13. – Экинчи – калыптандыруучу этапта (2019-2020-жылдар) окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн динамикасы боюнча өздөштүрүүлөрүнүн деңгээли**

| байкоо тобу | | | эксперименттик топ | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмө | орто | жого | төмө | орто | жого |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| нкү | ңку | рку | нкү | ңку | рку |
| 22% | 58% | 20% | 15% | 47% | 38% |

Таблицадан көрүнгөндөй, байкоо тобунда төмөнкү деңгээл 22% болсо, эксперименттик топто 15% болду (айрыма 7%), ал эми ортоңку деңгээл байкоо тобунда 58%, эксперименттик топто 47%ды түздү (айрыма 11%), жогорку деңгээл байкоо тобунда 20% болсо, эксперименталдык топто 38% болду (айрымасы 18%).

Ушул айырмачылык биз сунуш кылган көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү методикасы оптималдуу экендигин тастыктады.

**Таблица 2.14. – Көркөм окуу боюнча окуучулардын өздөштүрүү деңгээли (тажрыйбанын 3-этабындагы 4-класстардын көрсөткүчү) (ПРОЦЕНТТЕРИН ЧЫГАРУУ КЕРЕК)**

| | Топтор | Окуучула | Жооптордун типтери |
|---|---|---|---|

| Көркөм окулган чыгармалар | | | Көркөм окуунун талаптарын толук сактагандар (70-100 балл) (саны, пайызы) | | Көркөм окуунун талаптарын анча толук сакталбагандар (50-70 балл) (саны, пайызы) | | Көркөм окуунун талаптарын толук сакталбагандар (20-50 балл (саны, пайызы) | | Көркөм окуунун талаптарыттакыр сакталбагандар (20 баллдан төмөн (саны, пайызы) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сан | йызы | ы | па йызы | ы | па йызы | ы | па йызы |
| Э.Ибраев «Бишкегим» | | 58 | 11 | | 1 | | 9 | | 7 | |
| | | 58 | 5 | | 9 | | 6 | | 8 | |
| Н.Алымбеков «Ата Журтка айтарым» | | 58 | 19 | | 8 | | 8 | | 3 | |
| | | 58 | 4 | | 1 | | 9 | | 2 | |
| М.Алыбаев «Сот болгон коён» | | 58 | 10 | | 7 | | 1 | | 0 | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 58 | 6 | | 6 | | 7 | | 9 | |
| **«Семетейдин Таласка келиши»** | | 58 | 20 | | 9 | | 7 | | 2 | |
| | | 58 | 6 | | 8 | | 7 | | 7 | |
| **«Кожожаш мерген»** | | 58 | 24 | | 7 | | 6 | | 1 | |
| | | 58 | 6 | | 8 | | 4 | | 0 | |

Э.Ибаевдин «Бишкегим» деген ыры боюнча эксперименталдык класстарда (э) байкоо класстарына (б) салыштырганда көркөм окууну эң жакшы өздөштүргөндөр (111-95,.......%га жогору), жакшы өздөштүргөндөр (91-89,.......%га жогору), ал эми төмөнкү деңээлге айырма (17-28 болуп), эксперименталдык класстарда бул деңгээл 11 окуучуга (...%) аз болгон.

Таблицада мында ошондой эле айрымачылыктар Н.Алымбековдун «Ата Журтка айтарым», М.Алыбаевдин «Сот болгон коён» деген чыгармаларынын, «Семетей» жана «Кожожаш» эпосторунун негизинде көрсөтүлдү *(таблица).*

Ошентип, биздин эксперименттердин жалпы жыйынтыгы 9-11%га сапаттык өсүш берип, методикалык сунуштарыбыз туура экендиги тастыкталды.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Диссертациянын 2-бабы **«Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы боюнча илимий изилдөөнүн**

**материалдары жана методдору»** деп аталат. Баптын биринчи бөлүгү *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталды. Диссертациянын негизги негизги материалдары болуп КР баш мыйзамы, ЖК кабыл алган «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, башталгыч класстарда адабий окуу предмети боюнча мамлекеттик стандарттары, «Адабий окуу» предметинен окуу программалары, окуу китептери, бул китептердеги көркөм окууга сунуш кылынган чыгармалар, ушул темага байланыштуу методикалык колдонмолор, мугалимдердин тажрыйбалары ж.б. эсептелет.

II-IV класстын «Адабий окуу» предметиндеги окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана өткөрүү улуттук фольклордон, акындар чыгармачылыгынан, кыргыз совет адабиятынан жана дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрүнөн алынган. эгемендүүлүк мезгилиндеги балдар адабиятынан алынган. КР билим жана илим министрлиги бекиткен окуу планы боюнча «Адабий окуу» предметине ар бир класста жумасына 4 сааттан, бир жылга 136 саат, жалпы үч класста 408 саатка бөлүнгөн. Мына ушул сааттардын тең жарымынан ашык бөлүгүндө көркөм чыгармаларды көркөм окуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Биздин изилдөө үчүн материалдар, б.а., адабий чыгармалар төмөнкү китептерден алынды:

II класстар 2 китеп: 1) А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу»; 2) Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».

III класстар 2 китеп: 1) А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу» 2) Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».

IV класстар 2 китеп: 1) А.Токтомаметов «Адабий окуу» 2) С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу».

Диссертацияда ушул окуулуктардан алынган чыгармалардын матераилдарынын негизинде башталгыч класстарда көркөм окуунун теориясы жана методикасы изилденди.

Ушул баптын экинчи бөлүмү *«Илимий изилдөөнүн методдору»* деп аталат да, анда изилдөө ишибизде биз колдонгон теориялык методдордун максаты, мааниси жана технологиялары чагылдырылды. Диссертациянын божомолуна жетүү үчүн биз колдонгон тема боюнча илимий булактарды изилдөө, аңгемелешүү, окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүн анализдөө, анкеттөө, байкоо, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, моделдештирүү методдорун кандайча жана кайсыл жагдайларда колдонгондугубуз көрсөтүлдү.

Диссертациялык изилдөөнүн ушул эле бабына педагогикалык эксперименттин максаты, милдети, методдору, алардан алынган жыйынтыктар кыскача берилди.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Жалал-Абад областынын Ала-Бука районундагы М.Сарыбаев, Н.Жайлообаев атындагы эки орто мектеп, Сузак районундагы №34 Ырыс, №54 Ысмайыл атындагы эки жалпы орто билим берүүчү мектептери, Жалал-Абад шаарындагы №17 орто мектеби жана №4 мектеп-гимназиясы, жалпы шаардык эки, айылдык төрт мектеп алынды. Байкоо жана эксперименталдык топтордо эксперименттин биринчи этабында окуучулардын көркөм окуу компетенттүүлүктөрү негизинен окшош эле болсо, биз эксперимент жүргүзгөн класстарга жаңы технологияларды, мугалимдер үчүн кошумча методикалык ыкмаларды сунуш кылдык.

Педагогикалык-эксперименттик методдор катары көркөм окуу боюнча сабактарга катышуу жана аларды талдоо, артисттердин жана көркөм окуу боюнча чеберлердин окууларын угуу жана аларды анализдөө, көркөм окуу боюнча конкурстарды уюштуруу, аларды жыйынтыктоо усулдары колдонулду.

Жыйынтыгында, көркөм окууну өткөрүү боюнча биздин сунуш кылган ыкмалар, каражаттар жана технологиялар оптималдуу экендиги далилденди.

Алар ушул бөлүмдө математикалык-статистикалык методдор менен таблица түрүндө көрсөтүлдү.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕ КӨРКӨМ ОКУУНУ УЮШТУРУУНУН ЖАНА ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде көркөм окууну өткөрүүнүн баскычтары

Азыркы Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн мазмунунда адабий окуу адабият предметинин баштапкы баскычы катары каралат. Алар өз алдынча окуу предмети жана педагогикалык илим катары калыптанып келечектүү проблемалары окумуштуулар тарабынан изилденип, практикаланып келүүдө. Ошентсе да, учурда мектеп практикасында адабий окуу предмети эне тилдик баалуулуктарды, окутуу-тарбиялоо процессинде, эстетикалык тарбия берүүдө балдардын китеп окурмандыгын, адептик баалуулуктарынын аздыгын, сөз байлыктарынын жакыр болушуна алып келүүдө. Ал кемчилдиктердин алдын алуу жана аны жоюу методисттер жана мугалимдер тарабынан көңүл бурууга муктаж проблема.

Адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө, деги эле эстетикалык маданиятты көтөрүүдө адабияттын искусстволук бөтөнчөлүгүн туура таанууда адабий тектер жана жанрлар боюнча билим алуунун мааниси чоң. Бул өңүттө алып караганда, адабияттын баштапкы баскычы болгон адабий окуу сабагында чыгармаларды окутууда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тапшырмаларды, чыгармаларды талдоочу каражаттарды, ыкмаларды сунуштоо, чыгармачылыгын өркүндөтүү, окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана көркөм окууга көңүл буруу кадамдары учурда адабий окуу предметинин башкы маселеси. Мындай проблемалардын келип чыгыш себептери:

- адабий окуу сабагында чыгармаларды көркөм окутуунун жеткиликтүү болбогондугу;
- окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүнүн (оозеки, жазуу) төмөндүгү;
- окуучулардын чыгармачылыгынын өнүкпөгөндүгү;

- окуучулардын адабий китеп окууга болгон кызыгуусунун жоктугу;
- жалпы эле социалдык чөйрөдө, анын ичинде маданий, адабий-музыкалык кечелерде чыгармалардын көркөм окулушунун жеткиликтүү эместиги;
- мугалимдердин көркөм окуу өнөрүнүн анчалык жогору эместиги;
- университеттерде болочок башталгыч класс мугалимдерине көркөм окуу сабактарынын үйрөтүлбөгөндүгү, демек, мугалимдердин өздөрүнүн көркөм окуу жана ал аркылуу балдардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча компетенттүүлүктөрүнүн начардыгы;
- окуучулар текстти жеткиликтүү даражада көркөм окуй албагандыгы, алардын көркөм окуу аркылуу текстти түшүнүү компетенттүүлүктөрүнүн калыптанбагандыгы;
- чыгарманын таасири менен балдардын жан дүйнөсүндөгү адеп-ахлактык канааттануунун ортосундагы байланыштын солгундашы;
- мектеп практикасында көркөм окууну уюштурууда кыргыз тилинде, атайын башталгыч класс мугалимдери үчүн методикалык колдонмонун дээрлик жазылбагандагы;
- башталгыч класстарда балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша инсанга багыттап окутуунун технологияларынын негизинде чыгарманы көркөм окуу аркылуу талдоого багыттоочу ыкмалардын жоктугу;
- маалымат каражаттарында, интернет булактарында адабий чыгармаларды артисттердин, чтецтердин көркөм окуусундагы кыргыз тилиндеги материалдардын аздыгы ж.б.

Жогорудагыдай көркөм окууга, деги эле мектептеги окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу педагогикалык жана социалдык проблемалар

кыргыз мектептеринин практикасында арбын, көркөм окуу бир гана башталгыч класстарда гана эмес, жогорку класстарда да өзгөчө көңүл буруугa муктаж.

Көркөм окуу – мектеп шартында өркүндөтүлүүчү, тарбиялоонун жана үйрөнүүнүн негизинде калыптандырылуу искусство жана ал окуучуларды этикалык, руханий жана эстетикалык тарбиялоонун каражаты. Бул аныктамаларга таянсак, көркөм окуу – окуучулардын көркөм-эстетикалык табитин, этикалык, нравалык көндүмдөрүн калыптандыруудагы негизги куралдардын бири. Биз бул жаатта кыргыз окумуштуулары тарабынан аз изилденгендиктен орус окумуштуу методисттеринин иликтөөлөрүнө таянып, көркөм окуу интонация жана анын компоненттери менен ишке ашарын далилдешсе да эне тилибиздин өзүнчө майзамдарына ылайык тыбыштык, грамматикалык түзүлүшү аркылуу интонация жана анын компоненттери менен уюштуруунун жолдорун карадык.

Интонациялык каражаттар окуунун максат-милдеттерине ылайык уюштурулат. Ал көркөм окууда негизги ролду ойнойт. Анын *компоненттери* – логикалык басым, логикалык жана психологиялык тыным, үндүн басыңкы жана көтөрүңкү чыгышы, ыргак, тембр, эмоциялык боёктор. Бул компоненттерге негиздеп көркөм окууну уюштурууда орус методисттеринин сунуштарына таянып төмөндөгүдөй көнүгүүлөрдү аткарууну эффективдүү деп аныктадык.

**Үндүк кубулуштарды өздөштүрүү үчүн көнүгүүлөр:**

- артикуляция: үндүү жана үнсүз тыбыштарда, муундарда ар түрдүү болушу;
- ар бир сөздө, сүйлөмдө үнду өзгөртүп окуу;
- тексттин маанисине карай үнду өзгөртүп окуу;
- чыгарманын тегине, түрүнө карай үнду өзгөртүп окуу;
- жаңылмачтарды өзгөчө ыкма менен окуу;
- текстти бир, же бир нече окуучу ролдоштуруп окуу;

- бир дем алуу менен окуу (чукул дем алып, дем чыгарып, баштан аяк окуу):

- сүйлөмдөрдүн түрүнө карап тандап окуу (суроолуу, жай, буйрук)

- бир эле сүйлөмдү ар түрдүү интонацияда окуу;

- каармандарды, автордун баяндамасын өз-өзүнчө үн менен окуу ж.б.

**Текстти же чыгарманы окууда басым жана тынымдарды колдонуп окуу үчүн машыгуучу көнүгүүлөр:**

- ээрчип окуу (мисалы, бир ырдын 1-2 сабын мугалим окуйт, калган окуучулар ошол мугалимдей ык, интонация менен улантып окушат);

- текстти талдап окуу (окуучулар тынымды, логикалык басымды мугалимдин жардамы менен талдап окушат) ж.б.

**Эмоциялык боёкторду, ыргак жана темпти колдонуп окуу үчүн көнүгүүлөр:**

- текстти музыканын ыргагында окуу (мугалим текстке, чыгармага туура келген музыканы, көп учурда комуз күүсүн тандайт да, бир аз окуп берет, окуучулар аны кайталап музыканын ыргактарына шайкеш келгендей кылып андан ары окушат);

- маанайды (насторение) чагылдырып окуу (бир окуучу окуйт, калган окуучу анын маанайын аныкташат);

- дикторлук окуу (ар бир окуучу өз алдынча текст даярдап, диктор катарында окушат, аларды окуучулар баалайт) ж.б.

Жогорудагыдай көнүгүүлөрдү аткаруу менен бирге чыгармаларды окутууда суроолорду жана тапшырмаларды түзүү аркылуу окуучулардын чыгармачылыгын арттыруу натыйжалуу ийгиликтерге жетишүүгө шарт түзөт. Окуучулардын чыгарманын мазмунун түшүнүп, каармандардын образын элестетип, ойлоонун жогорку этабына чыгып, окуучуда интонациянын

компоненттерин колдонуу мүмкүнчүлүгүн жаратуу үчүн төмөндөгүдөй тапшырма түзүүнүн ыкмаларына негиздеп аларды түзүү жемиштүү болот.

*Чыгармаларды окутууда Б.Блумдун таксономиясына негиздеп суроо-тапшырмаларды түзүүнүн жолдору болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй көнүгүүлөрдүн алкагында ишке ашат.*

*Төмөнкү баскычта:*

1. Чыгарма жөнүндө маалымат алуу.

Мугалим менен окуучунун ишмердүүлүктөрү бир тараптуу талап кылынып, класста сабак учурунда чыгарманы окуп же угуу аркылуу маалымат алышы менен мүнөздөлөт.

2. Каармандарды атоо.

Бул процесс класста окуучуларды топторго бөлүп алып тапшырмаларды берүү аркылуу ишке ашат. Анда убакыт так өлчөнгөн, тапшырмалар жооп берүүгө ыңгайлуу, маалыматтык, кайталоочу учур болушу шарт. Ал тапшырмалардын үлгүлөрү, мисалы:

1) Чыгармада кайсы каармандар катышкандыгын атап жазгыла?

2) Чыгармадагы каармандардын диалогун тексттен тапкыла?

3) Өзүңө жаккан каармандын сөзүн чыгармадан оку ж.б.

*Аныктоочу баскычта:*

1. Каармандарды мүнөздөө.

Бул жумуш сабак учурунда же үйгө тапшырма катары аткарылат. Окуучулар чыгармадагы каармандарды мүнөздөө менен чыгарманын тема-идеясын, мазмунун аныкташат. Тапшырма окуучулар каармандарды мүнөздөп жазууга багытталган шартта түзүлөт.

Мисалы:

1) Каармандарды төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөп жаз (оң сапаттары боюнча, терс сапаттары боюнча)

2) Чыгармада кайсы каарман негизги каарман боло алат?

3) Сага жаккан каармандын мүнөздөрүн атап жаз

4) Каармандардын диалогун түз ж.б.

а) Каармандарды бири-бири менен салыштыруу.

Окуучулар чыгармадагы каармандарды мүнөздөйт. Аларга өз оюн жазат. Мында окуучунун ой жүгүртүүсү, кеп ишмердүүлүгү, чыгармачылыгы да белгилүү деңгээлде калыптанат. Суроо-тапшырмалардын үлгүсү, мисалы, мындай:

1) Каармандарды мүнөзү боюнча салыштыр?

2) Каармандарга карата өз оюңду жаз (каармандардын андай болуусун каалабайт элем же тескерисинче мындай болсо жакшы болмок деген сыяктуу көз караштын чагылдыруучу суроо-тапшырмалар болот)

3) Каармандардын образын тактоо ж.б.

*Жогорку баскычта:*

1. Чыгарманы мурунку окуган чыгарма менен салыштырып баалоо.

Окуучулар чыгарманы түшүнгөндөн кийин мурунку чыгарма менен салыштырып талдашат. Ал эки чыгарманын айырмачылыктарын, окшоштуктарын талдоо аркылуу окуучуларда жаш өзгөчөлүгүнө жараша адабий-теориялык түшүнүктөрү калыптанып, чыгармачылык деңгээли жогорулайт.

2) Чыгармага негиздеп чыгарма жаратуу.

Бул тапшырмада окуучулар ошол окуп жаткан чыгармага негиздеп чыгарма жаратат. Окуучулардын чыгармачылык менен иштөө, мазмунду түшүнүү, аны өзгөртүп түзүү ыктарына жетишкенде гана ишке ашат. Тапшырмалардын формалары, мисалы, мындай:

1) Чыгарманы сюжеттин сүрөттөр аркылуу чагылдыруу

2) Чыгармадан берилген абзацты өзгөртүп түзүү

3) Чыгармадан бир каарманды тандап алып ага карата оюн жазуу ж.б.

Демек, текст окуу менен баланын чыгарманы толук окууга үйрөтүп, андан соң жалпы эле окурмандыкка тарбиялоого шарт түзүлөт. Китеп окурмандык компетенттүүлүгү калыптанган сайын балада эне тилинин баалуулуктары ачылып, ал үйронгөндөрүн практикада колдонуу ишмердүүлүгү жогорулайт. Ошол эле кезде окуучунун тилдик-коммуникативдук компетенттүүлүгү өнүгөт.

### 3.2. Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун каражаттары жана анын компоненттери

Көркөм окуу проблемасын караганда эң биринчи методологиялык база орус методисттеринин изилдөөлөрү. Орус окмуштуулары Н.М.Соловьева менен Р.Р.Майман көркөм окууну үчкө бөлүп караган. Мугалимдин көркөм окуусу, окуучунун көркөм окуусу, мастердин көркөм окуусу.

Мындан бизге мугалимдин көркөм окуусу менен окуучунун көркөм окуусу зарыл.

**Мугалимдин көркөм окуусу** – бул сабактагы чечүүчү учур. Эгерде мугалим өзү көркөм окуу өнөрүн үйрөнбөсө, ал балдарды көркөм окууга үйрөтө албайт. Демек, эң биринчи кезекте мугалимде көркөм окуу

жөндөмдүүлүгү сөзсүз болушу керек. Ал көптөгөн жылдар бою миңдеген тексттерди окуп, көркөм окуй турган адистердин, артисттердин окуу ишмердүүлүгүн өзүнө сиңдириши зарыл. Сабакка чейин эле мугалим өзү алдыда окулуучу текст менен таанышып, андагы көркөм окууну уюштуруудагы мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, көркөм окууга даяр болот жана сабакта көркөм окууну жогорку деңгээлде өткөрүүгө милдеттүү экенин сезет.

**Окуучунун көркөм окуусу**. Окуучулар көркөм окууну искуство катары таанып, мурунтан практикаланган жомоктордогу каармандардын үндөрүн туурашканын (түлкү, карышкыр, коён, чычкан ж.б.) көрүүгө болот. Алар бул жомок каармандарын үнүн тууроодо, биринчиден, турмушта көргөн-уккандарын пайдаланат; экинчиден, мультфильмдерден, башка фильмдерден үйрөнөт; үчүнчүдөн, аудиокитептерден уккан болот; төртүнчүдөн, айрым адамдар кайсыл бир жаныбарга окшош сүйлөгөнүн угуп жүрүшөт. Мындан келип чыгуучу жыйынтык – окуучулардын көркөм окуусун уюштуруу эң биринчи кезекте практикадан алынышы керек. Класста көркөм окууну билгичтик менен уюштуруу үчүн мугалим окуучуларынын мүнөзүн, үнүнүн тембринин, дикциясын жакшылап өздөштүрөт. Мисалы, араң үнү чыккан, назик кызга жомокту ролдоштуруп көркөм окутууда арстандын сүйлөгөн жерин сунуштоого болбойт, ошол сыяктуу эле жоон үндүү жигитке коркок коёндун образын бөлүштүрүү туура болбой калат. Окуучулар мугалимдин көркөм окуусун угуп жатып, аны тууроо жана үйрөнүү менен өздөрүнүн көркөм окуу маданиятын калыптоого багыттайт.

Көркөм окууну уюштурууда жана өткөрүүдө башкы нерсе – окуучунун көркөм окуунун каражаттарын пайдалана алуусу. Көркөм окунун каражаттарынын негизин интонация жанан анын компоненттери түзөт. *Интонациянын* туура коюлушу менен текстте автордун айта турган оюу көркөм берилет да, ал ой таамай жана таасирдүү жеткирилет. Көркөм окууда дагы бир маанилүү жагдай – көркөм окуган баланын дем алуу, дем чыгаруу учурларынын туура табылышы. «Интонация (лат. – катуу айтыш, көтөрүңкү

сүйлөш) – сүйлөгөндө же чыгарманы окуганда үндүн бийик же басыңкы айтылышы. Үндүн ыргагы чыгарманын идеялык мазмунуна жараша аныкталат: жай, суроолуу болот, кубанганды, кайгырганды, ачуулануунун ж. б. психологиялык абалды билдирет. Интонация айрыкча ырларда, диалог, монологдордо каармандын ар түрдүү психологиялык абалын билдирүүдө жана мүнөздү ачууда чоң мааниге ээ. Мисалы, Ч.Айтматовдун «Саманчы жолу» повестиндеги Толгонайдын монологу, анын жашоо-турмуш, адамзаттын келечеги жөнүндөгү көз карашы өзгөчө шаңдуу интонация аркылуу билдирилет, ал эми А.Осмоновдун «Музыка» деген ырынын текстинде «Эң аярым, эң кымбатым, музыка» деп салтанаттуу интонация көрүнсө, анын «Бөбөккө» аттуу ырында кайгы-капалуу, муңдуу интонация колдонулат. Көркөм чыгарманы окууда интонацияны туура аныктоо анын маанисин терең түшүнүүгө жардам берет» («Кыргыз адабияты: маалыматтама» [64, 63]). Демек, интонация – бул үндүн ыргагы. Көркөм окууда үн бирдей ыргакта кетпеши керек, андан болгондо угуп турган адамды эриктирип жиберет да, окуп аткан адамдын айтып атканы угуп аткандай үчүн кабыл алынбайт. «Ыргак, ритм – кандайдыр бир иш-аракеттин белгилүү бирдей убакытта кайра-кайра кайталанып турушу. Турмушта бардык нерсенин ыргагы болот, маселен жүрөктүн согушу, күн менен түндүн алмашышы, суунун агымынын бирдейлиги, толкундун кыймылы ж.б. Мына ушул ыргак бузулганда нормалдуулук сакталбайт, жүрөктүн бирдей сокпошу адамдын дартын билдирет, демек, ыр ыргагынын бузулушу ырдын ырдык касиетин жоготот. Ырды ыр кылган ушул – ыргак. «Ритм – ырдын негизги күчү, негизги кубаты» (В.Маяковский). «Ак учук бердим саптап ал» десек, ал ыр болгон жок, ошого дагы сап улайлы: «анан аны үйүңө алып кет», деле ыр болгон жок, себеби биринчи саптагы ыргак дагы кайталаныш керек эле, андай болбогондуктан ыргак бузулду. Ыргак калыбына келиш үчүн «ак учук бердим саптап ал» деген сөз айкашына «ак шумкар бердим таптап ал» дегенди кошкондо ыргак пайда болду да, эми ырга окшоду. Ыргак ар бир тилдин ички тыбыштык, грамматикалык, стилдик мыйзамдарына байланыштуу түзүлөт» («Кыргыз

адабияты: маалыматтама» [64, 180-181]). Бул жердеги ырга байланыштуу айтылган ыргак тууралуу эрежелер жалпы эле тексттерге туура келет. Көркөм окууда мына ушул ыргак, анын тексттин маанисине, автордун жана каармандардын кебине, диалог жана монологдорго, төл жана бөтөн сөзгө карап өзгөрүп барат. Жөнөкөй окуудан көркөм окуунун негизги айырмачылыгы ушунда.

Көркөм окуудагы негизги каражат болгон интонация бир нече компоненттерди өзүнө камтыйт:

1) Логикалык психологиялык басым
2) Үндүк кубулуштар (каармандык үн, тон)
3) Тыным
4) Ыргак жана темп
5) Каармандык ички туюмдардын чагылдырылышы.

*Логикалык психологиялык басым* – бул, текст окуп жаткан учурда кандайдыр бир ойдун, окуялардын курчушун же психологиялык өзгөчөлүктү камтыгын учурда колдонулат. Бул кубулуш ошол тексттеги же сүйлөм ичиндеги сөзгө басым жасалуусу менен ишке ашат.

*Үндүк кубулуштар* (каармандын үнү, көркөм окуучунун тону) – чыгармадагы каармандардын үндөрүн окшотуп, анын образдарын чагылдырууда колдонулуучу ыкма. Өзгөчө ал диалог түрүндөгү тексттерде маанилүү орунду ээлейт.

*Тыным* – чыгармадагы бир ойдун, окуянын бүтүшү жана жаңы ойдун башталышында жүрүүчү токтоо процесси.

*Ыргак жана темп* – окуунун жүрүшү. Ал чыгарманын мүнөзүнө жараша болот. Ырларды, жомокторду, диалог, монологторду окууда анын мазмунуна жараша колдонулат. Темп болсо үндүн ыраттуулугу. Тондун жогору-төмөн

болуп өзгөрүүсү ыргак менен эриш-аркак алынып барылуусу аркылуу ишке ашырылат.

*Каармандын ички сезим туюмдарынын чагылдырылышы*. Мында окуп жаткан окурмандын ошол чыгармадагы каармандардын образдарын, психологиялык абалын ички туюмдарын сезип, аны текстти көркөм процессинде чагылдыра билүүсү.

Көркөм окууда мугалим окуучуга үйрөтө турган дагы бир учур – *пауза.* «Пауза (гр. – токтоо, тыным), тыным – сүйлөмдүн же сөздөрдүн маанисине же ырлардын ритмине карай сүйлөм арасындагы жасалган тыным. Пауза речтин экспрессиялуулугун жана эмоциялуулугун арттырат. Мисалы, «Мырзагүл эми кубанып көчөгө чыгып тоспойт, Султанмуратты көрүп, сыймыктанып турбайт... Үмүт-кыялдын баары талкаланды...

Ошол үчүн ыйлап баратты...» (Ч.Айтматов).

Поэзиялык чыгармаларда паузалар көп колдонулат, мында акындын сезиминдеги ар түрдүү пафостор эркин берилет. Тынымды ыктуу колдонуу да чеберчиликти талап кылат. Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, С.Эралиев, Ж.Мамытов, Н.Жаркынбаевдин ырларында паузанын орундуу колдонулганын өзгөчө белгилөөгө болот» («Кыргыз адабияты: маалыматтама» [64, 115]).

Дем алуу жана анын ыкмаларын туура билүү – көркөм окуунун башкы шарты. IV класста «Боз үй» деген текст берилет [79]. Бул текстте азыркы окуучулар аңдап биле бербеген көп сөздөр бар, ошолорду түшүнүү жана кабыл алуу үчүн окуп жатканда көркөм окуунун ар кандай компоненттери колдонулат. Мисалы, тексттин ыргагы мындай тартипте окулат.

**Таблица 3.1. – Тексттеги сүйлөмдөр жана аларды көркөм окуу шарттары**

| **Сүйлөм** | **Көркөм окуу шарттары** |
|---|---|

| | |
|---|---|
| Элибиз эзелтеден бери ыйык тутуп, ата-бабалардан калган мурас катары ардактап тигип келген боз үйдү ким билбейт! | Үтүр белгиси турган жерге жай токтоп, жалпы сүйлөмдү толкундануу, сыймыктануу сезими менен окуу, ошол эле кезде угуп тургандарга риторикалык суроо менен кайрылуу |
| Боз үй жалпы эле көчмөн элдердин ысыкта саябандоочу, сууктан калкалоочу, жашоо-турмушу өтүүчү турак жайы болгон. | Биринчи «боз үй» деген сөзгө логикалык басым түшүрүү, бир өңчөй мүчөлөрдү (ысыкта саябандоочу, сууктан калкалоочу, жашоо-турмушу өтүүчү) биринен кийин бири келүүчү көрүнүштөр катары бөлүп-бөлүп окуу. Жалпы сүйлөмдү жай гана түшүндүрүү. |
| Боз үй – көркөмдүгү өзгөчө, тигип-чечүүгө жана көчүп-конууга ыңгайлуу, жөнөкөй жана жеңил. | Мында да биринчи «боз үй» деген сөзгө логикалык басым түшүрүү, калгандар бүт ошол логикалык басым түшкөн сөздүн белгилери катары көрсөтүлүп, үтүр белгиси турган жерлер паузалар менен окулат. |
| Аны чечип туруп бүктөп койсо, бир төөлүк гана жүк болот, тигип койсо, бир үй-бүлө сыйып жашай турган жылуу жайга айланат. | Бул жерде «бүктөп койсо» жана «тигип койсо» деген сөз айкаштары логикалык басымды талап кылат да, андай кыймыл-аракеттердин натыйжасы тигилерди чечмелөө катары берилет. |

| | |
|---|---|
| Боо-чууга: баш чалгыч, уук тизгич, кереге чалгыч, эшик боо, туурдук боо, үзүк боо, кырчоо кирет | Мындагы «боо-чууга» деген сөз жалпылама сөз, ошондуктан аны шашпай окуп, бир аз тыным кылып туруп, калгандарын (баш чалгыч, уук тизгич, кереге чалгыч, эшик боо, туурдук боо, үзүк боо, кырчоо) бирдей үн менен сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү катары окуп, «кирет» деген сөздү да логикалык басым менен окуу шарт. |
| Боз үйдүн ортосу коломто, эшиктин бет маңдайы төр, эшик жагы улага, киргендеги сол тарап эр жагы, оң тарап эпчи жагы деп бөлүнөт ж.б. | Бул жерде боз үйдүн ар түрдүү жагы (коломто жагы, төр, улага, эр жак, эпчи жак) айтылып жаткандыктан текст окуп жатканда кол жаңсоо же көз ымдоо кубулуштарын окуу иши менен биримдикте өткөрүүгө болот ж.б. |

«Боз үй» деген бул текстте бир өңчөй баяндоочтор, аныктоочтор, бышыктоочтор, толуктоочтор учурайт да, ар бирин ырааттуулук менен, жай жана окуучулар жасалгасын (туш кийиз, шырдак, ала кийиз, көлдөлөң), эпчи жагын (алабакан, чыгдан), кереге башын (аяк кап, чыны) элестете алгандай темп жана ыргак менен окуу зарыл.

Сүйлөмдөрдө логикалык басым «боз үйгө» түшкөн себеби, ал калган маанидеги сөздөрдү жетелейт, б.а., калган сөздөр логикалык басым түшкөн сөз үчүн кызмат кылат. Логикалык басымда үндү көтөрүңкү чыгарып, башка сөздөрдүн арасындагы негизги сөздү, таяныч же өзөк сөздү тандап алабыз. Логикалык басымга ылайык сүйлөмдүн мааниси өзгөрүп да кетет. Окуучулар менен мындай бир көнүгүүлөрдү аткаруу менен бул процессти карап көрөлү.

Боз үй – улут сыймыгы.

Улут сыймыгы – боз үй.

Кыргыздардын турагы боз үй болуп келген.

Коноктор боз үйдөн чыгышты ж.б.

Ушундай сүйлөмдөрдү окуу жана талдоо менен окуучулар сүйлөмдө «боз үй» деген сөздүн кайсыл жерде кандай орунда турганын, ошого жараша кантип окуу керектигин түшүнөт.

Көркөм окууну туура өткөрүү чыгарманы түшүнүүнү жана талдоону эмоционалдуу кылып, адабият искусствонун башка түрлөрүнөн (живопись, скульптура, кино, балет ж.б.) сөз өнөрү болгондугу менен айырмаланарын көрсөтөт. Сабакта чыгармаларды ар дайым көркөм окуп туруу кептин үн жана обон менен байланышын бекемдеп, оозеки кеп маданиятынын жогорулашынан таасирин тийгизет.

Окуучу текстти көркөм окуп берүү үчүн кандайдыр бир көндүмдөргө ээ болушу керек, ага жетишүү үчүн психофизикалык жана кептик (речтин) өнүгүүгө жетиши шарт. Бул узакка созулган татаал процесс. Тексти туура, түшүнүү менен, эмоцияларын билдирип окубаса, көркөм окуу катары эсептелбейт.

Мындай окуудагы биринчи зарылдыктар: үндүн тону; үндүн күчү; үндүн тембри; кептин темпи (жай, ылдам, тез, акырын); пауза (токтоп туруу, тыныгуу жасоо); тондун музыкалуулугу; логикалык жана синтагматикалык басым.

Булар кепти окуунун техникасы менен байланышат, алар: дикция; дем алуу жана дем чыгаруу; сөздөрдү орфоэпиялык эреже менен туура айтуу ж.б.

Адабий чыгарманы көркөм окууда эне тили жана кыргыз тили сабактарынын жардамы. Окулуп жаткан же айтылып жаткан текст жазуу речи болгондуктан байланыштуу речти (кепти) тил сабактары үйрөтөт.

Көркөм окууну туура уюштуруунун жана өткөрүүнүн **педагогикалык шарттары** биздин изилдөөбүз боюнча төмөнкүлөр.

*Биринчи шарт.* Көркөм окууну эне тили сабактарында сүйлөмдүн түрлөрү (жай, суроолуу, илептүү), сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, интонация, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, кыйыр жана тике сөз, төл жана бөтөн сөз деген түшүнүктөр менен байланыштуу жүргүзүү зарыл.

*Экинчи шарт.* Көркөм окуу жумуштарын үзгүлтүксүз, ар бир сабакта тилдик көнүгүүлөрдү аткаруу жана «беш минуталык көркөм окуу» иш-чараларын менен башыктап жүрүү керек. «Беш минуталык көркөм окуу» иш-чаралары оюн формасында кызыктуу жана мелдеш түрүндө өткөнүү эффективдүү болот.

*Үчүнчү шарт.* Көркөм окууга сунушталган материалдар (текст) балдардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык келүүсү керек.

*Төртүнчү шарт.* Көркөм окууга сунушталган текст сабакка даярдануу учурунда мугалим тарабынан дыкат анализденүүгө тийиш.

*Бешинчи шарт.* Мугалим көркөм окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуулугуна жетишүү узакка созулган жана көптөгөн көнүгүүлөрдү талап кылган чыгармачылык процесс экендигин түшүнүүсү кажет.

*Алтынчы шарт.* Көркөм окууга сунушталган текст сөзсүз окуучуну өзүнө тартып, аны кызыктырышы зарыл.

*Жетинчи шарт.* Көркөм окуу жумуштарын ийгиликтүү жүргүзүү үчүн «үлгү (образец) көрсөтүү» ыкмасы өзгөчө маанилүү жагдай. Анда мугалим же жогорку класстын окуучусу, же артист, же мыкты окуган, үнү келишкен диктор же чтец окуган тексттер угулат жана ал окуу талдоого алынат.

*Сегизинчи шарт.* Көркөм окууга үйрөнүүдө техникалык каражаттарды пайдалануу шарты. Мисалы, окуучу өз окуганын диктофонго, же компьютерге

жазып, аны кайра өзү угуп, кемчилдиктерин байкап, түзөтөт; ютуб каналынан же башка булактардан бирөөлөрдүн көркөм окуусун угат, аларды талдайт; видео жана аудио материалдарындагы көркөм окууларда анализдейт.

*Тогузунчу шарт.* Көркөм окуу ошол чыгарманын тилин талдоо менен айкалыштырылышы керек, салыштыруу, эпитет, метафора, гипербола ж.б. троптун түрлөрү, пейзаж, портрет, синтаксистик каражаттар бүт эске алынат.

*Онунчу шарт.* Көркөм окуу – бул текстти шар, таза, көрктүү, туура окуу менен эле чектелбейт, анда автордун турмушту чагылдыруу өзгөчөлүктөрүн, чыгарманын темасын, идеясын, каармандардын образын, чыгармадагы автордун алдыга койгон максатын бүт ача билип жүрүшү керек.

*Он биринчи шарт.* Көркөм окуган окуучулардын ар бир окуусун талкууга алуу, жетишпей жаткане жактарын сындоо, кемчилдиктерин жана ийгиликтерин көрсөтүү. Мына ушундай шарттарды аткарган учурда гана мектепте текстти көркөм окуй ала турган окуучуларды тарбиялай алабыз.

## 3.3. «Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класс окуучуларынын көркөм окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу

Адабияттын баштапкы баскычы болгон адабий окуу сабагында чыгармаларды окутууда окуучулардын (окурмандык чыгармачыл) компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган натыйжалуу ыкмаларды сунуштоо учурдун талабы. Бул багытта алып караганда окуучулардын окурмандык чыгармачыл компетенттүүлүгүн өнүктүрүү компетенттүүлүк түшүнүгү менен айкалыштыруу алкагында ишке ашат. Демек, адабий окууда окуучунун компетенттүүлүгү билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуусу, алган билимдерин практикада колдонуу менен бирге ар түрдүү тапшырмалардын топтомун чечүүдө ээ болгон тажрыйбаларын чыгармачылыкта колдонуу. Ал

эми компетенция адабий көркөм окууга үйрөтүүдө окуучунун эфективдүү ишмердүүлүгүн уюштурууга багытталаган социалдык талаптар.

А.В.Хуторской окуучулардын компетенцияларын төмөнкүдөй бөлүп карап, аныктама береген:

«- **баалуулук-маанилүлүк компетенциялары** – окуучунун окуудагы жана башка ишмердүүлүктөгү кырдаалдарды өз алдынча аныктоо механизмин камсыздайт.

- **жалпы маданий компетенциялары** – улуттук жана жалпы адамзаттык маданияттардын аймагындагы таанып билүү жана ишмердүүлүк тажрыйбасы. Мында окуучунун дүйнө көз карашы маданият таануу жана баардык адамзаттык дүйнө билүүсүнө чейинки тажрыйбалар менен коштолуп кеңейет.

- **окуу таанып-билүү компетенциялары** – бул окуучунун өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү компетенциялардын жыйындысы. Мында пландоо, анализдөө, рефлекциялоо, өзүн-өзү баалоо жөндөмдүүлүктөрү камтылат. Ушул изилдөөчү объектинин негизинде окуучу төмөнкү креактивдик көндүмдөргө ээ болот: окуу жана таанып билүү проблемаларын стандарттык эмес кырдаалдарда чечүү, билимди айлана чөйрөдөн өздөштүрүү.

- **маалыматтуулук компетенциялары** – окуу предметтериндеги жана билим берүү аймагындагы, ошондой эле айлана чөйрөдөгү маалыматтарга болгон ишмердүүлүктүн көндүмдөрү. Заманбап маалымат каражатары (телевизор, магнитофон, телефон, факс, компьютер, принтер, модем, копир ж.б.) жана маалымат технологиялары (аудио-видео жазуулар, электрондук почта, ММК, интернет ж.б.) менен пайдалана билүү. Керектүү материалдарды изилдөө, анализдөө жана тандап алуу, аны кайра иштеп чыгуу, сактоо жана өткрүп берүү.

- **коммуникативдик компетенциялар** – тилдерди билүү, адамдар менен айлана чөйрөдөгү окуялар менен өз ара байланышуу ыкмаларын өздөштүрүү.

Тайпада жана коллективде иштөө көндүмү; ар түрдүү социалдык шарттарды түшүнө билүү. Окуучу өзүн көрсөтө билүүсү керек: кат жазуу, анкета толтуруу, арыз жазуу, суроо берүү, талкуу жүргүзүү ж.б. учурларда. Бул компетецияларды өздөштүрүү үчүн окуу процессинде керектүү жана зарыл, реалдуу баарлашуу объектилерин камтылат. Ошондой эле булар билим аймагындагы же өздөштүргөн предметтин алкагындагы окуучунун иштөө жөндөмдүүлүктөрү.

- **соцалдык-эмгек компетенциялары** – жарандын**,** байкоочунун, шайлоочунун, өкүлдүн, керектөөчүнүн, сатып алуучунун, кардардын, өндүрүшчүнүн, үй-бүлө мүчөсүнүн ролун аткаруу. Профессионалдык өзүн өзү аныктоо аймагындагы экономика жана укук маселелеринин укугу жана милдеттери. Ушул компетенциялар төмөнкүлөрдү ичине камтылат: эмгек рыногундагы кырдаалдарды анализдөөнү билүү, коомдук жана өздүк пайдага жараша аракеттенүү, эмгек жана атуулудук өз ара мамилелер этикасына ээ болуу» [117].

Ушул, аныктамалардын алкагында окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинде жогорудагы ойлорду корутундулап, окуучулардын адабий окуу предмети боюнча төмөнкүдөй предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптанышаны негиздедик. Ал предметтик компетенттүүлүктөрдү А.В.Хуторской окуучулардын компетенцияларынын классификациясына негизделген.




**Сүрөт. 3.1. Көркөм окууда окуучунун окурмандык чыгармачылык компетенттүүлүктүн комплекстүү түзүмү**

Жогорудагы компетенциялар алкагында предметтик компетенттүүлүктөр жаралат. Алардын жыйындысы окуучуда окурмандык чыгармачылык компетенттүүлүктүн комплекстүү түзүмү катары каралды. Себеби, көрсөтүлгөн компетенциялар алкагындагы компетенттүүлүктөр окурамандык чыгармачылык компетенттүүлүктүн мазмунун түзөт.

Биз сунуштаган окуу көндүмдөрүн уюштуруудагы окуучулардын окурмандык чыгармачылык компетенттүүлүгү башталгыч класстардагы окууга болгон базалык талаптарда көрсөтүлгөн предметтик жана жалпы предметтик компетенттүлүктөргө, окуу прогаммалаларындагы көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөргө негизделген.

Окуучулардын окурмандык чыгармачылык компететтүүлүгүнүн комплекстүү түзүмүн жогоруда көрсөтүлгөн компетенциялардын клацификациясы боюнча окуу программада жана базалык талаптарда көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөрдүн жыйындысы менен түшүндүрүлгөн. Алар төмөнкүлөр.

1) Адабий чыгарманы көркөм окууга үйрөтүүдөгү **баалуулук-маанилүүлүк компетенциялары** чыгармаларды окууда каармандарды өз алдынча баалап, текст менен иштөө, андагы ойду аныктоодо өз чечимин, оюн аныктай билүү. Ушул сунушталган компетенциялардын негизинде төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптанат:

- каармандардын жасаган иштери, кулк-мүнөздөрүнө жана окуяларга тиешелүү деңгээлде баа берүү;
- иллюстрациялардын маанисин түшүнө алуу, аларды тексттин мазмуну менен салыштыруу;
- текстти бөлүктөргө ажыратып, бөлүктөргө ат коюп, план түзүп, сүрөттөлгөн окуялардын байланышын аңдай билип, тексттеги негизги ойду аныктоо;
- каармандардын иш-аракетине, кылык-жоруктарына, иллюстрацияларга баа берип, аларды салыштыра билип, ага өзүнүн мамилесин билдире алуу;
- каармандарга мүнөздөмө берип, синонимдерди, образдуу сүрөттөөлөрдү тиешелүү деңгээлде өз алдынча колдоно билүү;

2) Адабий чыгарманы көркөм окууга үйрөтүүдө **жалпы маданий компетенциялар:** элдик оозеки чыгармаларды окуу, талдоо андан алган таасир, ой корутундулар, үй тапшырмаларын даярдоо, китептерди тандай билүү, өз алдынча чыгармаларды окуу, үй-бүлөдө, досторунун арасында, мамилелешүүдөгү маданий негиздерди өздөштүрүүдөгү таанып билүү ишмердүүлүктөрдүн жыйындысы. Калыптануучу компетенттүүлүктөр:

- тексттин сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн маанилерин туура салыштыра билип, жаратылышты, каармандарды сүрөттөгөн сөздөрдү кабыл алып, тексттин мазмунун бузбастан баяндоо;
- башынан өткөргөн окуяларды оозеки түрдө ырааттуу баяндап берүү;
- чакан, мазмуну жөнөкөй тексттерди пайдаланып, алардын таасири астында дил баян жазуу;

- айрым макал-лакаптардын маанисин чечмелөө, алардын мазмунун пайдаланып, мугалимдин жардамы менен чакан тексттери түзүү;
- таасирденген адамы, окуя жөнүндө оозеки сүйлөп, жөнөкөй түрдө жаза билүү;
- чыгарманын атына, мазмунуна карай негизгисин тандап алуу;
- чыгарманын аты, автору боюнча өз алдынча тандай билүү.

3) Окуучулар адабий окууга үйрөнүүдө **окуу таанып-билүү компетентциялары** чыгармаларды, тексттерди окуу, мазмунун анализдөө, рефлекциялоо алкагында калыптанып, өз алдынча иштөө ишмердүүлүгү, китеп окууда окуу көндүмдөрү өнүгөт. Мында окуучуда төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптануусуна жол ачылат:

- тааныш эмес текстти туура, сезимдүү түрдө тездеп көркөм окуу (бир минутада 45–50 сөздөн кем эмес окуу);
- окууда сүйлөмдүн аягына, ортосуна коюлган тыныш белгилерге ылайык интонацияны, тынымды туура сактай билүү;
- тексттин мазмунуна ылайык суроолорго жооп берүү, андан тиешелүү сүйлөмдөрдү таба билүү;
- мугалимдин жардамы менен текстти тиешелүү бөлүктөргө бөлүп, андагы негизги ойду аныктоо;
- аңгеме, жомок, ыр, макал-ылакаптарды жанрдык жактан айырмалоо жана көркөм окууда алардын спецификасын эске алуу;
- иллюстрациялардын маанисин түшүнө алуу, аларды тексттин мазмуну менен салышыруу;
- тааныш эмес текстти, көркөм, жетиштүү деңгээлде шар, бир минутада болжол менен 60–70 сөздөн ашык окуу;
- чыгарманын аты менен иштөө;
- кептин түрлөрүн айырмалап, алардын негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- текcттин мазмунуна ылайык интонацияны, логикалык басымды, тынымды, үндүн тонун, туура сактай билүү;
- текстти, анын түрлөрүн аныктоо;
- текстти жанрдык жактан айырмалап, жөнөкөй негизги жанрдык өзгөчөлүктөрдү билүү;

4) Окуучулардын **маалыматтулук компетенциялары** окуу предметиндеги маалыматтары менен айлана чөйрөдөгү маалыматтардын байланыштарындагы ишмердүүлүктөр жана көндүмдөр. Мында окуучулар төмөнкүлөргө калыптанат:

- берилеген тапшырмаларды аткаруу үчүн окуу китептерин, заманбап маалымат техникаларынан колдонуу;
- маалыматтарды сактоо жана кайра иштеп чыгуу;
- чыгармаларды айлана чөйрө менен салыштыруу жана анализдөө, жаңы маалымат (ой корутунду) жаратуу;
- заманбап технологиялардан пайдалана алуу

5) Окуучунун адабий окууга үйрөнүүдө **коммуникативдик компетенциялары** ошол класс ичинде, тайпада баарлаша билүүсү. Белгилүү деңгээлде чыгарманын айланасында ой жүгүртүп, өз оюн айтууга жетишүүсү жана текст, эссе, баяндамаларды жазууга машыгуусу.

Мында төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптанат:

- түрдүү кырдаалдарда пикирлешүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү;
- өз оюн коргой алуу;
- социалдык көндүмдөргө ээ болуусу;
- текст, эссе, баяндама жарата алуу

6) Адабй окууга үйрөтүүдө окуучунун **соцалдык-эмгек компетенциялары** каармандардын ролун аткаруу, өзүн сабакта угуучу, баяндамачы ж.б. ролдордо көрө билүүсү менен мүнөздөлөт да, төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптанат:

- актёрдук жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу;
- топто, жупта угуучунун, баяндамачынын ролун аткаруу;
- талаш-тартыштарда маданиятуу катыша алуу;

Бул окурмандык чыгармачыл компетенттүүлүктүн калыптанышында аткарылуучу ишмердүүлүктөр окуу көндүмдөрүн уюштурууга жана калыптандырууга жол ачат. Мисалы: окуу көндүмдөрүнүн техникалык багытын уюштуруу жана калыптандыруу төмөнкү компетенттүүлүктөр менен байланышта жүрөт:

-тексттин мазмунуна ылайык суроолорго жооп берүү, андан тиешелүү сүйлөмдөрдү таба билүү, тааныш эмес текстти туура окуу ж.б.

Ал эми, окуу көндүмүнүн маанилик багытында;

-тексти окууда сүйлөмдүн аягына, ортосуна коюлган тыныш белгилерге ылайык интонацияны, тынымды туура сактай билүү, тексттин мазмунуна ылайык суроолорго жооп берүү менен андан тиешелүү сүйлөмдөрдү таба билүү, мугалимдин жардамы менен текстти тиешелүү бөлүктөргө бөлүп, андагы негизги ойду аныктоо ж.б.

Окуу көндүмдөрүн калыптандырууда окуу көндүмү, окурмандык чагармачыл компетенттүүлүк, предметметтик жана жалпы предметтик компетенттүүлүктөр бири-бирин толуктап, эриш-аркак кеткенде гана бир бүтүндүкко ээ болуп окутуу жакшырат.

Ошентип, бүгүнкү күнгө чейинки туура, шар, сезимдүү, көркөм окуу деп калыптанып калган окуунун түрлөрү жана окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнө коюлган талаптар окутуунун мазмундук өзгөрүүсүнө жана билим берүүдө жаралган парадигмалардын айланасында иликтенип, окуучунун окуу ишмердүүлүгүндөгү туура, шар, сезимдүү, көркөм окуулар окуу көндүм катары кабылдоону жана окуучунун билим, билгичтиктерине коюлган талаптарды окуучулардын окурмандык чыгармачыл компетенттүүлүктөрү деп кабылдоо жана өнүктүрүү маанилүүрөк экендиги аныкталды.

Демек, окуучулардын окуу, анын ичинде көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандыруу педагогиканын окутуу жана колдонуу багытында жогорудагыдай мисалдардын негизинде орчундуу орун таап, окутууну жакшыртууда негиз болору биздин изилдөөдө эксперименттен өтүп, толук тастыкталды.

## 3.4. Табышмактарды жана жаңылмачтарды окутуу аркылуу башталгыч класс окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун ыкмалары

Учурда окуучулар адабий окуу сабагында табышмактарды көркөм окууда жөн гана аларды жаттап келүү же окуп, жандырмагын айтуу менен чектелет. Себеби мугалим да окуучудан табышмактарды жаттап келүүнү, жандырмагын табууну гана талап кылат, б.а. табышмактарды тил жатыктыруунун бир формасы катары карап келишет. Табышмактардын мазмунун окуп үйрөнүү жана көркөм окуу ишмердүүлүктөрү аткарылбайт.

Адабий окуу китептеринде табышмактар өзүнөн мурунку берилген чыгармага же өзүнөн кийинки берилүүчү чыгармалардын мазмунуна байланышта же болбосо чыгарманы окуудан алдын «мээге чабуул» стратегиясында, б.а. окуучуларды ойлонууга, тапкычтыкка, тил жатыктырууга, мазмунун ачып түшүнүүгө багытталгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Мисалы: IV класстардын автору А.Токтомаметов болгон «Адабий окуу» китебинде [105] Э.Ибраевдин «Сүттөн эмне жасалат» деген ырынан мурда төмөнкүдөй табышмактар берилген:

Желими жок, мыгы жок,

Чебер уста жасаган.

Ал кандай жай, төрт мезгил,

Ата-бабаң жашаган? (Боз үй) [105]

Жыланга окшош – сойлобойт,

Колдо танбай ойдолойт,

Андан катуу сестенип,

Атың катуу жорголойт (Камчы) [105].

Бул табышмактарда боз үй менен камчы мүнөздүү белгилери менен берилген. Ал эми ырда болсо, сүттөн ар түрдүү азыктар алынары бул саптарда: «Сүттөн элим ар түркүн, азык алат ар күнү» деп айтылып, андан ары сүттөн жасалчу тамактын түрлөрү сүрөттөлүп, кыргыз уулу катары малды сүйүүгө үндөгөн «Кыргыз уулу дегидей, малды сүйгүн жерибей» деген саптар камтылган. Табышмактарда элибиздин турак үйү жана камчысы берилсе, ырда элибиздин илгертен сүттөн жасап келген азыктары аталып, айрым белгилери менен тизмектелип сүрөттөлгөн. Табышмактар менен ырдын мазмундук тарбиялык багыттары бири-бири менен байланышта.

Учурда ушундай байланыштар эске алынбай балдардын окуп үйрөнүүсүндө табышмактар курулай жаттоо менен эле чектелип калууда. Адабий окууну уюштурууда табышмактарды чыгармалар менен байланышын камсыздап, окуучуларга мазмунун ачып берүү менен алардын чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн жолдоруна багытталган натыйжалуу ыкмаларды колдонуунун жолдорун кароону туура деп таптык.

Табышмакка берилген адабий мүнөздөмөнү карап көрсөк, «Табышмак – дүйнөдөгү бардык эле элдердин оозеки чыгармачылыгында кеңири учураган жанр. Кандайдыр бир затты, көрүнүштү же башка абстракттуу түшүнүктөрдү өз аты менен атабай, алардын негизги белгилерин айтып, аталышын башка бирөөлөрдүн табуусун талап кылган тапшырма түрүндөгү чакан чыгармалар.

Мис., «Асты таш, үстү таш, ортосунда бышкан аш» деген табышмактын жообу «данек» болууга тийиш. Анткени, анда данектин негизги белгилери көрсөтүлүп жатат. Кыргыз фольклорунда мазмуну, композициялык курулушу, түзүлүшү боюнча табышмактар төмөнкүдөй формаларда, көрүнүштөрдө айтылып келген:

1) ритмдүү жорго сөз түрүндөгү табышмактар;

2) ыр түрүндөгү табышмактар;

3) учкул сөздөн турган, прозалык формадагы табышмактар;

4) суроолуу табышмактар;

5) айтыш табышмактары;

б) жомок түрүндөгү табышмактар;

7) эсеп табышмактары. Жаштарды байкагычтыкка, акылмандуулукка, изденүүчүлүккө тарбиялоодо табышмактардын мааниси өтө чоң» [64, 148-149].

Т.Молдогазиев табышмактарды окууда эки ыкманы сунуш кылат:

«1. Табышмактар альбому» мындайча жасалат: барактын биринчи бетине эки же үч табышмак жазылат, ошол эле барактын экинчи бетине алардын жандырмагын чагылдырган сүрөттөр тартылат же балдар чогулткан сүрөттөр чапталат.

2. Класста «Табышмактар бурчун» уюштуруунун да таанып билүүчүлүк жана тарбиялык мааниси зор, ал төмөнкүдөй жасалат: чоң картон кагазга «Табышмактар бурчу», «Биздин табышмактар», «Жандырмагын ойлоп тап» деген темаларын бири жазылат, алды үч колонкага бөлүнөт. Ар бир колонкага бир нече катуу барактар жогору четинен, үстү жагынан бекитилет. Биринчи колонкага бекитилген барактардын биринчи бетине (көрүнүп турган бетине) канаттуулар, суу жандыктары, курт-кумурскалар жөнүндөгү табышмактар, экинчи колонкадагы барактарга жаратылыш кубулуштары жана ага байланыштуу табышмактар, үчүнчү колонкага биздин өлкөнүн

жетишкендиктерине байланышкан же окуучулар өздөрү түзгөн табышмактар жазылат» [61]. Мына ушул процесс көркөм окуу менен коштолот, алар эң негизги түйүндүү сөздөргө басым жасап окуу, жашырылган нерсенин башкы белгилерине көңүл коюп окуу. Окуучулар табышмакты окууда жана анын жандырмагын ойлонуп табууда алардын кеп ишмердүүлүгү, ой жүгүртүүсү жана окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү шарттары пайда болот. Башталгыч класста мазмуну, композициялык курулушу, түзүлүшү боюнча табышмактар жогорудагы формаларда, көрүнүштөрдө талданбайт, бирок ошентсе да ал формаларды, айтылыштарды мугалим өзү ажырата билип, табышмактардын мазмунуна жараша ыкмаларды колдоно алуусу негизги орунда турат. Мугалим табышмактарды окутууда окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүгүн жана көркөм окуусун өнүктүрүүгө багыттап, адабий окуу сабагында, класстан тышкаркы окууда сынчыл ойломдун технологиясын колдонуу аркылуу уюштуруунун (биз сунуштаган) айрым ыкмаларын колдонуп, андан ары өркүндөтүүсү максатка дал келет.

Башталгыч класстарда адабий окууга үйрөнүп окууда табышмактрады окутууну уюштуруунун айрым ыкмаларын карап көрсөк;

Кызыл селде молдо бар,

Таңдан азан чакырат.

Кыя баспай дан көрсө,

Ошол замат катырат. (Короз) (А.Кыдырова)

Бул табышмакты «ыр түрүндөгү» табышмак катары карап, окутууда төмөндөгүдөй этап менен өтүүнү сунуштайбыз:

- мугалимдин үн чыгарып, көркөм окуусу;
- жандырмагын табууга таяныч катары «кызыл селде молдо», «таңдан азан чакырат», «дан көрсө… катырат» сөздөрүн кайталап же доскага жазып коюу;

- жандырмагына карата мүнөздөмө берүү (окуучулардан талап кылынат);

- сынчыл ойломдун стратегияларын колдонуу. Мисалы: «Эки бөлүктүү күндөлүк». Ошол табышмактан сөз же сүйлөмдү цитата катары алып, ага комментарийди табышмактын мазмунуна негиздеп баяндоо.

| **Цитата** | **Комментарий** |
|---|---|
| Дан | Корозго жем |
| Кызыл селде молдо | Короз, ал да молдо сыяктуу таңдан азан чакырып кыйкырат |

- көркөм жаттоого тапшырма берүү;

- табышмактын жандырмагынын сүрөтүн тартып келүүгө тапшырма берүү.

Атасы куш, энеси чычкан дешет,

Муну өзү да оңтойсуз сезет.

Жашынып күндүзү кечке жарда жатып,

Кечинде калдаңдап жерди кезет. (Жарганат)

Бул жомоктотуп айтылган жомок түрүндөгү табышмактарды окутууда ыр түрүндөгү табышмактан айырмалап, аны окуп берүүдө үндүн, ыргактын жай жана баяндоо сыяктуу түр менен окуу туура. Анткени окуучулардын көркөм окуусун, чыгармачыл ишмердүүлүгүн уюштурууга көмөкчү болот. Ага жетишүү үчүн төмөндөгүдөй жумуштарды аткарууну сунуштайбыз:

- окуп берүүдө баяндоо сыяктуу түр менен окуу;

- жандырмагын таптыруу;

- мазмунун талкууда стратегияларды колдонуу; мисалы: Венндин диаграммасы: топторго бөлүп, куш менен жарганаттын; чычкан менен

жарганаттын окшоштуктарын жана айрмачылыктарын таптыруу менен табышмактын мазмунун ачып берүү натыйжалуу болмок.

- суроолорду түзүү (суроолор таажы гүлүн – ромашканы пайдаланып)

Желими жок, мыгы жок,

Чебер уста жасаган.

Ал кандай жай, төрт мезгил

Ата-бабаң жашаган? (Боз үй)

Суроолуу табышмактарды окутуу ыкмалары:

- табышмакты окууда көркөм окуу;
- табышмактын жандырмагын таптыруу;
- жандырмакка синквейн түздүрүү

Мисалы:
боз үй:
кооз, баалуу,
жасалат, тигилет, жыйылат,
жыгач жана кийизден жасалган,
үй.

Бука моюндуу,

Буура сандуу,

Карчыга канаттуу,

Шумкар буттуу,

Жылан боорлуу,

Кылыч куйруктуу (Чабалекей)

Ритмдүү жорго сөз түрүндөгү табышмактарды окутуу.

- туура, так, ыргак менен окуу;
- жандырмагын таптыруу;
- суроолорду узатуу;
- жандырмактын сүрөтүнөн табышмактагы мүнөздүү белгилерди таптыруу.

Табышмактарды окутууда окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүгүн көркөм окуусун уюштурууга багытталган ыкмалардын айрымдарын сунуштоого аракеттендик. Ушундай формада табышмактарды окутуу максатка жетүүгө негиз болмокчу. Табышмактарды практикада жөн гана курулай жаттоо, жандырмагын окуучуларга таптыруу менен гана чектелбей, табышмактарга да бир бүтүн чыгарма катары мамиле жасап, аларды окутууда окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө жетишүүгө багытоо керектиги сунушталды.

Адабий окууда табышмактарды окуп үйрөнүүдө мугалимдер чыгармачылык менен биз сунуштаган идеянын негизинде натыйжалуу ыкмаларды колдонуп уюштуруусу жемиштүү болмокчу.

Жаңылмачтар өзүнчө бир көркөм окууну талап кылат. **Жаңылмачтар** кыргыз оозеки адабиятында кеңири тараган жана бардык элдерде кездешкен, бат сүйлөшүүгө, тилди өстүрүү жана жатыктырууга жардам берет. «Жаңылмачтар – көркөм чыгарманын тарыхында жаралуу табияты, өнүгүү сапаты, пайдалануу зарылчылыгы, колдонуу ыкмалары боюнча өзүнчө бөлүнүп турган жанр. Ал оозеки адабият менен жазма адабиятта бирдей деңгээлде өнүккөн жанрга кирип, кыргыз адабиятынын тарыхында анча изилденүүгө алына элек сырдуу чыгармачылыктын катарында турат. Жаңылмачтар – негизинен поэтикалык ыр курулушунун өзөгүндө өнүгүп, сөздүн куюлуштурулган, уйкаштырылган, ыңгайлаштырылган, ширештирилген касиеттерине баш ийген, жогорку рифмалык, ритмдик сапаттарды талап кылуучу поэзиянын бийикке көтөрүлгөн жетишкендиги. Аларда сүйлөө речинин артикуляцияланышы менен акустикалык ыргак кошулуп, бат айтуу, тез сүйлөө, жаңылбоо, тили эми калыптанып келаткан баладан тартып, жашы

улгайган кары-картаңдарга чейин колдонууга ийкемдүү кызматын аткарат» [102].

А.Муратов: «Жаңылмачтарда бирөөнүн айткан сөздөрүн кайталоо керек. Ал эми аларды кайталоо оңой эмес, атайын жаңылып калуу үчүн ылайыктуу сөздөр тандалат. Байыркы доорлордон жаңылмачтар бат сүйлөшүүгө, кеп токуу өнөрүн өркүндөтүүгө кызмат кылган. Сөздү куюлуштуруп айткан чечендер ар кандай жаңылтуу багытындагы тексттер айтылса да, жаңылбай кайталап бере алышкан. Мындай чыгармаларда сөздөр көбүнчө уйкашып, үндөшүп келет. Жалпы тексттин мааниси, ою анча жакшы болбосо да, башка бирөөлөрдүн кайталап айтуусуна кыйын болсо болду» [63, 91], - деп келип, андан ары төмөнкүдөй бир топ элдик оозеки чыгармачылыктан алынган жаңылмачтарды сунуш кылат:

*Жогор жактан сел келет,

Эки теке тең келет.

*Шалгамбайдын шагында бир түп тыт бар экен,

Тыттын түбүндө бир түп түрп бар экен,

Түрптү тыт түртүп туруптурбу,

Тытты түрп түртүп туруптурбу?

*Кырк кызыл куйрук, кызыл куйрук,

Ичинде кызыл кылдырык кыл куйрук.

*Жогортодон келемин шыргый минип,

Шыргыйыма ыргый минип.

*Белестеги беш кашка кой,

Бешөө беш башка кой,

Бешаласы кунан кой,

Бешаласы дөнөн кой.

*Кырк кыл куйрук,

Кырк кызыл куйрук,

Кырк кыл куйрук ичинде,

Ылгый кызыл кыл куйрук.

*Кезек-кезек,

Тезек терсек,

Керек дешет,

Кезек тезек.

*Көзү бүтүк,

Үч күчүк үшүп,

Үнү бүтүп.

*Былкы-былкы былкы таш,

Былкылдаган кызыл таш,

Таар токум чаар таш,

Тайгаланма кара таш.

*Сен эмне олураясың?

Олураярыңа олурай!

*Кудаяр менин кудам эле,

Кудаяр мени кудалай албады,

Же Кудаярды мен кудалай албадым.

*Жаш кайышты токмоктошпойсуздарбы?

Жаш бүркүттү томоголошпойсуздарбы?

Мына ушундай жанрдык белгилери боюнча жаңылмачтарды көркөм окууда эки-үч жолу кайталап окуу, жаңылмачтардын сөздөрүн, сөз айкаштарын туура окуу, уйкаштарды жана уйкаштыктардын ырааттуулугун сактап окуу көндүмдөрү толук сакталышы керек. Экинчи учурда бир жолу жай окулса, экинчи жолу тез-тез, балдарды адаштырып окуйт, муну менен угуп тургандарды жаңылтат.

Башталгыч класстарда жаңылмачтарды көркөм окууну кеңири колдонуу – мугалимдин өз окуучуларын сөздөрдү, тыбыштарды туура угууну, кабыл алууну үйрөнүүсүнө шарт түзүп, аларды сөз дүйнөсүнө аралаштыруунун алгачкы аракети болуп саналат.

### 3.5. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармалардын негизинде жазылган уламыштарды окутууда көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун технологиялары

Көркөм окуу көп жылдар бою калыптанган процесс, татаал ишмердүүлүк болуп эсептелет, ошол эле кезде ал жаңылануута, өзгөрүп, өркүндөтүлүүгө тийиш. С.К.Рысбаев мындай деп жазат: «Ушу күнгө чейин окуунун мына мындай калыптанган жалпы түрлөрү бар:

– мазмундук окуу;

– логикалуу окуу;

– аналитикалык окуу;

– психологиялык окуу.

***Мазмундук окуу*** деген эмне? Анда окуп жаткан чыгарманын окуясына гана көңүл бөлүнөт, окуп жаткан адам, албетте, үнүн кыраат менен чыгарып, мүмкүн болушунча балага жеткиликтүү болуусун ойлоп, окуянын башталышын, негизги мазмунун жана аякташын «кубалап» окуйт. Бирок чыгарманын окуясынын башталыш, өнүгүш жана аякталышындагы ички логикага жана да аларды баланын кабыл алуусунун психологиялык проблемаларына маани берилбейт.

Бул – албетте, *«диктордук окууну»* эске салат. Мында, бала менен окуп жаткан адамдын ортосунда логикалык жана психологиялык байланыш ишке ашпайт, ал кыраатты менен көрктүү жана сезимдүү гана окулушу мүмкүн. А бирок адамдын түшүнүүсү үчүн атайын ыкмалар каралбайт. Андай болгон соң, окуунун бул түрү окуу жана түшүнүү технологиясына толук туура келбейт. **Логикалык окуу** – «дикордук окуудан» караганда бир аз жандуу процесс болмокчу. Анда окуя кантип башталып, кантип өнүгө баштаганын балага түшүндүрүү, андан ары кульминациялык точкага жеткирүү жана ал кантип жыйынтыкталып жана аяктаганын түшүндүрүү аракети көңүлдүн борборунда болот.

**Аналитикалык окуу** – логикалык окуудан да тереңирээк, анын уландысы катары колдонулат. Ал учурда мына буларга да баланын адабияттык жана логикалык анализ жасоосу унутта калбайт, т.а.:

– чыгарманын каарманы ким же эмне жана ал кандай экен?

– ал эмне иш-аракет жасады жана ал туура кылдыбы, же туура кылган жокпу?

– чыгармадан сага эмне жакты же жаккан жок, эмне үчүн?

– сен ал чыгармадан кандай таасир алдың?

– чыгарма сенин оюңдай бүттүбү же дагы да башка сунушуң барбы? ж.б. Демек, мындан биз логикалык окуу чыгарманын ички логикалык өзөгүн кубалап же ээрчип окуу мүнөзүндө жүрөрүн байкадык. Ушундан улам, окуунун бул түрүн аналитикалык окуу деп атасак болот.

**Психологиялык окуу** окуунун башка түрлөрүнөн кыйла айырмалуу түшүнүк жана окуунун бул түрүндө мына булар эске алынмакчы:

– баланын курагына чыгарманын тематикасы туура келеби?

– чыгарманын окуясын, тилин бала өздөштүрө алабы?

– бала китеп окууга же окуп бергенди кызыгып, көңүл коюп угуп жатабы?

– окуянын өзөгүн бала түшүнүп жатабы?

– окуяны, андагы кырдаалдарды кабыл алып жатабы?

– окуп берген адамдын үн тону, мимикасы, жесттери чыгарманын духуна, логикасына, каармандарынын образдарына, мүнөздөрүнө туура келип жатабы?

– тексттин окуясы балдарды таң калтырып, кубандырып же кайгыртып жатабы?

– сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, сүйлөм түрмөктөрүн бала түшүнүп жатабы?

– чыгармадагы автордун оюн, же анын негизинде жаткан идеяны бала жеткире түшүнө алдыбы?

– угуп жатканда бала эмнелерди түшүнбөй суроо берип жатты? ж.б.

Ата-эне да, мугалим да китеп окуп берүү учурунда мына ушуларга айрыкча көңүл буруусу жана баланын кабыл алуусун кадам сайын байкап-баалап отуруусу кажет» [81, 46-47].

Көркөм окуу түшүнүгүнүн маанисин ачууда, анын технологияларын белгилөөдө бул пикир өтө маанилүү, мугалим мына ушул жолдун динамикасын эске алышы керек.

4-класста элдик уламыштын негизинде жазылган Ш.Эсенгуловдун «Камбар-хан» деген чыгармасын окутууда тыным менен окуу стратегиясын пайдалануу.

**Сабактын максаты:** Текстти түшүндүрүүдө «тыным менен окуу» стратегиясын колдонуу аркылуу 4-класстын окуучуларын көркөм адабиятка кызыктыруу, алардын адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн тереңдетүү.

***Мугалим:*** Экрандан автордун жана карыянын сүрөтү көрсөтөт. «Бул сүрөттөн кимдерди көрүп турасыңар» деген суроо берилет**.**

***Ар ким ойлорун айтат***

**Мугалим:** Биз, азыр жазуучу Ш.Эсенгуловдун «Камбар-хан» деген уламышын көркөм окуйбуз. Анын алдынан силерге тастыктоо картасын таратамын. Силер бул тастыктоолорго макул же макул эместигиңерди билдирип жазасыңар.

**Таблица 3.2. – Көркөм окуу жана текстти түшүнүү боюнча тастыктоо картасы**

| **Окуганга чейин** | | **Тастыктоо** | **Окугандан кийин** | |
|---|---|---|---|---|
| Макулмун | Макул эмесмин | | Макулмун | Макул эмесмин |
| | | Хандын баласы жалкоо, көпкөн бала болгон | | |
| | | Бала аңчылыкка чыгат да, ошол жактан кырсыкка кабылат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Каардуу хан бүт адамдарына буйрук берди да, бала табылбаса баарын өлтүрө турганын айтты | | |
| | | Хандын баласына чагылган түшүп күйүп калган | | |
| | | Маймылдын ичегиси үн чыгарат | | |

**Мугалим:** Уламыштагы окуя эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар?

*(Окуучулар өз божомолдоолорун айтышат, жоопторун уккандан кийин, жалпы класска жарыя окулат).*

**1-тынымга чейин текстти окуу**

*Камбар-хандын жалгыз уулу тентек чоңоюп, ит агытып, куш салып дооран сүрчү дейт. Күндөрдүн биринде ит агытып, куш салып кеткен бала үйүнө кайтпай калат. Дарексиз жоголгон баласына тынчы кеткен хан жумурай журтту жыйып жар салат.*

*– Ат минүүгө жараган эркек колуна жарак алып, менин уулумду издеп чыксын. Жакшы кабар айтып келген кишиге өз боюндай алтын берем. Кимде ким жаман кабар алып келсе, анын башы кесилет. Кокус эч ким эч кандай кабар билдирбесе, бардыгыңардын башыңар алынат! – дейт хан.*

**1- тынымдан кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет:**

1. Камбар-хандын уулу эмне үчүн тентек болуп калган деп ойлойсуңар?
2. Хандын тентек баласы эмне жумуш кылган экен?
3. Хандын баласы эмне болду?
4. Хан элине кандай жарлык угузду?

(Окуучулар жооп беришет, жооптор толукталып турат)

**2-тынымга чейин текстти  окуу**

*Атка минүүгө жараган эркек түп көтөрүлө дүргүп, тердиктей жер койбой тинтип жөнөштү. Токой аралап бир жерге келишсе, өрттөн калган дарактардын сөңгөктөрү сокоюшат. Кыясы, чагылган түшкөн окшойт. Кыбыр эткен жан жок. Бардыгын алоолонгон жалындын тили жалмап кетиптир. Тегеректеген элдин ортосунда Камбар-хандын баласынын чала жан куу тайганы кыңылдап жатат. Арыта эриген кылыч-найзанын учу калыптыр. Ошол тушта кара көөнү сапырып бороон сокту. Чарчаган аттар, чаалыккан эл ташка айлангандай, кыймылсыз.*

***2-тынымдан кийинки суроолор:***

1. Эркектер кайда, эмне үчүн жөнөштү?
2. Токой аралап издеп жүргөндөр эмнелерди көрдү?
3. Издеп жүргөндөр эмнеликтен чагылган түшкөн окшойт деп ойлошту?
4. Куу тайган кандай абалда болгон?
5. Мындан аркы окуя кандай болот деп ойлойсуңар?

(Окуучулар жооп беришет, жооптор толукталып турат)

**3-тынымга чейин текстти окуу**

*Аңгыча жакын эле жерден чыккан үн ботодой боздоп, тунжураган элдин жүлүнүн аралады. Топ ичинен бир азамат бөлүнүп бастырды да, алиги боздогон үндү издеп жөнөдү. Ал алыс эмес экен. Бет маңдайындагы чала күйгөн теректин эки бутагына керилген кыл термелип калыптыр. Кыясы, маймылдын ичегиси болсо керек. Ушинтип ойлоду акылман, азамат жигит. Бороон күчөгөн сайын, куураган ичегинин боздогону дагы күчөдү. Боздогон үндүн ыргагы Камбар-хандын уулунун кайгылуу өлүмүн айтып жаткандай сезилет.*

***3-тынымдан кийинки суроолор:***

6. Үн кайдан чыкты?
7. Үн кандай угулду?
8. Боздогон үндү ким издеп барды?

9. Үн эмнеден чыгып атыптыр?
10. Боздогон үндүн ыргагы эмне тууралуу айтып жаткансыды?
11. Мындан аркы окуя кандай болот деп ойлойсуңар?

(Окуучулар жооп беришет, жооптор толукталып турат)

**4-тынымга чейин текстти окуу.**

*Бул кереметтүү добуш улуу ишке жарай турганына көзү жеткен акылман жигит, аттан ыргып түшүп, шапа-шупа ишке киришти. Куураган дөңгөчтү жара чаап, аны адам түспөлүндө сомдоду да, ичин ойду.*

*– Кеттик! – деди акылман жигит. – Эми ханга барабыз.*

*Эл дүрбөй түштү. Бардыгында «өлүмгө башты байлап кантип барабыз?» деген ой. А бирок барбаска айла канча. Көпчүлүк алиги «оюнчук» жасаган бейакылдын артынан үнсүз дүпүрөй жөнөштү.*

**4-тынымдан кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет:**

5. Акылман жигит аттан неге түшө калды жана эмне тууралуу ойлоду?
6. Акылман жигит кандай аракеттерди жасады?
7. Хандан баары эмне үчүн коркуп жатты?
8. Жигиттин жасаганын көпчүлүк неге «оюнчук» деп түшүндү?

(Окуучулар жооп беришет, жооптор толукталып турат)

**5-тынымга чейин текстти окуу**

*Чыдамы кеткен Камбар-хан кароол дөбөдө күтүп турган экен. Теребел аза күткөндөй жымжырт. Жалгыз гана аттардын дүбүртү жер дүңгүрөтөт. Белгисиз азамат ак көбүк чачкан аргымактын оозун тартпай ыргып түштү да, хандын алдына чөгөлөй отура калып, өзү жасаган аспабын колуна алды. Белгисиз аспап тилге кирди. Анын добушу ааламга угулчудай бийик эле. Мурда мындай керемет үндү ким угуптур?! Күүнүн ыргактары өлгөн жанды тирилтчүдөй мукам, сокур көздөн жаш чыгарчудай муңдуу да эле. Хандын көз алдына бардыгы айкын болду. Хандын жүрөгү булкунду. Көзүнөн жаш атты.*

**5-тынымдан кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет:**

1. Камбар-хан баласынын кабарын билүү үчүн эмне кылды?
2. Эмне үчүн теребелди «аза күткөндөй жымжырт» деп сүрөттөйт?
3. Акылман жигит эмне аракеттерди жасады?
4. Белгисиз аспаптын үнү кандай экен?
5. Акылман жигит кандай аракеттерди жасады?
6. Хан кайгылуу окуяны кандайча түшүндү?

(Окуучулар жооп беришет, жооптор толукталып турат)

**6-тынымга чейин текстти окуу**

*– Токтот! – деди ал каардуу. – Бул каяктагы балакет добуш эле?! Башка айтарың жокпу? Белгисиз азамат жер караган калыбында баш чайкады. – Мунун башын алгыла! Хандын каарынан «солк» эте ойгонушкан желдеттер белгисиз азаматка учуп жетишти.*

*– О, акыйкаттуу Ханым, – деди белгисиз азамат отурушун жазбай. – Мен Сизге үн катканым жок го. Сиздин жүрөгүңүздү оорутуп жаман кабарды айткан береги добуш эмеспи. Күнөөлөсөңүз ушуну күнөөлөңүз. Менде эмне жазык?..*

*– Алгыла! – деди хан ордунан ыргып туруп. – Береги сай-сөөгүмдү сыздаткан добуштун башын алгыла! Ал эми сен!.. – деди хан белгисиз азаматка, – өмүрүң өтүп, күнүң бүткөнчө менин маңдайымда ушул күүнү чертип отурасың!.. «Уайт» десеңчи! Ошол белгисиз азамат өмүрү өтүп, күнү бүткөнчө хандын маңдайында күү чертип отурган дейт. Ал жараткан күү укумдан тукумга тарады. Керемет добушту чыгарган аспап КОМУЗ деп аталып, бизге жетти. «Күүнүн башы – Камбаркан» деген ушундан калган экен, балдарым!»*[1].

**6-тынымдан кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилет:**

[1] Рысбаев С.К. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 4-классы үчүн окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев, К.Ибраимова. Б.Абдухамидова. – Б.: 2015. – 23-б. 168 б. https://new.bizdin.kg/media/books/Adabii-okuu-4-klass.pdf

1. Камбар-хан менен азамат жигит эмне жөнүндө сүйлөштү?
2. Акылман жигитти желдеттер кантип коргоп калышты?
3. Акылман жигит кандай айла тапты?
4. Хан жигитке кандай шарт койду?
5. «Күүнүн башы – Камбаркан» деген ылакап эмнеден улам чыкканын айтып бергиле?

Уламыштарды көркөм окууда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл:

- уламыштардын элдик оозеки адабият экендиги, ошого ылайык аларды көркөм окууда фольклордук текстиге байланыштуу мотивдерди сактоо;
- текст комуздун тарыхына байланыштуу болгондуктан текст окууда комуздун коштоосун («Камбаркан» күүлөрү) пайдалануу;
- көркөм окууну сүрөтчүлөр жана окуучулар тарткан сүрөттөр менен коштоп туруу;
- каардуу хандын үнүн, буйругун өзгөчө үн менен окуу;
- слайд жасап, көркөм окууда ошол слайдды колдонуу ж.б.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

**«Адабий окуу» предметинде көркөм окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»** деп аталган үчүнчү баптын биринчи бөлүмү *«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде көркөм окууну өткөрүүнүн баскычтары»* деп аталат. Анда көркөм окууга, деги эле мектептеги окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу педагогикалык жана социалдык проблемалар кыргыз мектептеринин практикасында арбын экендиги каралды, бул проблема кыргыз окумуштуулары тарабынан аз изилденгендиктен орус

окумуштуу методисттеринин иликтөөлөрүнө таянып, көркөм окуудагы интонация жана анын компоненттерин уюштуруунун жолдорун карадык. Интонациялык каражаттар окуунун максат-милдеттерине ылайык болуп, ал кубулуш көркөм окууда негизги ролду ойнойт. Анын компоненттери – логикалык басым, логикалык жана психологиялык тыным, үндүн басыңкы жана көтөрүңкү чыгышы, ыргак, тембр, эмоциялык боёктор. Мына ушул компонеттерди ишке ашыруудага эффективдүү көнүгүүлөрдү аныктадык.

Диссертациянын бул бөлүмүндө текстти же чыгарманы окууда басым жана тынымдарды колдонуп окуу үчүн машыгуучу көнүгүүлөр, эмоциялык боёкторду, ыргак жана темпти колдонуп окуу үчүн көнүгүүлөр иштелип чыкты жана алар мугалимдерге сунушталды.

*«Башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруунун каражаттары жана анын компоненттери»* деген экинчи бөлүмдө Н.М.Соловьева менен Р.Р.Майман классификациялангандай көркөм окууну үчкө бөлүп карадык (мугалимдин көркөм окуусу; окуучунун көркөм окуусу; мастердин көркөм окуусу). Бул бөлүнүштөрдүн ар биринин өзгөчөлүктөрүнө анализ берилип, Ч.Айтматовдун «Саманчы жолу» повестиндеги Толгонайдын монологун, А.Осмоновдун «Музыка», «Бөбөккө» аттуу ырларын окуудагы чыгармалардын идея-темасы менен интонация жана паузаларды байланыштыруу технологияларын анализге алдык. Көркөм окуудагы негизги каражат болгон интонация бир нече компоненттерди, атап айтканда, логикалык психологиялык басымды, үндүк кубулуштарды (каармандык үн, тон), тынымды (пауза), ыргак жана темпти, каармандын ички туюмдарынын чагылдырылышын өзүнө камтыйт.

IV класста «Боз үй» деген тексттин негизинде көркөм окуунун башкы шарты болгон дем алуу жана анык ыкмалары чагылдырылды.

Ушул бөлүмдө биздин ишибиздин түйүндүү жери болгон көркөм окууну туура уюштуруунун жана өткөрүүнүн он бир педагогикалык шарттары көрсөтүлөт. Алар: 1) көркөм окууну эне тили менен байлыныштыруу; 2) көркөм

окуу жумуштарын үзгүлтүксүз, ар бир сабакта тилдик көнүгүүлөрдү аткаруу жана «беш минуталык көркөм окуу» иш-чараларын менен башыктап жүрүү; 3) көркөм окууга сунушталган материалдардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык келүүсү; 4) көркөм окууга сунушталган текст сабакка даярдануу учурунда мугалим тарабынан дыкат анализдениши; 5) мугалимдин көркөм окуу ишмердүүлүгү узакка созулган жана көптөгөн көнүгүүлөрдү талап кылган чыгармачылык процесс экендигин түшүнүүсү; 6) көркөм окууга сунушталган текст сөзсүз окуучуну өзүнө тартып, аны кызыктырышы зарыл экендиги; 7) бирөөлөрдүн көркөм окуусун балдарга үлгү (образец) көрсөтүү ыкмасын колдонуу; 8) көркөм окууга үйрөнүүдө техникалык каражаттарды пайдалануу; 9) көркөм окуу ошол окулган чыгарманын тили менен биримдикте үйрөнүлүшү; 10) көркөм окуу текстти шар, таза, көрктүү, туура окуу менен эле чектелбеши, анда автордун стили, чыгарманын темасы, идеясы, каармандардын образы кошо ачылышы; 11) көркөм окуган окуучулардын ар бир окуусун талкууга алуу, жетишпей жаткан жактарын сындоо, кемчилдиктерин жана ийгиликтерин көрсөтүп туруу.

*«Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класс окуучуларынын көркөм окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу»* аттуу үчүнчү бөлүмдө А.В.Хуторской эмгектерине таянып көркөм окуу аркылуу адабий билим берүүдө ишке ашырылуучу компетенциялар (баалуулук-маанилүүлүк; жалпы маданий; окуу таанып-билүүчүлүк; маалыматтык; коммуникативдик; социалдык-эмгектик) тууралуу айтылды. Көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандырууда окуу көндүмү, окурмандык чагармачыл компетенттүүлүк, предметтик жана жалпы предметтик компетенттүүлүктөр бири-бирин толуктап, эриш-аркак кеткенде гана бир бүтүндүкко ээ болуп окутуу жакшырары жана бул процесстин жүрүшү чагылдырылды.

*«Табышмактарды жана жаңылмачтарды окутуу аркылуу башталгыч класс окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун ыкмалары»* аттуу бөлүмдө табышмактарды көркөм окуунун өзгөчөлүктөрү, *«Башталгыч*

*класстарда элдик оозеки чыгармалардын негизинде жазылган уламыштарды окутууда көркөм окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун технологиялары»* деген бөлүмдө уламыштарды, аларга мисал катары Ш.Эсенгуловдун «Камбар-хан» деген уламышын тыным менен окуу стратегиясын пайдалануу аркылуу көркөм окуу технологиялары иштелип чыккан. Бул бап мугалимдерге практикалык жардам берүүгө багытталган.

# ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү проблемасын изилдөө кыргыз педагогика илиминин окутуунун теориясы жана практикасы бөлүмүндө актуалдуу маселелердин бири болуп, анын башкы максаты окуучуларды текстти көркөм, так, шар жана түшүнүктүү окууга, ошол окугандарын талдоого, анын мазмунун, негизги идеялары башкаларга айтып берүүгө үйрөтүү жана ошолор аркылуу аларды руханий-адептүүлүккө тарбиялоого, таанып-билүүсүн жогорулатууга салым кошууга багытталат. Ошондой эле бул ишмердүүлүк аркылуу балдардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрү жана эстетикалык табити, эмоционалдык кабыл алуусу өнүктүрүлөт. Биздин изилдөө адабий окуу сабагында мына ушундай иштерде мугалимдерге көмөктөшүүчү методикалык эмгек болуп саналат.

Диссертацияда алдын ала коюлган божомолду жана жалпы максат-милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй *жыйынтыктарды* чыгардык:

**Биринчи милдет** темага байланыштуу теориялык-методологиялык адабияттарды талдоо, башталгыч класстарда окуучулардын көркөм окуу ишмердүүлүгүнүн максат-милдеттерин, проблеманы изилдөөнүн тарыхын, азыркы абалын, «көркөм окуу» түшүнүгүнүн табиятын, функцияларын аныктоо болгондуктан аларды изилдөө окутуунун бул формасы азыркы күндө кыргыз мектептеринин башталгыч класстары үчүн өтө зарыл ишмердүүлүк экендиги тастыкталды. Адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык көркөм окуу ишмердүүлүгү бирдиктүү жана ырааттуу адабий билим берүү концепциясын ишке ашырууда, көркөм чыгарманы окуп түшүнүүдө, окуучулардын кеп маданиятын жогорулатууда пландуу, системалуу жана үзгүлтүксүз иш жүргүзүү зарыл экендигин көрсөттүү.

**Экинчи милдет** тема боюнча философиялык, лингвистикалык, адабияттаануучулук, культурологиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектерди методологиялык таяныч катары үйрөнүү, окуу программаларын,

окуу китептерин талдоо болгон, бул багытта биз колдонгон методологиялык база ишти сапаттуу жазууда таяныч болгондугун белгилейбиз. Адабий тексттерди башталгыч класстарда көркөм окуу боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин тарыхы, азыркы абалы үйрөнүлдү, анда окуу программаларында, айрым окуу китептеринде көркөм окуу ишмердүүлүгүнө формалдуу мамиле кылынгандыгы аныкталды, азыркы мектепте бул ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн жалпы абалы талданып, өркүндөтүүнүн багыттары белгиленди.

Теориялык-методологиялык изилдөөлөрдүн концепциясына ылайык «Адабий окуу» предметинде окуучулардын көркөм окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүп окутуунун жалпы талаптарын, педагогикалык шарттарын, дидактикалык принциптерин, методдорун аныктоо жана аларды мектеп мугалимдерине сунуштоо диссертациябыздын **үчүнчү милдети** болгон. Адабий тексттерди көркөм окуу башталгыч класстарда окуучулардын окурмандык кызыгууларын жогорулатып, алардын руханий-атуулдук баалуулуктарын активдештирүүгө шарт түзөт, бул максатка жетүү үчүн мугалим окуучуларга кызыктуу жана таасирдүү методикалык ыкмаларды жана жолдорду таап, сабактарында заманбап технологияларды колдонуп, окутуунун жалпы дидактикалык жана илимий принциптерине таянып жүргүзүп, окуучуларга көркөм окуунун теориялык жана практикалык компетенттүүлүктөрүн калыптоого өзгөчө басым жасашы керек.

**Төртүнчү милдетке** ылайык иштелип чыккан методикалык сунуштардын майнаптуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү болуп көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү ыкмаларыбыз азыркы мектеп практикасы үчүн жарамдуу экендигин көрсөттү жана бул теориялык ойлор алдын ала коюлган божомолдун туура болгондугун тастыктады.

**Практикалык сунуштар**

1. Көркөм окуу боюнча мугалимдердин жана коомчулуктун түшүнүктөрүн жана мамилелерин акырындап оң жагына өзгөртүүнү сунуш кылабыз. «Адабий окуунун» ар бир сабагында көркөм окуу коштолуусу керек,

ар бир окуучу бул же тигил даражада көркөм окуучу (чтец) болушуна жетишүүбүз зарыл.

2. Көркөм окуу – бул бир гана адабий окуу боюнча мугалимдин милдети эмес, ага башка бардык мугалимдер, жалпы коомчулук тартылууга тийиш.

3. Көркөм окуу боюнча мугалимдер жана окуучулар үчүн зарыл болгон хрестоматияларды, тексттер жыйнактарын түзүү жана чыгаруу; көркөм окуу боюнча методикалык колдонмолорду, алдыңкы тажрыйбалары чагылдырылган китептерди чыгаруу проблеманын практикалык багыттарына көңүл буруу катары эсептелер эле.

4. Көркөм окуу боюнча стабилдүү жана пландуу түрдө класстык, класстар аралык, мектептик, райондук (шаардык), областтык, республикалык конкурстарды өткөрүп туруу керек ж.б.

Биздин диссертация башталгыч класстарда көркөм окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча эң алгачкы эмгек, бул тема ар түрдүү багыттарда дагы тереңдетилет деп ойлойбуз.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. «Адабий окуу» предметинин концепциясы [Текст] / Түз.: Сакиева С.С., Ураимов К.М., Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.Т. // ЖАМУ Жарчысы/ 2012, № 1(26) 1-бөлүм. – 211-б.
2. Абдукаимов У. Адабият хрестоматиясы: Башалгыч мектептер үчүн, I бөлүк. 3-окуу жылына арналган [Текст] / У.Абдукаримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 71 б.
3. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Принт-Экспресс, 2016. – 180 б.
4. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 3-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. – 184 б. https://www.kitep.edu.gov.kg/ru/view/416
5. Абдухамидова Б.А. 3-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. – Б.: 2012. – 4-б. 136 б.
6. Абдухамидова, Б.А. «Адабий окуу» курсунда окуучулардын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн илимий-методикалык негиздери [Текст] / пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. Б.А.Абдухамидова. 13.00.02 / – Б.: 2024. – 42 б.
7. Абдухамидова, Б.А. 2-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. – Б.: Учкун. 2013. – 100 б.
8. Абдухамидова, Б.А. Аң-сезимдүү жана шар окуу – окуучунун теманын мазмунун натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн ачкычы [Текст] / Б.А.Абдухамидова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2020 - №1 (50). – 148-150-бб.

9. Абдухамидова, Б.А. Башталгыч класстардын окуучуларынын адабий окуу сабагында окуу ылдамдыгын байкоо [Текст] / Б.А.Абдухамидова // ОГПИнин Кабарлары. – 2011. - №4. – 78-82-бб.
10. Абдухамидова, Б.А. Көркөм чыгармаларды окутуп-үйрөтүү аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүнүн жолдору [Текст] / Б.А.Абдухамидова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - №5. – 179-182-бб.
11. Абдухамидова, Б.А. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу дидактикалык талаптар [Текст] / Б.А.Абдухамидова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2015. - №7. – 157-59-бб.
12. Абдыкеримов М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, 2-бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдукаимов. – Ф.: 1938. – 104 б.
13. Абдыкеримов М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, II бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдыкеримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 102 б.
14. Акматова Ч.А. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Ч.А.Акматова. – Б.: 2022. – 19 б.
15. Акылбеков К. Адабият методикасынан [Текст] К.Акылбеков // Окутуучуларга жардам. – 1941. - №2. – 19-22-бб.
16. Акылбеков К. Адабият сабагын окутуу методикасы [Текст] К.Акылбеков // Окутуучуларга жардам. – 1940. - №5. – 27-29-бб.
17. Аничкин С.А. Эстетическое воспитание детей младшего школьного возраста на уроках чтения и во внеклассной работе /на материале русской детской литературы 2-й половины XIX века [Текст] : Автореф. дис. канд. пед. наук. С.А.Аничкин. 13.00.02. – Москва, 1960. – 19 с.
18. Асмус В.Р. Чтение как труд: Вопросы теории и истории эстетики [Текст] /В.Асмус. – М.:1968. – 311 с.

19.Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт [Текст] / http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/03/ /Кыргыз-тил-жана-окуу_1-4_кырг.pdf

20.Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт [Текст] / А.Токтомаметов, Б.Абдухамидова, Н.Баимбетова. – Бишкек. – 2017. – 37 б. http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/03/1-4 кырг. pdf

21.Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар [Текст] / Түз.: Токтомаметов А.Д. ж.б. ЮСАИД, «Бирге окуйбуз» долбоору. – Б.: 2014. – 12-13-бб.

22.Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнө коюлган базалык талаптар [Текст] / А.Токтомаметов, Б.Абдухамидова, Н.Баимбетова. – Бишкек. – 2018.

23.Башталгыч класстардын программалары: кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, мекен таануу (1-4-кл.) [Текст]. – Б.: 2016. – 56 б. http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/09- Начальный-класс -2018.pdf

24.Башталгыч класстардын программасы. Класстан тышкаркы окуу [Текст] / С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, К.Ибраимова. – Бишкек. – 2018. – 18-25-бб. http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/09/Начальный-класс-2018.pdf

25.Берхин Н.Б. Эмоциональное развитие школьников на уроках литературы [Текст]: Автореф. дис. д-ра пед. наук. Н.Б.Берхин. 13.00.02. – Москва, 1993. – 40 с.

26.Божович, Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте [Текст]/ Л.И.Божович. – М.: Просвещение, 1968. – 464 с.

27.Божович, Л.И. Отношение школьников к учению как психологическая проблема [Текст] / Л.И.Божович. – М.: 1951.

28.Бондаренко Г.И. Развитие умений смыслового чтения в начальной школе [Текст] / Г.И.Бондаренко // Начальная школа плюс: до и после. – 2018. –

№1. – С. 1-3. http://school2100.com/upload/iblock/cff/cff31f46b37bd8fe6d02f4473e2ebc54.pdf

29. Бородина В.А. Читательская деятельность: теоретический аспект[Текст] / В. А. Бородина // Психология чтения и проблемы типологии читателей: [сб. научн. трудов ЛГИК имени Н.К. Крупской]. – М.: 1984. – С. 6–28.
30. Волкова, Т.В. Динамика психологической структуры смыслового чтения как деятельности у учащихся начальной школы [Текст] / Т.В.Волкова // Ярославский педагогический вестник. – 2013. – №2. – СС. 200-204.
31. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте [Текст]/ Л.С.Выготский. – М.: Педагогика, 1967. – 156 с.
32. Джежелей О.В. Развитие речи и обучение чтению [Текст] /О.В.Джжелей. – М.: Валент, 1994. – 71 с.
33. Джежелей О.В. Готовимся к урокам внеклассного чтения [Текст] /О.В.Джжелей. – М.: Аркти:Ларгос, 1997. – 111 с.
34. Дуйшеев Ж. Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском литературном языке [Текст]: Автореф. дис. … канд. филол. наук. – Ж.Дуйшеев.10.02. 20. – Фрунзе, 1980 – 25 с.
35. Дүйшеев Ж. Мектепте көркөм окуунун методикасы [Текст] /Ж.Дүйшеев. – Б.: 2005. – 223 б.
36. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистикасы. 1-бөлүм. [Текст]/ /Ж.Дүйшеев – Б.: 2005. – 199 б.
37. Дүйшеев Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистикасы. 2-бөлүм. [Текст] /Ж.Дүйшеев. – Б.: 2005. – 191 б.
38. Жаңыбаев М. Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө [Текст] /М.Жаңыбаев // Окутуучуларга жардам. – 1939. - №5. – 39-45-бб.

39.Жолдошева А. Методика развития речи учашихся 1-класса [Текст]: автореф. канд. дис...канд. пед.наук: 13.00.02 / А.Жолдошова. – Бишкек, 1999. – 21 б.
40.Заика Е.В. Упражнения для формирования навыка чтения у младших школьников [Текст] / Е.В.Заика // Вопросы психологии. – 1995. – №5 – с. 44-54.
41.Ионова В.И. Внеклассное чтение как одно из средств руководства самовоспитанием младших школьников [Текст] /: Автореф. дис. канд. пед. наук. 13.00.02. В.И.Ионова. – Фрунзе, 1975. – 24 с.
42.Калдыбаев С.К. Педагогикалык баалоонун негиздери. Педагогикалык билим берүү багытындагы бакалаврларды даярдоо боюнча окуу куралы [Текст] / С.К.Калдыбаев, А.М.Мамытов, С.И.Иптаров. – Б.: KIRLand. – 2014. – 180 б.
43.Кан-Калик В.А. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе [Текст] / Кан-Калик В.А., Хазан В.И. – М.: Просвещение, 1988. – 255 с.
44.Кондучалова С. Балдардын өз бетинче окуусу [Текст] / С. Кондучалова // Эл агартуу. – 1998. – №8. – 16-19-бб.
45.Кубасова О.В. Выразительное чтение: Пособие для студ. сред. пед. учеб, заведений [Текст] / О.В.Кубасова. – М.: Издательский центр «Академия», 1997. – 144 с.
46.Култаева Ү.Б Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методика [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: 2006. – 92 б.
47.Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [Текст] / Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б.: 2006.
48.Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы редакт Ү.Асанов, жооптуу редактор И.Бекбоев. – Б.: Мамлекеттик тил жа энциклопедия борбору, 2004. – 174 б.

49.Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст]// Кутбилим, 2010, 20-авг.
50.Маерова К.В. Выразительное чтение [Текст]/К.В.Маерова. – М.: РУДН, 2013. – 145 с.
51.Макешов Н. Башталгыч мектептердин окуучуларын окууга жана сөз өстүрүүгө жатыктыруу маселелери [Текст] / Н.Макешов // Мугалимдерге жардам. – 1947. – №10
52.Мамбетакунов Э. Окуучулардын билим алуу технологиялары жа компетенттүүлүктөр [Текст] / Э.Мамбетакунов. // Эл агартуу. – 2015. – № 9-10 26-32-бб.
53.Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана ор окуужайларынын студенттери менен мектеп мугалимдериүчүн окуу куралы. бас. [Текст] / Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.
54.Мамбеталиев А. Жаңы доордун жаралышы сабакта [Текст] /А.Мамбеталиев //Эл агартуу. – 1973. – №2
55.Мамырова А.Ю. Адабий көркөм текст менен иштөө процессинде башталгыч класс окуучуларынын чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / А.Ю.Мамырова. – Б.: 2024. – 19 б.
56.Маразыкова З. Төртүнчү класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү [Текст] /З.Маразыкова. – Ф.: Мектеп, 1988.
57.Маразыкова З. Үчүнчү класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү [Текст] /З.Маразыкова. – Ф.: Мектеп, 1987
58.Маразыкова З. Экинчи класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү [Текст] /З.Маразыкова. – Ф.: Мектеп, 1986
59.Маткеримов А. Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө [Текст] / А.Маткеримов // Эл агартуу. – 1974. – №8

60.Миңбаева К. Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / К.Миңбаева. – Б.: 2016. – 19 б.

61.Молдогазиев Т. Элдик оозеки чыгармаларды 5-6-класста окутуу [Текст] Т.Молдогазиев. – Ф.: 1988. – 135 б.

62.Мукамбаев Ж. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөтүү жолдору [Текст] / Ж.Мукамбаев. – Фрунзе, 1966. – 72 б.

63.Муратов А. Кыргыз адабияты. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерд 7-классы үчүн окуу китеби [Текст] /А.Муратов. – Б.: 2006. – 148 б.

64.Муратов А. Кыргыз адабияты: маалыматтама. Мектеп окуучулары жана студенттер үчүн колдонмо. 2-бас. [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: 2016. – 384 б.

65.Найденов Б., Коренюк Л. Методика выразительного чтения [Текст] / Найденов Б., Коренюк Л. – М.: Просвещение, 2017. – 176 с.

66.Наматов С. Балдар алиппесинин метод каты [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1933

67.Наматов С. Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтүүсү [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1935

68.Наматов С. Кичинекей колхозчу [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1934

69.Наматов С. Биздин алиппе [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1933

70.Наматов С. Тилибиздин методикасынан [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1932

71.Никифорова О.И. Психология восприятия художественной литературы. [Текст] / О.Никифорова. – М.: Книга, 1972. – 140 с.

72.Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Адабий окуу, 1-4-кл.” [Текст] / Түз.: Рысбаев С.К. ж.б. ЮСАИД, «Сапаттуу билим» долбоору. – Б.: – 2000.

73. Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт [Текст] http://www.kao.kg/images/stories/doc/195_059.pdf

74. Оморокова М.И. Совершенствование чтения младших школьников [Текст] / М.И.Оморокова. – М.: Аркти, 1999. – 210 с.

75. Оморокова М.И. Учимся читать выразительно [Текст] / М.И.Оморокова. – М.: Академия, 2011. – 312 с.

76. Осмонов А. XIX кылымдын адабият хрестоматиясы: толук эмес орто мектептер үчүн, 1-бөлүк [Текст] / А.Осмонов, М.Кырбашев. – Фрунзе-Казан. – 1939. – 235 б.

77. Работа по формированию навыка чтения в современной начальной школе [Текст] / Сос. Калашникова С.Г. – Омск. ОмГУ, 2004 – 22 с.

78. Рубинштейн М. М. Воспитание читательских интересов у школьников [Текст] / М.М.Рубинштейн. – М.: 1950.

79. Рысбаев С. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 4-классы үчүн окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова. – Б.: 2015. – 168 б.: http://bizdin.kg/static/media/pdf/Adabii-okuu-4-klass.pdf

80. Рысбаев С.К. Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2017. – 104 б.

81. Рысбаев С.К. Баланы китеп окууга үйрөтүү технологиялары [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2017. – 104 б.

82. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

83. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 2-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 2014. – 344 б.

84. Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 1998.

85.Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 1998. – 64 б.

86.Рысбекова Б. Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу [Текст] / Б.Рысбекова, К.Сартбаев. – Фрунзе,1986.

87.Рысбекова Б. Окуу сабагында техникалык каражаттарды пайдалануу [Текст] / Б.Рысбекова //Эл агартуу. – 1979. – №3

88.Сакиева С. С. Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары [Текст] / С.С.Сакиева, М.Мамбетова //Вестник ЖаГУ, 2005. – №1.– 11-17-бб.

89.Сакиева С.С. Адабий окуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн булактары [Текст] / С.С.Сакиева, С.Осмоналиева //Вестник ЖаГУ, 2004. – 45-52-бб.

90.Сакиева С.С. Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп ишмердүүлүгү [Текст] / С.С.Сакиева. – ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2004. – 205-209-бб.

91.Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы: теориясы жана практикасы [Текст] / С.С.Сакиева. – Б.:2017. – 48-б.

92.Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. 13.00.01.; 13.00.02 . – Б.: 2013. – 178 б.

93.Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери [Текст]: монография / С.С.Сакиева. – Бишкек, 2007. – 200 б.

94.Сартбаев К. Адабият сабагын окутууну жогорку деңгээлде өткөрөлү [Текст] / К.Сартбаев // Мугалимдер газетасы. – 1957. – 14-ноябрь.

95.Сартбаев К. Биринчи класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү [Текст] / К.Сартбаев. – Ф.: Мектеп, 1984

96.Сартбаев К. Класстан тышкаркы окууну кандай өткөрүүгө болот? [Текст] / К.Сартбаев // Мугалимдер газетасы. – 1965. – 18-сентябрь.

97.Саттарова А.Т. Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02 / А.Т.Саттарова. – Б.: 2019. – 42 б.

98.Светловская Н.Н. Теоретические основы читательской самостоятельности и их реализация в системе начального обучения [Текст]: Автореф. дис. д-ра пед. наук. 13.00.02. – Москва, 1977. – 38 с.

99.Соловьева Н.М., Майман Р.Р. Выразительное чтение на уроках литературы [Текст]: Соловьева Н.М., Майман Р.Р. СПб.: Питер, 2020. – 271 с.

100. Сороцкая О.Н. Формирование нравственных представлений у младших школьников на уроках чтения [Текст]: Автореф. дис. канд. пед. наук. 13.00.02. О.Н.Сороцкая. – Москва, 1973. – 24 с.

101. Станиславский К.С. Работа актера над собой. Ч. II: Работа над собой в процессе воплощения: Дневник ученика [Текст] / Станиславский К.С. – М.; Л.: 1948. – С. 220

102. Танаев Т. Эл өнөрү – элге [Текст] Баш сөз / Жаңылмачтар. Түзгөн Т.Танаев. – Ош, 1999. – 4-16-бб.

103. Теоретические и методические аспекты выразительного чтения художественных произведений в начальной школе [Текст] /Сост.: Т.В.Салашник, Т.Г.Фирсова. – Саратов, 2011. – С. 68 http://elibrary.sgu.ru/uch_lit/117.pdf

104. Токтомаметов А. Кыргыз башталгыч класстарында адабий окуунун дидактикалык негиздери [Текст]: канд.дисс.авторефераты: 13.00.01 /А.Токтомаметов. – Бишкек, 1995. – 25 б.

105. Токтомаметов А. Адабий окуу. 4-класстар үчүн окуу китеби [Текст] / А.Токтомаметов. – Б.: 2014. – 232 б.

106. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 2-класс үчүн окуу китеби, ондолуп 2-бас. / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 216 б.

107. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 3-класс үчүн окуу китеби, ондолуп 2-бас / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 298 б. (http://bizdin.kg/static/media/pdf/Adabii-okuu-3-klass.pdf

108. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 4-класс үчүн окуу китеби / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 326 б. http://bizdin.kg / /книга/Адабий-окуу-4-класс-2014-ж.

109. Токтомаметов, А.Д. Адабий окууну 2-класста өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.Д.Токтомаметов. – Б.: 1996. – 24 б.

110. Турусбеков С. Башталгыч класста кыргыз тилини окутуунун методикасы [Текст] / Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. – Ф.: 1965.

111. Турусбеков С. Башталгыч класстарда түшүндүрүп окутуу жумуштары [Текст] / С.Турусбеков. – Ф.: – 1958. – 25 б.

112. Тыныстанов К. Биздин тил [Текст] / К.Тыныстанов. – Ф.: 1927

113. Тыныстанов К. Жаңы айыл [Текст] / К.Тыныстанов. – Ф.: 1929

114. Тыныстанов К. Окуу китеби [Текст] / К.Тыныстанов. – Ташкент, 1924

115. Тыныстанов К. Окуу-жазуу бил [Текст] / К.Тыныстанов. – М.: 1924

116. Тыныстанов К. Эне тилибиз. 2-бөлүк [Текст] / К.Тыныстанов.– М.: 1931

117. Хуторской А.В. Технология проектирования ключевых и предметных компетенций [Текст] / А.В.Хуторской // Интернет-журнал «Эйдос». – 2005. – 12 декабря. http://eidos.ru/journal/2005/1212.htm

118. Шербаева Ж.Р. Башталгыч класстардын адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы [Текст]: пед. илим. канд. деген

окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Ж.Р.Шербаева. – Б.: 2022. – 20 б.

119. Эльконин Д.В. Детская психология [Текст] / Д.В.Эльконин. – М.: Учпедгиз, 1960. – 328 с.

120. Эльконин, Д.Б. Психология обучения младшего школьника [Текст]/ Д.Б.Эльконин. – М.: «Знания», 1974. – 63с.

121. Эльконин, Д.Б. Развитие устной и письменной речи учащихся [Текст] / Д.Б.Эльконин / под ред. В.В.Давыдова, Т.А.Нежновой. – М.: Психология, 1998. – 112 с.